КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 4/2023

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрага: Сейткасымова Р. Р.
Коллегия мүчөлөрү: Мулкубатова Н. Р.
Жаныбекова Ч. А.
Солтобаева Р. Т.
Жоробекова А. Т.
Жооптуу катчы: Маманова А. А.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 61 10 38 телефону
факс: (996 312) 61 10 59 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 61 08 59 телефону
факс: (996 312) 61 09 92 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат.**
**Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу –** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, К.Тыныстанов атындагы көчө, 197/1.
2024-жылдын 15-апрелинде басууга кол коюлган.
2024-жылдын 19-апрелинде басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2023-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

**Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики**

**Редакционная коллегия:**

| | |
|---|---|
| Председатель: | Сейткасымова Р. Р. |
| Члены коллегии: | Мулкубатова Н. Р. |
| | Жаныбекова Ч. А. |
| | Солтобаева Р. Т. |
| | Жоробекова А. Т. |
| Ответственный секретарь: | Маманова А. А. |


**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридическое управление:
телефон: (996 312) 61 10 38
факс: (996 312) 61 10 59
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, пр. Чуй, 168, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 61 08 59
факс: (996 312) 61 09 92
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики.**
**Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima».
г. Бишкек, ул.Тыныстанова, 197/1
Подписано в печать 15 апреля 2024 года.
Отпечатано 19 апреля 2024 года.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2023 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – февраль, июнь, август, ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в феврале, июне, августе, ноябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешнеэкономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках.

## МАЗМУНУ:


1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 26-июлундагы № 2023-П-14/45-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомунун айрым ченемдерин убактылуу токтотуу жөнүндө» токтому (2023-жылдын 31-июлунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 12
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 31-июлундагы № 2023-П-07/47-1-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 1-августунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 14
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 23-августундагы № 2023-П-14/53-5-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 24-августунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 15
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 28-августундагы № 2023-П-07/54-2-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 29-августунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 24
5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 28-августундагы № 2023-П-12/54-3-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 5-сентябрындагы № 2022-П-33/55-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы № 2022-П-33/45-2-(НПА) «Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө» токтомунун аракетин убактылуу токтотуу тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 29-августунда Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 25
6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 30-августундагы № 2023-П-12/55-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына кредиттик маалымат алмашуу жана кыймылсыз мүлк маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 6-сентябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........ 27

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 13-сентябрындагы № 2023-П-07/58-1-(ДКП) « Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 13-мартындагы № 2019-П-07/10-2-(ДКП) «Банктар үчүн милдеттүү камдык талаптардын ченемдери тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2023-жылдын 14-сентябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) .................................................... 41
8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 13-сентябрындагы № 2023-П-12/58-3-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКтын ишин жөнгө салуу боюнча убактылуу чечимдери жөнүндө» токтому (2023-жылдын 15-сентябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ......................................... 43
9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 22-сентябрындагы № 2023-П-12/60-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 25-сентябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ........................... 48
10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 11-октябрындагы № 2023-П-14/64-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 16-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)................................................................... 50
11. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 18-октябрындагы № 2023-П-09/65-2-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 19-августундагы №45/1 «Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2023-жылдын 18-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................................... 67
12. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 25-октябрындагы № 2023-П-12/67-3-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө» токтому (2023-жылдын 27-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)................................................................... 70

13. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 30-октябрындагы № 2023-П-07/68-1-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 31-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) .................................. 74

14. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 1-ноябрындагы № 2023-П-14/69-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2023-жылдын 9-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган) ................... 75

## СОДЕРЖАНИЕ:

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О приостановлении некоторых норм постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Правил осуществления денежных переводов по системам денежных переводов в Кыргызской Республике» от 15 июля 2009 года № 30/6» от 26 июля 2023 года № 2023-П-14/45-4-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 31 июля 2023 года)................................ 245
2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 31 июля 2023 года № 2023-П-07/47-1-(ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 1 августа 2023 года).............................. 247
3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» от 23 августа 2023 года № 2023-П-14/53-5-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 24 августа 2023 года)........................................................................... 248
4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 28 августа 2023 года № 2023-П-07/54-2-(ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 29 августа 2023 года)............................ 258
5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О приостановлении действия постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики «О временных решениях в сфере проведения обменных операций с иностранной валютой» от 22 июля 2022 года №2022-П-33/45-2-(НПА)» от 5 сентября 2022 года № 2022-П-33/55-1-(НПА)» от 28 августа 2023 года № 2023-П-12/54-3-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 29 августа 2023 года) .. 259

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики по вопросам обмена кредитной информацией и недвижимого имущества» от 30 августа 2023 года № 2023-П-12/55-1-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 6 сентября 2023 года) ..................................................... 261
7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О нормативах обязательных резервных требований для банков» от 13 марта 2019 года №2019-П-07/10-2-(ДКП)» от 13 сентября 2023 года № 2023-П-07/58-1-(ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 14 сентября 2023 года)................ 274
8. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О временных решениях Национального банка Кыргызской Республики по регулированию деятельности ОАО «Государственный банк развития Кыргызской Республики» от 13 сентября 2023 года № 2023-П-12/58-3-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 15 сентября 2023 года) ........................................................................................ 276
9. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 22 сентября 2023 года № 2023-П-12/60-1-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 сентября 2023 года) ........................................................................................ 281
10. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О лицензировании деятельности платежных организаций и операторов платежных систем» от 2 сентября 2019 года №2019-П-14/46-1-(ПС)» от 11 октября 2023 года № 2023-П-14/64-1-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 16 октября 2023 года)................. 283

11. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О предоставлении кредитов Национальным банком Кыргызской Республики международным организациям, создаваемым Кыргызской Республикой совместно с другими государствами» от 19 августа 2015 года №45/1» от 18 октября 2023 года № 2023-П-09/65-2-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 18 октября 2023 года).. 300
12. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и признании утратившими силу некоторых постановлений Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 25 октября 2023 года № 2023-П-12/67-3-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 27 октября 2023 года) ........................... 303
13. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 30 октября 2023 года № 2023-П-07/68-1-(ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 31 октября 2023 года) ........................... 307
14. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного классификатора платежного оборота» от 30 ноября 2007 года № 51/4» от 1 ноября 2023 года № 2023-П-14/69-1-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 9 ноября 2023 года)............................... 308

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 26-июлундагы**
**№ 2023-П-14/45-4-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомунун айрым ченемдерин убактылуу токтотуу жөнүндө

Кыргыз Республикасында акча которуу системалары аркылуу чет өлкө валютасы менен алып-сатарлык операциялардын жүргүзүлүшүн алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин 1.2-пунктунун үчүнчү жана төртүнчү абзацтарын колдонуу убактылуу токтотулсун.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин 1.2-пунктунун үчүнчү жана төртүнчү абзацтарын

колдонуу убактылуу токтотулган мезгил аралыгына төмөнкүлөр белгиленсин:

− Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуу системасы аркылуу акча которуу алуучуга жөнөтүүчү жөнөткөн жана Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сомдон айырмаланган валютада берилет;

− Кыргыз Республикасынын аймагынан эл аралык акча которуу системасы аркылуу акча которууну кайтарып алуу/жокко чыгаруу акча которуу жөнөтүлгөн валютада жүзөгө ашырылат.

3. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин колдонулат.

4. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Төлөм системалары башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийин 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды жана акча которуу системаларынын операторлорун тааныштырсын.

6. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Банктык көзөмөл башкармалыгын, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 31-июлундагы**
**№ 2023-П-07/47-1-(ДКП)**

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 13, 63 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 13,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2023-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирет.

3. Экономика башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматтын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында токтом кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде жарыяланышын камсыз кылсын.

4. Токтомдун аткарылышын контролдоо Экономика башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 23-августундагы**
**№ 2023-П-14/53-5-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет):

− 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-2-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

− 2022-жылдын 14-сентябрындагы № 2022-П-14/57-1-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу.

2. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Төлөм системалары башкармалыгы расмий жарыялангандан күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, төлөм системаларынын операторлорун жана төлөм уюмдарын тааныштырсын.

5. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2023-жылдын 23-августундагы**
**№ 2023-П-14/53-5-(ПС)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобонун:

− 54-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«54. Соода-тейлөө ишканасы менен келишим түзүүдө банк бир операция суммасынын лимитин белгилөөгө тийиш, андан ашкан учурда соода-тейлөө ишканасы карта ээсин тастыктаган документти (Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, паспортунун түп нускасы/инсандыгын тастыктаган башка документтин түп нускасын кагаз жүзүндө же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматта) талап кылуусу зарыл. Инсандыгын тастыктаган документтеги маалыматтар милдеттүү түрдө чекте чагылдырылат.

Соода-тейлөө ишканасы менен келишимге банк карта ээлери тарабынан ишке ашырылган шектүү аракеттердин белгилери жана/же тизмелери менен картаны сүрөттөгөн жана төлөм системасынан тиешелүү билдирүүлөрдү алган учурда соода-тейлөө ишканалары кабыл ала турган зарыл чаралар камтылган нускоону (эрежелерди) киргизүүгө тийиш. Мында банк керектөөчүлөрдүн укугун коргоо маселелерин жөнгө салган мыйзамдарга, ошондой эле башка ченемдик укуктук актыларга жана төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн коопсуздугун камсыз кылууга байланыштуу төлөм системаларынын операторлорунун сунуш-көрсөтмөлөрүнө таянуусу зарыл.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобонун:

− 19-пунктунун 13-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«13) Кыргыз Республикасынын резиденти/резидент эмеси жеке адамдын - өтүнүч ээсинин уюштуруучусунун (акционердин/катышуучунун) төмөнкү документтеринин көчүрмөлөрү:

− паспортунун көчүрмөсү (резидент үчүн ID-паспортунун кагаз жүзүндө көчүрмөсүн же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы паспортун, резидент эмес үчүн - чет мамлекеттин жараны паспортунун көчүрмөсүн);

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада документтерди сунуштоо күнүнө карата кирешелер, социалдык чегерүүлөр жөнүндө декларациянын көчүрмөсү; резидент эмес-жеке адам үчүн ал жараны болуп саналган өлкөнүн мыйзамдарына ылайык ушул сыяктуу документтерди, ошондой эле салык боюнча карызы жок экендигин тастыктаган документти сунуштоосу зарыл;

− тастыктоочу документтерди жана кредиттик карызы жок экендиги жөнүндө документтерди кошо тиркөө менен уставдык капитал түзүүгө багытталган уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар (топтогон каражаттары жөнүндө банктан маалым кат, иштеген жеринен - кирешелери жөнүндө маалым кат; дивиденддер жөнүндө маалым кат же киреше алуусун жана уставдык капиталды түзүүгө/көбөйтүүгө, акцияларды сатып алууга же үлүшкө катышууга багытталуучу каражаттар бар экендигин тастыктаган башка документтер);»;

− 19-1-пунктунун 19-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«19) резидент/резидент эмес жеке адамдын - уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) төмөнкү документтеринин көчүрмөлөрү:

− паспортунун көчүрмөсү (резидент үчүн ID-паспортунун кагаз жүзүндө көчүрмөсүн же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы паспортун, резидент эмес үчүн - чет мамлекеттин жараны паспортунун көчүрмөсүн);

− Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада документтерди сунуштоо күнүнө карата кирешелер, социалдык чегерүүлөр жөнүндө декларациянын көчүрмөсү; резидент эмес-жеке адам үчүн ал жараны болуп саналган өлкөнүн мыйзамдарына ылайык ушул сыяктуу документтерди, ошондой эле салык боюнча карызы жок экендигин тастыктаган документти сунуштоосу зарыл;

− тастыктоочу документтерди жана кредиттик карызы жок экендиги жөнүндө документтерди кошо тиркөө менен уставдык капитал түзүүгө багытталган уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар (топтогон каражаттары жөнүндө банктан маалым кат, иштеген жеринен - кирешелери жөнүндө маалым кат; дивиденддер жөнүндө маалым кат же киреше алуусун жана уставдык капиталды түзүүгө/көбөйтүүгө, акцияларды сатып алууга же үлүшкө катышууга багытталуучу каражаттар бар экендигин тастыктаган башка документтер).

Эгерде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун акционерлеринин (уюштуруучуларынын)/катышуучуларынын бири катары иш алып барса, ушул пунктунун 2, 3, 4, 5, 6, 19-пунктчаларынын талаптары ага карата жайылтылбайт.»;

− 28-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«28. Лицензия ыйгарым укуктуу адамга ишеним катты жана анын инсандыгын тастыктаган документтин түп нускасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кагаз жүзүндө же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматта, ошондой эле лицензия берүүдө төлөнүүчү мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн тастыктаган документ көрсөтүлгөндөн кийин берилет. Ыйгарым укуктуу адамдан лицензия алуу үчүн сунушталган ишеним кат Улуттук банкта сакталат.»;

− 40-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«40. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору Улуттук банкка лицензия алуу үчүн ушул Жобонун 19 жана 19-1-пункттуларында көрсөтүлгөн документтер менен бирге башкарууну аткаруу органынын мүчөлөрүнүн, анын ичинде башкарууну аткаруу органынын жаңы кабыл алынган жана/же алмаштырылган мүчөлөрүнүн төмөнкү документтерин сунуштоого тийиш:

1) орто/жогорку билими тууралуу дипломдун көчүрмөсүн;

2) ушул Жобого ылайык талапкерди кызматка тандоо/дайындоо тууралуу чечим кабыл алган башкаруунун ыйгарым укуктуу органынын тиешелүү чечиминин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн (же мындай чечимден алынган көчүрмөнүн түп нускасын), ошондой эле кызматтык нускоого ылайык талапкердин функционалдык милдеттерин көрсөтүү менен эмгек келишиминин көчүрмөсүн;

3) башкарууну аткаруу органынын жетекчиси үчүн - террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү тууралуу курстан өткөндүгү жөнүндө тиешелүү документ (күбөлүк) (көчүрмөсүн). Улуттук банкка документтерди тапшыруу учуруна карата документ (күбөлүк) алынган мөөнөт аны алган күндөн тартп 2 (эки) жылдан ашпоого тийиш;

4) талапкер менен мурда иштеген же болбосо аны менен ишкердик мамилеси болгон адамдардан ушул Жобонун 5-тиркемесинин формасы боюнча кеминде бир сунуш-көрсөтмө. Мында, Улуттук банктын кызматчылары/кызматкерлери; жакын туугандар; алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага кирген ишкердикти жүзөгө ашырган катары таанылган адамдар сунуштаган сунуш-көрсөтмөлөрдү тапшырууга жол берилбейт;

5) эмгек китепчесинин көчүрмөсүн;

6) ID-паспортунун кагаз жүзүндө көчүрмөсүн же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы паспортун.».

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-2-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобонун:

− 2-тиркемесинин 26-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«26. Аралыктан алуу ыкмасында алынган агенттин мобилдик тиркемесин пайдалануучунун идентификациялык маалыматтарын верификациялоо максатында, төлөм уюму жана/же агент ушул параграфтын алкагында идентификациялоо процессинде кардардын жүзүнүн сүрөтүн (видеожазуусун), кардардын инсандыгын тастыктаган документинин алдыңкы жана арткы бетинин сүрөтүн, кардардын инсандыгын тастыктаган документи менен бирге бир кадрда сүрөтүн (видеожазуусун) агенттин мобилдик тиркемеси аркылуу өз ара иш алып баруунун электрондук каналдары боюнча алууга тийиш.

Кардардын сүрөтүндө (видеожазуусунда) анын жүзү жана ийиндери так көрүнүп тургудай, кардар жарык жакшы тийген жерде турууга тийиш. Кардардын жүзү толугу менен көрүнүп турууга тийиш, күндөн коргоочу көз айнек же жүзүн жапкан башка аксессуарларды тагынууга болбойт, ошондой эле кардардын бетине көлөкө түшпөөгө, сүрөттө башка адамдар болбоого тийиш.

Эгерде кардар Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы инсандыгын тастыктаган документти көрсөтсө, кардардын инсандыгын тастыктоочу документи менен бирге бир кадрдагы сүрөтү (видеожазуу) талап кылынбайт.».

− 2-тиркеменин 35-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«35. Видеобайланыш сеансынын жүрүшүндө кардардын жүзүнүн сүрөтүн өзүнчө кадрда, кардардын инсандыгын тастыктаган документтин алдыңкы жана арткы бети өзүнчө кадрда сүрөткө тартылып, ошондой эле кардардын инсандыгын тастыктаган документи менен бирге сүрөтү бир кадрда болууга тийиш. Бул сүрөттөр видеожазуу менен чогуу сакталууга тийиш.

Кардардын жана анын инсандыгын тастыктаган документтин сүрөттөрүн мурда макулдашылган ыкмада белгиленген байланыш каналдары боюнча агенттин мобилдик тиркемеси аркылуу алууга жол берилет.

Эгерде кардар Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы инсандыгын тастыктаган документти көрсөтсө, кардардын инсандыгын тастыктоочу документи менен бирге бир кадрдагы сүрөтү (видеожазуу) талап кылынбайт.».

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун:

- 83-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«83. Талап кылынбаган электрондук акча электрондук капчыктардын идентификацияланган ээлерине инсандыгын тастыктаган документтин түп нускасын кагаз жүзүндө же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматта көрсөткөн учурда банктын кассасы аркылуу накталай түрдө берүү же болбосо кардардын арызы боюнча анын эсептешүү/банктык эсебине которуу аркылуу кайтарылып берилет.

Идентификацияланбаган электрондук капчыктардан талап кылынбаган электрондук акчаны кайтаруу кардар инсандыгын тастыктаган документтин түп нускасын кагаз жүзүндө же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматта жана кардар менен уюлдук байланыш оператору ортосунда түзүлгөн уюлдук байланыш кызматын көрсөтүүгө келишимди көрсөткөн учурда, капчык ачылган номерге которуу аркылуу кайтарылып берилет. Мында уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүү келишими кардар электрондук капчыкты ачканга чейин түзүлүшү керек.

Уюлдук байланыш кызматын көрсөтүүгө келишим жок болсо, талап кылынбаган электрондук акча идентификацияланбаган электрондук капчык ээси электрондук акча системасынын операторунан алынган электрондук капчык ээсин тастыктаган расмий катты көрсөткөндөн кийин кайтарылып берилет. Банк ички ченемдик документтеринде,

ошондой эле системанын эрежелеринде талап кылынбаган электрондук акчаны кайтаруу тартибин чагылдырууга тийиш.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 14-сентябрындагы № 2022-П-14/57-1-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө» нускоонун:

− 50-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«50. Инспектордук текшерүү жөнүндө отчет, коштомо кат менен бирге текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу жолугушуу өткөрүлгөн күндөн тартып 15 (он беш) жумуш күнүнөн кечиктирилбестен, көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчисинин же башка ыйгарым укуктуу адамынын колуна берилет. Отчетту алууда көзөмөлгө алынган уюмдун өкүлү инсандыгын тастыктаган документтин түп нускасын кагаз жүзүндө же Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматта көрсөтөт, инспектордук текшерүү жөнүндө отчетту алууга ыйгарым укуктуу документтин түп нускасын же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берет (жетекчиден башка өкүлдөр үчүн) жана отчетту өз колу менен алгандыгы жөнүндө белги коюу менен отчетторду берүү журналына кол коёт.

Өзгөчө учурларда (көзөмөлгө алынган уюмдун жетекчиси/башка ыйгарым укуктуу адамдары Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары болгондугуна, медициналык көрсөткүчтөрү боюнча убактылуу эмгекке жарамсыздыгына байланыштуу жана башка себептер боюнча отчетту өз колуна тапшыруу мүмкүн эмес болгон учурда) инспектордук текшерүү жөнүндө отчет коштомо кат менен кошо көзөмөлгө алынган уюмдун айкын жайгашкан дарегине почта аркылуу жөнөтүлөт. Бул учурда отчетту алган адамдын аты-жөнүн жана жеткирүү күнүн камтыган кайра билдирүү менен почта жеткирилгендиги жөнүндө тастыктоо милдеттүү түрдө алынууга тийиш.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 28-августундагы**
**№ 2023-П-07/54-2-(ДКП)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 13, 63 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 13,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2023-жылдын 29-августунан тартып күчүнө кирет.

3. Экономика башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматтын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында токтом кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде жарыяланышын камсыз кылсын.

4. Токтомдун аткарылышын контролдоо Экономика башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 28-августундагы**
**№ 2023-П-12/54-3-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 5-сентябрындагы № 2022-П-33/55-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы № 2022-П-33/45-2-(НПА) «Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө» токтомунун аракетин убактылуу токтотуу тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 5-сентябрындагы № 2022-П-33/55-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 22-июлундагы № 2022-П-33/45-2-(НПА) «Чет өлкө валютасында алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө» токтомунун аракетин убактылуу токтотуу тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

− 1-пунктундагы «2023-жылдын 1-сентябрына чейин» деген сөздөр «2024-жылдын 1-февралына чейин» дегенге алмаштырылсын.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы 1 (бир) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды жана «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин тааныштырсын.

5. Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгы 1 (бир) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Альянс» алмашуу бюролору ассоциациясын жана алмашуу бюролорун тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Улуттук банктын көзөмөл блогун тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 30-августундагы**
**№ 2023-П-12/55-1-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына кредиттик маалымат алмашуу жана кыймылсыз мүлк маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин:

− 2009-жылдын 23-декабрындагы № 50/7 «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу»;

− 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

− 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө»;

− 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/14 «Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 40/5 «Кыргыз Республикасынын аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу»;

− 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 2019-П-33/47-3-(НФКУ) «Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу»;

− 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55-2-(НФКУ) «Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

− 2022-жылдын 18-майындагы № 2022-П-12/31-1-(БС) «Кыргыз Республикасында синдикатталган кредиттөөнү ишке ашыруу тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу».

2. Коммерциялык банктар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлүнө алынган башка жактар 2023-жылдын 29-сентябрына чейинки мөөнөттө өз ишин ушул токтомдун талаптарына ылайык келтирүү үчүн зарыл болгон иш-чараларды жүргүзүшсүн.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин, ал эми токтомдун 1-пункту 2023-жылдын 29-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

5. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКты, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, «Микрофинансылык уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргызстандын кредиттик союздарынын жана кооперативдеринин улуттук ассоциациясы»

юридикалык жактардын бирикмесин, микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды, турак жай-сактык кредиттик компанияларды, гарантиялык фонддорду жана кредиттик бюролорду тааныштырсын.

6. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен  Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2023-жылдын 30-августундагы**
**№ 2023-П-12/55-1-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына кредиттик маалымат алмашуу жана кыймылсыз мүлк маселелери боюнча өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-декабрындагы № 50/7 «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө» жобонун:

− 3.2.2-пунктунун:

жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

« Кредиттик союз, кредиттик бүтүмдөрдү түзүүдө, өзгөртүүдө жана аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө тобокелдикке баа берүү боюнча ишин уюштуруу максатында, иштеп жаткан кредиттик бюролор менен кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнүндө келишимдерин түзүүгө, ошондой эле түзүлгөн келишимдерге ылайык аларга кредиттик союзда болгон кредиттик маалыматты берүүгө милдеттүү.»;

жетинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы сегизинчи жана тогузунчу абзацтар менен толуктамсын:

«Терс кредиттик маалымат берүү учурларын кошпогондо, кредиттик союз кардардын макулдугу боюнча кредиттик бюролорго кредиттик маалыматтарды берет. Мында өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын кесепетинен келишимдик милдеттенмелер (мөөнөтү өткөн карыз) токсон календардык күндөн ашык убакыт бою аткарылбагандыгы жана (же) башка милдеттүү төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу маалыматтар кардар тарабынан арыз берилген шартта терс кредиттик маалыматка киргизилбейт, мындай

арызда милдеттенмелерди талаптагыдай аткарууга таасирин тийгизген өзгөчө кырдаалды жана (же) өзгөчө абалды киргизүүгө байланыштуу жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш.

Эгерде мөөнөтү өтүп кеткен карыз өзгөчө кырдаалдан жана (же) өзгөчө абалдан улам келип чыккан болсо, кредиттик союз кредиттик бюролорго мөөнөтү өтүп кеткен кредиттер жөнүндө маалымат берүүдө кредиттер боюнча төлөмдөрдүн кечиктирилиши өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу экендигин көрсөтүшү зарыл.»;

− 5.1.3-пунктунун үчүнчү абзацынын жетинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Ошондой эле, карыз алуучуга жана кредиттик союздун каалоосу боюнча карыз алуучу менен байланыштуу жактарга (мыйзам талаптарына ылайык алар болсо) тиешелүү маалыматты (кредиттик отчет) иштеп жаткан кредиттик бюролордон талап кылууга тийиш.»;

− 5.2.6-пунктунун сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- кредиттик бюролорго карыз алуучу жөнүндө маалымат берүү шарттары;»;

− 1-тиркеменин I бөлүгүнүн 2-1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2-1. Кредиттик бюродон (бюролордон) карыз алуучу боюнча кредиттик отчет.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 30-пунктунун 2-пунктчасынын алтынчы сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мындан тышкары, карыз алуучу жөнүндө жана банктын каалоосу боюнча карыз алуучу менен байланыштуу жактар жөнүндө маалыматты (кредиттик отчетту) алардын макулдугунун негизинде мыйзам талаптарына ылайык иштеп жаткан кредиттик бюролордон талап кылуу зарыл.»;

− 30-1-пунктунун:

биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«30-1. Банк кредиттик бүтүмдөрдү түзүүдө, өзгөртүүдө жана аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө тобокелдикке баа берүү боюнча ишти уюштуруу максатында иштеп жаткан кредиттик бюролор менен кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнүндө келишимдерди түзүүгө, ошондой эле түзүлгөн келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык аларга кредиттик маалыматтарды берүүгө милдеттүү.»;

биринчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы экинчи жана үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

«Терс кредиттик маалымат берүү учурларын кошпогондо, кредиттик бюро кардардын макулдугу боюнча кредиттик бюролорго кредиттик маалыматтарды берет. Мында өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын кесепетинен келишимдик милдеттенмелер (мөөнөтү өткөн карыз) токсон календардык күндөн ашык убакыт бою аткарылбагандыгы жана (же) башка милдеттүү төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу маалыматтар кардар тарабынан арыз берилген шартта терс кредиттик маалыматка киргизилбейт, мындай арызда милдеттенмелерди талаптагыдай аткарууга таасирин тийгизген өзгөчө кырдаалды жана (же) өзгөчө абалды киргизүүгө байланыштуу жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш.

Эгерде мөөнөтү өтүп кеткен карыз өзгөчө кырдаалдан жана (же) өзгөчө абалдан улам келип чыккан болсо, банк кредиттик бюролорго мөөнөтү өтүп кеткен кредиттер жөнүндө маалыматты берүүдө кредиттер боюнча төлөмдөрдүн кечиктирилиши өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу экендигин көрсөтүшү зарыл.»;

жетинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«- Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык кредиттик маалымат субъекти жөнүндө маалыматтарды терс кредиттик маалыматка киргизбөө негиздери;»;

− 41-пунктунун сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- кардар жөнүндө маалыматты кредиттик бюролорго берүү шарттары, ошондой эле мыйзамдарга ылайык кардар жөнүндө маалыматтарды пайдалануунун башка учурлары;»;

− 1-тиркеменин I бөлүгүнүн 2-1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2-1. Кредиттик бюродон (бюролордон) карыз алуучу боюнча кредиттик отчет.».

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 29-августундагы № 36/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын жана микрофинансылык компаниялардын кыймылсыз мүлк менен айрым бүтүмдөрү/операциялары жөнүндө» жобонун:

− 5-пунктунун биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«5. Банк, колдонуу мөөнөтү жана өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди, рекреация объектилерди, туризм инфратүзүмдөрдү эске албаганда, башка кыймылсыз мүлктү менчикке укук келип чыккандан кийинки үч жылдан ашык мөөнөткө кармап тура албайт.».

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/14 «Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрофинансылык

уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

− 13-пунктунун:

3-пунктчасынын бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- кредиттерди классификациялоо системасын аныктоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга карата резервдерди (РППУ) түзүүгө чегерүүлөрдүн маанисин белгилөө, мында Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жободо, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы № 5/6 токтому менен бекитилген «Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун тартибинде» белгиленген РППУну түзүүгө чегерүүлөрдүн мааниси сакталууга тийиш;»;

5-пунктчасынын биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«5) МФУ кредиттик бүтүмдөрдү түзүүдө, өзгөртүүдө жана аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө тобокелдиктерге баа берүү ишин уюштуруу максатында, иштеп жаткан кредиттик бюролор менен кредиттик маалыматтарды алмашуу жөнүндө келишимдерди түзүүгө, ошондой эле түзүлгөн келишимдерге ылайык аларга МФУда болгон кредиттик маалыматтарды берүүгө милдеттүү.»;

5-пунктчасынын биринчи абзацынан кийин төмөнкү мазмундагы экинчи жана үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

«Терс кредиттик маалымат берилген учурларды кошпогондо, МФУ кардардын макулдугу боюнча кредиттик бюролорго кредиттик маалыматтарды берет. Мында өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын кесепетинен келишимдик милдеттенмелер (мөөнөтү өткөн карыз) токсон календардык күндөн ашык убакыт бою аткарылбагандыгы жана (же) башка милдеттүү төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу маалыматтар кардар тарабынан арыз берилген шартта терс кредиттик маалыматка киргизилбейт, мындай арызда милдеттенмелерди талаптагыдай аткарууга таасирин

тийгизген өзгөчө кырдаалды жана (же) өзгөчө абалды киргизүүгө байланыштуу жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш.

Эгерде мөөнөтү өтүп кеткен карыз өзгөчө кырдаалдардан жана (же) өзгөчө абалдан улам келип чыккан болсо, МФУ кредиттик бюролорго мөөнөтү өтүп кеткен кредиттер жөнүндө маалыматты берүүдө кредиттер боюнча төлөмдөрдүн кечиктирилиши өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу экендигин көрсөтүүгө тийиш.»;

− 20-пунктунун 2-1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2-1) карыз алуучуга жана МФУ каалоосу боюнча карыз алуучу менен байланыштуу жактарга (мыйзам талаптарына ылайык алар болсо) тиешелүү маалыматты (кредиттик отчет) иштеп жаткан кредиттик бюролордон талап кылууга тийиш.»;

− 34-пункттун 7-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«7) кредиттик бюролорго кардар жөнүндө маалымат берүү шарттары;»;

− 1-тиркеменин 1-бөлүгүндө:

1-пунктунун 3-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3) кредиттик бюродон (бюролордон) карыз алуучу боюнча кредиттик отчет;»;

13-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«13. Кредиттик бюродон (бюролордон) кепилдик берүүчү тууралуу алынган кредиттик отчет.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 28-сентябрындагы № 40/5 «Кыргыз Республикасынын аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында насыялык бюролордун ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

− 29-пунктунун:

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Насыялык таржымалдарды архивдик сактоо мөөнөтү кредиттик таржымалда камтылган дебитордун милдеттенмелери жөнүндө

маалымат акыркы өзгөртүлгөн күндөн тартып (кредитти төлөө/эсептен алып салуу күнүнөн тартып) алгылыктуу кредиттик маалымат үчүн жети жылды жана терс кредиттик маалымат үчүн беш жылды түзүүгө тийиш.»;

төмөнкү мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

«Өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын кесепетинен келишимдик милдеттенмелердин (мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын) жана (же) башка милдеттүү төлөмдөр аткарылбагандыгы жөнүндө кредиттик маалыматтын үч жыл бою сакталышын камсыз кылууга.»;

− 35-пунктунун 4-пунктчасынан кийин төмөнкү мазмундагы 4-1-пунктча менен толуктамсын:

«4-1) Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык кредиттик маалымат субъекти жөнүндө маалыматтарды терс кредиттик маалыматка киргизбөө негиздери;»;

− 38-пунктунун сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Насыялык таржымалга аткаруу күнүнөн бери терс кредиттик маалымат үчүн беш жылдан көбүрөөк жана алгылыктуу кредиттик маалымат үчүн жети жылдан көбүрөөк убакыт өткөн насыялык маалымат субъектисинин акчалай сумманы төлөө милдеттенмелери тууралуу маалыматтар камтылбайт.».

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 2019-П-33/47-3-(НФКУ) «Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу жөнүндө эрежелеринин:

− 2-главанын 5-пунктунан кийин төмөнкү мазмундагы 5-1 жана 5-2-пункттар менен толуктамсын:

«5-1. Кепилдик фонд гарантия келишимдерин түзүүдө, өзгөртүүдө жана анын аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө тобокелдикке баа берүү ишин уюштуруу максатында кредиттик бюро менен кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө келишим түзүүгө укуктуу жана ошол келишимге ылайык кредиттик бюрого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык кредиттик маалыматты берүүгө тийиш.

Терс кредиттик маалымат берүү учурларын кошпогондо, кепилдик фонд кардардын макулдугу боюнча кредиттик бюрого (портфелдик гарантиялар боюнча маалыматтан тышкары) кредиттик маалыматтарды берүүгө тийиш.

5-2. Кепилдик фонд кредиттик бюро менен кредиттик маалымат алмашуу келишимин түзгөн учурда анын кепилдик ишти башкаруу боюнча ички документтеринде кредиттик маалымат алмашуу боюнча ишти уюштуруу жагында тартип жана талаптар, ошондой эле кредиттик бюро менен кредиттик маалымат алмашуу келишимин түзүүдө кепилдик фонддун негизги шарттары, укуктары жана милдеттери, анын ичинде:

− кредиттик маалыматты санкциясыз кирүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, пайдалануудан же ачыкка чыгаруудан сактоону жана коргоону камсыз кылуу жөнүндө;

− кредиттик маалымат алмашуу процессинде кепилдик фондго жана анын кызматкерлерине маалым болгон маалыматтарды алар менен эмгек келишими (контракт) токтотулгандан кийин да ачыкка чыгарууга тыюу салуу жөнүндө;

− кепилдик фонд алар үчүн жоопкерчиликтүү болгон кредиттик маалыматтагы өзгөрүүлөр жана жаңыртуулар тууралуу кредиттик бюрого өз убагында билдирүү жөнүндө;

− туура эмес маалымат берилген учурда, анын ичинде кредиттик маалымат субъектисинин талабы боюнча да кредиттик бюрого берилген кредиттик маалыматка өзгөртүү киргизүү жөнүндө;

− кредиттик маалымат субъекти жөнүндө маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык терс кредиттик маалыматка киргизбөө негиздери;

− кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө келишимге ылайык кредиттик бюрого маалыматтарды берүү системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу жөнүндө.

Кепилдик фонд кредиттик бюрого берилип жаткан кредиттик маалыматтын бурмаланышы, бардык кардарлар жөнүндө берилип жаткан маалыматтын толуктугу, анын өз убагында берилиши, анын ичинде техникалык каталарга байланыштуу берилген маалыматты корректировкалоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына

жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

Кепилдик берүү жөнүндө маселени кароодо кепилдик фонд зарыл болгон учурда кардар жөнүндө маалыматты (кредиттик отчетту) жана кепилдик фонддун каалоосу боюнча кардар менен байланыштуу жактар жөнүндө маалыматты (мыйзамдарга ылайык алардын макулдугу болгон учурда) иштеп жаткан кредиттик бюролордон талап кылышы мүмкүн.

Кепилдик фонд кредиттик бюродон алынган кредиттик отчеттун купуялуулугун жана сакталышын камсыз кылууга, анда камтылган кредиттик маалыматты үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого жана кредиттик отчетту кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген максаттарда гана пайдаланууга тийиш.».

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 1-ноябрындагы № 2019-П-33/55-2-(НФКУ) «Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу жөнүндө эрежелеринин:

− 40-пунктунун 7-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«7) кредиттик бюролорго кардар/катышуучу жөнүндө маалымат берүү шарттары;»;

− 56-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- иштеп жаткан кредиттик бюролордон катышуучу жөнүндө (кредиттик отчет) жана ТСККнын каалоосу боюнча - катышуучу менен байланышкан жактар жөнүндө маалыматты (Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын макулдугу болсо) талап кылуу.»;

− 58-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«58. ТСКК кредиттик отчетто камтылган маалыматтын бурмаланышы үчүн жоопкерчилик тартат. Кредиттик бүтүмдөрдү түзүүдө, өзгөртүүдө жана аткарылышына мониторинг жүргүзүүдө тобокелдиктерге баа берүү ишин уюштуруу максатында, ТСКК иштеп жаткан кредиттик бюролор менен кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө келишимдерди түзүүгө, ошондой эле түзүлгөн келишимдерге

ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык аларга кредиттик маалыматты берүүгө милдеттүү.

ТСКК, терс кредиттик маалымат берилген учурларды эске албаганда, кардардын макулдугу менен кредиттик бюролорго кредиттик маалыматтарды берет. Мында өзгөчө кырдаалдын жана (же) өзгөчө абалдын кесепетинен улам келишимдик милдеттенмелер (мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз) токсон календардык күндөн ашык аткарылбагандыгы жана (же) башка милдеттүү төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу маалыматтар кредиттик маалымат субъекти тарабынан арыз берилген шартта терс кредиттик маалыматка киргизилбейт, анда милдеттенмелерди талаптагыдай аткарууга таасирин тийгизген өзгөчө кырдаалды жана (же) өзгөчө абалды киргизүүгө байланыштуу жагдайлар көрсөтүлүүгө тийиш.

Эгерде мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз өзгөчө кырдаалдан жана (же) өзгөчө абалдан улам келип чыккан болсо, ТСКК кредиттик бюролорго мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер жөнүндө маалымат берүүдө кредиттер боюнча төлөмдөр өзгөчө кырдаал жана (же) өзгөчө абал киргизилгендигине байланыштуу кечиктирилгендигин көрсөтүүсү зарыл.»;

− 2-тиркеменин 1-бөлүгүнүн 3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«3. Кредиттик бюродон (бюролордон) катышуучу боюнча кредиттик отчет.».

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 18-майындагы № 2022-П-12/31-1-(БС) «Кыргыз Республикасында синдикатталган кредиттөөнү ишке ашыруу тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында синдикатталган кредиттөөнү ишке ашыруу тартиби жөнүндө» жобонун:

− 14-пунктунун он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- банк үчүн, анын ичинде карыз алуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн зарыл болгон башка документтер (контракттар,

макулдашуулар, сунуш каттары, мамлекеттик реестрден көчүрмөлөр, кредиттик бюродон (бюролордон) маалымат ж.б.), алар электрондук документ же кагаз түрүндө берилиши мүмкүн.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 13-сентябрындагы**
**№ 2023-П-07/58-1-(ДКП)**

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 13-мартындагы № 2019-П-07/10-2-(ДКП) «Банктар үчүн милдеттүү камдык талаптардын ченемдери тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 13-мартындагы № 2019-П-07/10-1-(ДКП) токтому менен бекитилген «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 13-мартындагы № 2019-П-07/10-2-(ДКП) «Банктар үчүн милдеттүү камдык талаптардын ченемдери тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1-пунктунун 3-пунктчасындагы «14,00» деген сан «15,00» деген санга алмаштырылсын.

2. Токтом 2023-жылдын 9-октябрынан тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик

реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Экономика башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Токтомдун аткарылышын контролдоо Экономика башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 13-сентябрындагы**
**№ 2023-П-12/58-3-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКтын ишин жөнгө салуу боюнча убактылуу чечимдери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 217 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ачык акционердик коому жөнүндө» Жарлыгын аткаруу максатында жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын тиешелүү чечими кабыл алынганга чейин «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКка карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдорунун аракети убактылуу токтотулсун:

1) 2012-жылдын 16-ноябрындагы № 43/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;

2) 2017-жылдын 17-майындагы № 19/12 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

3) 2017-жылдын 17-майындагы № 19/13 «Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктар, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырган уюмдар жана алардын уюштуруучулары (катышуучулары), юридикалык жактар жана жеке адамдар ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө» жобосун бекитүү тууралуу»;

4) 2017-жылдын 31-майындагы № 21/5 «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;

5) 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-1-(НПА) «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу», «Банктын кызмат адамдарын макулдашуу тартиби» деген IV бөлүгүнөн тышкары;

6) 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-6-(НПА) «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

7) 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-8-(НПА) «Убактылуу администрация жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

8) 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-2-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

9) 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-4-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобо тууралуу»;

10) 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-8-(НПА) «Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

11) 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-8-(НПА) «Кыргыз Республикасынын банктарынын убактылуу администрация режимин киргизүү же жоюу жол-жобосун баштоо учурунда айрым банктык операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

12) 2018-жылдын 20-июнундагы № 2018-П-12/24-2-(НПА) «Банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жөнүндө нускоону бекитүү тууралуу»;

13) 2019-жылдын 13-мартындагы № 2019-П-07/10-1-(ДКП) «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобо тууралуу»;

14) 2019-жылдын 28-июнундагы № 2019-П-12/34-4-(НПА) «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобону жана «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

15) 2019-жылдын 14-августундагы № 2019-П-12/42-1-(НПА) «Террористтик иш-аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү максатында коммерциялык банктарда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону, «Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына террористтик иш-аракетти каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү маселеси боюнча тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;

16) 2021-жылдын 22-декабрындагы № 2021-П-20/72-8-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

17) 2022-жылдын 12-октябрындагы № 2022-П-12/63-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоону бекитүү жөнүндө»;

18) 2022-жылдын 14-декабрындагы № 2022-П-12/78-7-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

19) 2023-жылдын 12-апрелиндеги № 2023-П-12/23-5-(НПА) «Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу».

2. «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ААКтын (мындан ары – Мамлекеттик өнүктүрүү банкы) ишинин туруктуулугун камсыз кылуу, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын

Мыйзамында каралган функцияларын натыйжалуу ишке ашыруу максатында, Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын Директорлор кеңеши:

1) Мамлекеттик өнүктүрүү банкында тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдоо боюнча шайкеш жана натыйжалуу системанын уюштурулушун жана анын талаптагыдай иштешин камсыз кылсын;

2) Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын операциялык жана инвестициялык ишине байланыштуу тобокелдиктердин чектүү деңгээлдерин, ошондой эле Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын ички ченемдерин жана жүргүзүлүп жаткан операциялардын көлөмү боюнча чектөөлөрдү белгилесин;

3) Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын операциялык жана инвестициялык ишине байланыштуу тобокелдиктерди төмөндөтүү жана Мамлекеттик өнүктүрүү банкы тарабынан ушул тобокелдиктер боюнча белгиленген чектүү деңгээлдер, ошондой эле Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын ички ченемдери жана жүргүзүлүп жаткан операциялардын көлөмү боюнча чектөөлөрдүн сакталышын контролдоону күчөтсүн;

4) Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын ишине мүнөздүү тобокелдиктерге ылайык капиталдын тиешелүү деңгээлин колдоо максатында, Мамлекеттик өнүктүрүү банкында натыйжалуу баалоо, мониторинг жүргүзүү жана контролдоо системасын түзсүн;

5) мезгил-мезгили менен Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын учурдагы ишине жана Мамлекеттик өнүктүрүү банкынын бизнес-пландарында каралган стратегиялык максаттарга жана болжолдуу көрсөткүчтөргө жетүү жагынан финансылык натыйжаларга баа берип турсун.

3. Мамлекеттик өнүктүрүү банкы ай сайын отчеттук мезгил аяктагандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде ушул токтомдун 2-пунктунун аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Банктык көзөмөл башкармалыгына берип турсун.

4. Токтом расмий жарыяланган 7 (жети) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тиешелүү чечим кабыл алганга чейин колдонулат.

5. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

6. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы» ачык акционердик коомун, Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 22-сентябрындагы**
**№ 2023-П-12/60-1-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 6-октябрындагы № 2022-П-12/62-2-(НПА) «Баткен жана Ош областтарындагы куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркаган коммерциялык банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдардын кардарларына колдоо көрсөтүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым чечимдери тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

− 6-пунктундагы «2023-жылдын 30-сентябрына чейин» деген сөздөр «2024-жылдын 30-мартына чейин» дегенге алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 18-ноябрындагы № 2022-П-12/71-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Баткен областындагы карыз алуучуларга кредиттерди берүү маселелери боюнча айрым убактылуу чечимдери тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

− 8-пунктундагы «2023-жылдын 1-ноябрына чейин» деген сөздөр «2024-жылдын 30-мартына чейин» дегенге алмаштырылсын.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алгандан кийин 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы расмий жарыялангандан кийин 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, «Кепилдик фонд» ААКты, «Микрофинансылык уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кредиттик союздардын жана кооперативдердин улуттук ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарын жана кредиттик бюролорду тааныштырсын.

6. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу К. Куленбеков**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 11-октябрындагы**
**№ 2023-П-14/64-1-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Төлөм системалары башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийин 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы KG» юридикалык жактар бирикмесин, төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун тааныштырсын.

5. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төлөм системалары башкармалыгын, Юридика башкармалыгын, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2023-жылдын 11-октябрындагы**
**№ 2023-П-14/64-1-(ПС)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобонун:

− 7-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кызмат адамдары - башкаруунун байкоо органынын (директорлор кеңешинин - болгон учурда), башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрү жана/же төлөм уюмунун жана/же төлөм системасынын операторунун күндөлүк ишин жетектеген, өз функционалдык милдеттери боюнча аларга теңдештирилген адамдар.»;

− 13-1-пунктунун:

биринчи абзацындагы «өзгөртүү» деген сөз «көбөйтүү» деген сөзгө алмаштырылсын;

2-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2) уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) – юридикалык жактардын уставдык капиталды көбөйтүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтарды, мында юридикалык жактын/ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү кошо тиркелет. Маалыматты тастыктоо үчүн төмөнкү документтер сунушталышы мүмкүн:

− юридикалык жактын акыркы 3 (үч) жыл үчүн салык декларациясы (болгон болсо);

− акыркы жыл үчүн аудитордук корутунду;

− акыркы 3 (үч) жыл үчүн финансылык отчету (болгон болсо);

− эгер дивиденддер юридикалык жактын банктык эсебине которулган болсо, дивиденддерди бөлүштүрүү, дивиденддерди төлөө жөнүндө чечим, ошондой эле келип чыгуу булагы катары алынган дивиденддер пайдаланылган учурда, капиталдагы үлүшкө менчик укукту тастыктаган документтер;

− юридикалык жактын акча каражаттарды туунду уюмдун уставдык капиталын түзүүгө багыттоо жөнүндө чечими, мында юридикалык жактын акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтер кошо тиркелет;

− уставдык капиталды көбөйтүүгө багытталган акча каражаттардын келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин көчүрмөлөрү;»;

− төмөнкү мазмундагы 3-пунктча менен толукталсын:

«3) уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) - резиденттин/резидент эместин жеке адамынын уставдык капиталды көбөйтүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтарды, мында тастыктоочу документтердин юридикалык жактын/ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелүүгө тийиш. Кирешелердин (мүлктүн) көрсөтүлгөн түрүнө жараша төмөнкү документтер берилиши мүмкүн:

− иштеген жеринен маалым кат - кирешеси жөнүндө;

− уставдык капиталды көбөйтүү учурунда акча каражаттарынын бар экендигин тастыктаган, финансы-кредит мекемелерден топтолгон каражаттары жөнүндө маалым кат, мында акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтер кошо тиркелет;

− акча каражаттары келип түшкөндүгүн тастыктаган келишимдердин (сатып алуу-сатуу, жалдоо, иштерди аткарууга же кызмат көрсөтүүгө) жана башка келишимдердин (эгерде жеке адамдын өздүк каражаттарынын (мүлкүнүн) булагы катары ушул келишимдер

боюнча алынган киреше (мүлк) саналса), мүлккө менчик укугу жөнүндө документтердин, жеке адам маалыматта көрсөткөн каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке адамга төлөнгөндүгү жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;

− жеке адамдын өздүк каражаттарынын (кирешелеринин, мүлкүнүн) келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

− жеке адамдын чыгашаларын, анын ичинде акцияларды (үлүштөрдү), кыймылсыз/кыймылдуу мүлктү жана анын кирешесин азайтуучу башка мүлктү сатып алууга кеткен чыгашаларын тастыктаган документтердин жана акцияларды (үлүштөрдү) сатып алууга багытталган бүтүмгө (бүтүмдөргө) келишүү фактысын тастыктаган документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү. Чыгашалар тууралуу маалыматтар пайда алынган мезгил (финансылык жыл/мезгилдер (финансылык жылдар) үчүн берилүүгө тийиш.»;

төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун уюштуруучусу болуп саналган Кыргыз Республикасынын резидент эмес - жеке адамы ал резидент болуп саналган тиешелүү документтерге карата мыйзам талаптарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын резиденти - жеке адам үчүн талап кылынган документтер сыяктуу эле, акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтерди берүүгө тийиш.»;

− 15-1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«15-1. Төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун уюштуруучуларынын (акционерлеринин/катышуучуларынын) курамы өзгөргөн учурда, ушул Жобонун 19 жана 19-1-пункттарына ылайык, акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар, ошондой эле ушул Жобого карата 3 жана 4-тиркемелердеги форма боюнча анкеталар уюштуруучулар (акционерлер/катышуучулар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чечимдерди кабыл алган/келишимдерди/макулдашууларды түзгөн күндөн тартып жана башка негиздер боюнча 15 (он беш) жумуш күнү ичинде Улуттук банкка сунушталууга тийиш.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 15-2-пункт менен толукталсын:

«15-2. Акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугу жөнүндө маалыматтар жана документтер берилбеген же толук эмес/анык эмес берилген шартта, төлөм системасынын операторунун жана/же төлөм уюмунун лицензиялары акча каражаттарынын келип чыгуу булактары тастыкталганга чейин жана/же башка уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын), анын ичинде акча каражаттарынын келип чыгуу булактары Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жооп берген жаңы уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) пайдасына ээликтен ажыратылганга чейин Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык убактылуу токтотулушу мүмкүн.»;

− 19-пунктунун:

4-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«4) уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) – юридикалык жактардын уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтарды, мында юридикалык жактын/ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү кошо тиркелет. Маалыматты тастыктоо үчүн төмөнкү документтер сунушталышы мүмкүн:

− юридикалык жактын акыркы 3 (үч) жыл үчүн салык декларациясы (болгон болсо);

− акыркы жыл үчүн аудитордук корутунду;

− акыркы 3 (үч) жыл үчүн финансылык отчету (болгон болсо);

− эгер дивиденддер юридикалык жактын банктык эсебине которулган болсо, дивиденддерди бөлүштүрүү, дивиденддерди төлөө жөнүндө чечим, ошондой эле келип чыгуу булагы катары алынган дивиденддер пайдаланылган учурда, капиталдагы үлүшкө менчик укукту тастыктаган документтер;

− юридикалык жактын акча каражаттарды туунду уюмдун уставдык капиталын түзүүгө багыттоо жөнүндө чечими, мында юридикалык жактын акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтер кошо тиркелет;

− уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;»;

6-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6) өтүнүч ээсинин аффилирленген жана байланыштуу жактары жөнүндө маалымат (жеке адамдар үчүн: толук аты-жөнү, туулган жылы, жашаган жери, иштеген жери, жарандык; юридикалык жактар үчүн: юридикалык жактын аталышы жана дареги, жетекчисинин аты-жөнү, уюштуруучулук жана башка тастыктоочу документтери, эгерде болгон болсо);»;

13-пунктчасынын биринчи абзацындагы «төмөнкү документтеринин көчүрмөлөрү» деген сөзгө чейин «талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн» деген сөздөр менен толукталсын;

13-пунктчасынын экинчи абзацындагы «паспортунун көчүрмөсү» деген сөзгө чейин «талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн» деген сөздөр менен толукталсын.

13-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада жана берилген датасын көрсөтүү менен анын катталгандыгы жөнүндө салык органынын белгиси камтылган документтер (электрондук түрдө берилген жана акабыл алынгандыгы тууралуу электрондук белги коюлган) берилген күнгө карата кирешелер, социалдык чегерүүлөр жөнүндө декларациянын талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, эгерде бар болсо; резидент эмес-жеке адам ал резидент болуп саналган мамлекетте салык төлөө боюнча карызы жок экендигин тастыктаган документти сунуштоосу зарыл;»;

13-пунктчанын төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтар, мында тастыктоочу документтер жана кредитордук карызынын жоктугу тууралуу документтер кошо тиркелет. Көрсөтүлгөн каражаттардын (мүлктүн) келип чыгуу булактарын тастыктаган маалыматтарда жеке адам тарабынан көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоо үчүн киршелердин (мүлктүн) берилген түрлөрүнө жараша төмөнкү документтер берилиши мүмкүн:»;

13-пунктча төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толуктalсын:

«- иштеген жеринен маалым кат - кирешеси жөнүндө;

− уставдык капиталды көбөйтүү учурунда акча каражаттарынын бар экендигин тастыктаган финансы-кредит мекемелеринен топтолгон каражаттары жөнүндө маалым кат, мында акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтер кошо тиркелет;

− акча каражаттарынын келип түшкөндүгүн тастыктаган келишимдердин (сатып алуу-сатуу, жалдоо, иштерди аткарууга же кызмат көрсөтүүгө, тартуулоо) жана башка келишимдердин (эгерде жеке адамдын өздүк каражаттарынын (мүлкүнүн) келип чыгуу булагы катары ушул келишимдер боюнча алынган киреше (мүлк) саналса), мүлккө менчик укугу жөнүндө документтердин, жеке адам маалыматта көрсөткөн каражаттардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке адамга төлөнгөндүгү жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү. Зайым же тартуулоо келишимдеринин көчүрмөлөрү берилгенде тиешелүүлүгүнө жараша, зайым берүүчүнүн жана тартуулоочунун акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтер да берилет;

− жеке адамдын өздүк каражаттарынын (кирешелеринин, мүлкүнүн) келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

− жеке адамдын чыгашаларын, анын ичинде акцияларды (үлүштөрдү), кыймылсыз/кыймылдуу мүлктү жана анын кирешесин азайтуучу башка мүлктү сатып алууга кеткен чыгашаларын тастыктаган документтердин жана акцияларды (үлүштөрдү) сатып алууга багытталган бүтүмгө (бүтүмдөргө) келишүү фактысын тастыктаган документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү. Чыгашалар тууралуу маалыматтар пайда алынган мезгил (финансылык жыл/мезгилдер (финансылык жылдар) үчүн берилүүгө тийиш.

Түзүлүп жаткан төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун уюштуруучусу болуп саналган Кыргыз Республикасынын резидент эмес - жеке адамы ал резидент болуп саналган тиешелүү документтерге карата мыйзам талаптарынын өзгөчөлүктөрүн эске

алуу менен Кыргыз Республикасынын резиденти - жеке адам үчүн талап кылынган документтер сыяктуу эле, акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтерди берүүгө тийиш.»;

− 19-1-пунктунун:

4-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«4) уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) – юридикалык жактардын уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген маалыматтарды, мында юридикалык жактын/ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү кошо тиркелет. Маалыматты тастыктоо үчүн төмөнкү документтер сунушталышы мүмкүн:

− юридикалык жактын акыркы 3 (үч) жыл үчүн салык декларациясы (болгон болсо);

− акыркы жыл үчүн аудитордук корутунду;

− акыркы 3 (үч) жыл үчүн финансылык отчету (болгон болсо);

− эгер дивиденддер юридикалык жактын банктык эсебине которулган болсо, дивиденддерди бөлүштүрүү, дивиденддерди төлөө жөнүндө чечим, ошондой эле келип чыгуу булагы катары алынган дивиденддер пайдаланылган учурда, капиталдагы үлүшкө менчик укукту тастыктаган документтер;

− юридикалык жактын акча каражаттарды туунду уюмдун уставдык капиталын түзүүгө багыттоо жөнүндө чечими, мында юридикалык жактын акча каражаттарынын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтер кошо тиркелет;

− уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;»;

6-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6) өтүнүч ээсинин аффилирленген жана байланыштуу жактары жөнүндө маалымат (жеке адамдар үчүн: толук аты-жөнү, туулган жылы, жашаган жери, иштеген жери, жарандык; юридикалык жактар үчүн: юридикалык жактын аталышы жана дареги, жетекчисинин аты-жөнү, уюштуруучулук жана башка тастыктоочу документтери, эгерде болгон болсо);»;

19-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада жана берилген датасын көрсөтүү менен анын катталгандыгы жөнүндө салык органынын белгиси камтылган документтер (электрондук түрдө берилген жана кабыл алынгандыгы тууралуу электрондук белги коюлган) берилген күнгө карата кирешелер, социалдык чегерүүлөр жөнүндө декларациянын көчүрмөсү, эгерде декларация (көчүрмөсү) болгон болсо; резидент эмес-жеке адам ал резидент болуп саналган мамлекетте салык төлөө боюнча карызы жок экендигин тастыктаган документти сунуштоосу зарыл;»;

19-пунктчанын төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- уюштуруучунун (акционердин)/катышуучунун уставдык капитал түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берген, тастыктоочу документтер жана кредитордук карызы жоктугу жөнүндө документтер тиркелген маалыматтар. Көрсөтүлгөн каражаттардын (мүлктүн) келип чыгуу булактарын ырастоочу маалыматтарда жеке жак көрсөткөн маалыматтарды тастыктоо үчүн кирешелердин (мүлктүн) көрсөтүлгөн түрлөрүнө жараша төмөнкүдөй документтер берилиши мүмкүн:»;

19-пунктчасы төртүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- иштеген жеринен маалым кат - кирешеси жөнүндө;

− уставдык капиталды көбөйтүү учурунда акча каражаттарынын бар экендигин тастыктаган финансы-кредиттик мекемелерден топтолгон каражаттары жөнүндө маалым кат, акча каражаттардын келип чыгуу булактарынын мыйзамдуулугун тастыктаган башка документтер тиркелет;

− акча каражаттары түшкөндүгүн тастыктаган келишимдердин (сатып алуу-сатуу, жалдоо, иштерди аткарууга же кызмат көрсөтүүгө) жана башка келишимдердин (эгерде жеке адамдын өздүк каражаттарынын (мүлкүнүн) келип чыгуу булагы катары ушул келишимдер боюнча алынган (алынган) киреше (мүлк) саналса), мүлккө менчик укугу жөнүндө документтердин, жеке адам маалыматта көрсөткөн каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөнгөндүгү жөнүндө документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү. Займ же татуулоо келишимдеринин

көчүрмөсүн берүүдө, тиешелүүлүгүнө жараша зайым берүүчүнүн жана тартуулоочунун акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтер да берилет;

− жеке адамдын өздүк каражаттарынын (кирешелеринин, мүлкүнүн) келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

− жеке адамдын чыгашаларын, анын ичинде акцияларды (үлүштөрдү), кыймылсыз/кыймылдуу мүлктү жана анын кирешесин азайтуучу башка мүлктү сатып алууга кеткен чыгашаларын тастыктаган документтердин жана акцияларды (үлүштөрдү) сатып алууга багытталган бүтүмгө (бүтүмдөргө) келишүү фактысын тастыктаган документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү. Чыгашалар тууралуу маалыматтар пайда алынган мезгил (финансылык жыл/мезгилдер (финансылык жылдар) үчүн берилүүгө тийиш.

Түзүлүп жаткан төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун уюштуруучусу болуп саналган Кыргыз Республикасынын резидент эмес - жеке адамы ал резидент болуп саналган тиешелүү документтерге карата мыйзам талаптарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын резиденти - жеке адам үчүн талап кылынган документтер сыяктуу эле, акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтерди берүүгө тийиш.»;

− 32-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башкарманын курамына кеминде жетекчинин (башкы директор/президент/төрага), техникалык директордун, башкы бухгалтердин/финансылык директордун жана/же өз функционалдык милдеттери боюнча аларга теңештирилген, төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун күндөлүк ишин жетектеген адамдардын штаттык кызмат орундары кирүүгө тийиш. Өлкөдө өзгөчө абал киргизилгенде башкарма (директорлор кеңеши жок болсо) төлөм системасынын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылуучу чаралардын комплексин кароого милдеттүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө Улуттук банкка маалымдайт.»;

− 33-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун башкаруунун аткаруу органынын түзүмү аткаруу органынын жетекчиси же анын

башка мүчөлөрү убактылуу жок болгон мезгилде башкарманын мүчөлөрү өз ара милдеттердин аткарылышын камсыз кылууга тийиш. Милдеттерди бөлүштүрүү төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун ички документтеринде белгиленүүгө тийиш.»;

− 34-пунктунун:

үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- акыркы 5 (беш) жыл ичиндеги иш стажы/иш тажрыйбасы, бир же бир нече чөйрөдө – төлөм системасы, банк жана/же финансы системасы, маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу, телекоммуникация/байланыш чөйрөсүндө 3 (үч) жылдан кем эмес, анын ичинен кеминде 2 (эки) жыл жетекчи кызматтарда;»;

пункт төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсяын:

«Ушул пункттун максаттарында жетекчи кызмат орду деген, уюмдардын бириндеги түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинен/жетекчисинин орун басарынан төмөн эмес кызмат ордун түшүндүрөт:

− төлөм уюму жана/же төлөм системасынын оператору;

− иши финансылык ишке жана Улуттук банктын банктардын ишин лицензиялоо боюнча ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн банктык жана/же финансылык ишке тиешелүү болгон уюм;

− банктык, финансылык ишти, телекоммуникациялык кызмат көрсөтүү жана/же байланыш кызмат көрсөтүү ишин жүзөгө ашырган уюмдарды лицензиялоого жана/же алардын ишине көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу мамлекеттик органдар;

− маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө адистешкен уюм;

− телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызматтарын көрсөткөн уюм.

Мында иш стажына чарба ишин, персоналды башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү, жеке коопсуздукту камсыз кылуу (күзөт кызматы) багытында ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу жогоруда аталган уюмдардын/компаниялардын түзүмдүк бөлүмдөрүндө иши кирбейт.»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 34-1-пункт менен толукталсяын:

«34-1. Эгерде штаттык тизимде башкаруунун аткаруу органынын жетекчисинин орун басарынын туруктуу кызмат орду бар

болсо, орун басары аткаруу органынын курамына кирүүгө, ошондой эле жетекчиге коюлган талаптарга да жооп берүүгө тийиш.»;

− 35-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«35. Техникалык директор жана/же башкаруунун аткаруу органынын курамына кирген, өзүнүн функционалдык милдеттери боюнча ага теңдештирилген адам төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

− орто кесиптик/жогорку техникалык билимге же CISA/CISM/CISSP/ITIL/COBIT сертификаттарынын бирине ээ болууга; же башка чөйрөдө жогорку билими болсо Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын лицензиясына ээ болгон билим берүү уюмдарында же чет өлкөдөгү билим берүү уюмдарында маалымат технологиялары жана/же маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө билим алгандыгын тастыктаган башка документтерге ээ болууга;

− эгерде ушул Жободо башкасы каралбаса, акыркы 5 (беш) жыл ичиндеги иш стажынын/иш тажрыйбасынын кеминде 3 (үч) жыл маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу жаатында, жетекчи кызматында – кеминде 1 (бир) жыл иш стажына/иш тажрыйбасына ээ болууга.

Буларга кошумча, эгерде Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын лицензиясына ээ болгон билим берүү уюмдарында же чет өлкөдөгү билим берүү уюмдарында маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө билим алгандыгы жөнүндө сертификаттары бар болсо, сунуштоого болот.

Ушул пункттун максаттарында жетекчи кызмат орду деген, уюмдардын бириндеги маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндөгү профилдик түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинен/жетекчисинин орун басарынан төмөн эмес кызмат ордун түшүндүрөт:

− төлөм уюму жана/же төлөм системасынын оператору;

− иши финансылык ишке жана Улуттук банктын банктардын ишин лицензиялоо боюнча ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн банктык жана/же финансылык ишке тиешелүү болгон уюм;

− банктык, финансылык ишти, телекоммуникациялык кызмат көрсөтүү жана/же байланыш кызмат көрсөтүү ишин жүзөгө ашырган

уюмдарды лицензиялоого жана/же алардын ишине көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу мамлекеттик органдар;

− маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндөгү адистешкен уюм;

− телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызматтарын көрсөткөн уюм.

Жетекчи кызматтарда иш стажы/иш тажрыйбасы жок учурда, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын лицензиясына ээ болгон билим берүү уюмдарында же чет өлкөдөгү билим берүү уюмдарында маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө билим алгандыгы жөнүндө сертификаттар милдеттүү түрдө болууга тийиш.»;

− 36-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«36. Башкы бухгалтер/финансылык директор жана/же башкаруунун аткаруу органынын курамына кирген, өзүнүн функционалдык милдеттери боюнча ага теңдештирилген адам төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

− жогорку экономикалык/финансылык билими же бухгалтердик эсеп жана аудит чөйрөсүндө билими болууга;

− эгерде ушул Жободо башкасы каралбаса, акыркы 5 (беш) жыл ичинде бухгалтер/бухгалтердик/финансылык же башкаруу эсеби боюнча адис кызмат ордунда 3 (үч) жылдан кем эмес иш стажы/иш тажрыйбасы болууга же бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту уюштуруу жана камсыз кылуу жагында жетекчи кызмат ордунда 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажы/иш тажрыйбасы болууга тийиш;

− сертификаттын көчүрмөсүн сунуштоо менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын уруксатына/лицензиясына ээ билим берүү мекемелеринен алынган бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча билим алгандыгын тастыктаган сертификатка же башка документке ээ болууга (бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча билим алгандыгы жөнүндө маалыматтарды камтыган бухгалтердик эсеп боюнча жогорку билими жөнүндө диплому бар болгон учурда сертификаты сунуштоо зарыл эмес).

Ушул пункттун максаттарында жетекчи кызмат орду деген, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук системасын уюштуруу жана камсыздоо чөйрөсүндө профилдик түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинен/жетекчисинин орун басарынан төмөн эмес кызмат ордун түшүндүрөт.

Жетекчи кызматта иш стажы/иш тажрыйбасы жок учурда, милдеттүү түрдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү уруксатына/лицензиясына ээ болгон билим берүү мекемелеринен алынган, бухгалтердик эсепти жана башкаруу эсебин жүргүзүү чөйрөсүндө билим алгандыгын тастыктаган кошумча сертификаттары же башка документтери болууга тийиш.»;

− 37-пунктунун:

1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«1) бул адамдарга карата соттун чечими боюнча аларга төлөм, банк, финансы системаларында жана/же маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу жана/же телекоммуникация/байланыш чөйрөсүндө иштөөгө тыюу салган айыптоо өкүмү чыгарылса;»;

2-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«а) анын натыйжасында уюмга (төлөм уюмуна жана/же төлөм системасынын операторуна; финансы-кредит уюмуна; башка финансылык уюмга) карата Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык операцияларды жүргүзүүгө чектөө жана/же атайы режим киргизилген аракеттерге (аракеттенбей коюуларга) катыштыгы бар;»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 39-1-пункт менен толукталсын:

«39-1. Башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрү ушул Жобонун талаптарына дал келбеген учурда, акционерлер (уюштуруучулар)/катышуучулар 30 календардык күн ичинде аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча чараларды көрүүгө же ушул Жобонун талаптарына дал келген кызмат адамдарынын башка талапкерлерин сунуштоого тийиш.»;

− 40-пунктунун:

3-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3) башкаруунун аткаруу органынын жетекчиси үчүн - террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча курстан өткөндүгү жөнүндө тиешелүү документтин (күбөлүктүн) (көчүрмөсүн). Улуттук банкка документтерди тапшыруу учуруна карата документ (күбөлүк) алынган мөөнөт аны алган күндөн тарта 2 (эки) жылдан ашпоого тийиш. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча курстан өткөндүгү жөнүндө документ (сертификат) жок учурда, Улуттук банкка жетекчи кызмат ордуна дайындалган күндөн тартып 6 (алты) ай ичинде тиешелүү окуудан өтүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү милдеттенме берилүүгө тийиш. Жетекчи кызмат ордуна дайындалган күндөн тартып 6 (алты) ай ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча курстан өткөндүгү жөнүндө тиешелүү документ Улуттук банкка берилбеген учурда кызмат адамы кызматтан бошотулууга тийиш;»;

5-пункттчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«5) эмгек китепчесинин көчүрмөсү. Аткаруу органынын мүчөлөрү-резидент эместер талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсүн (бар болсо) же эмгек тажрыйбасын тастыктаган башка документтердин же маалыматтардын көчүрмөлөрүн берүүгө тийиш;»;

− Жобо төмөнкү мазмундагы 40-1-пункт менен толукталсын:

«40-1. Эгерде ошол эле төлөм уюму башкаруунун аткаруу органынын ошол эле кызмат адамын – мүчөсүн акыркы 12 (он эки) ай ичинде ага теңдештирилген же андан жогору кызмат ордуна дайындагандыгына байланыштуу мурда Улуттук банкка документтерди тапшырган болсо, ушул Жободо көрсөтүлгөн документтердин топтомун кайрадан тапшыруу талап кылынбайт, мында белгиленген форма боюнча анкета тапшыруу менен гана чектелет.»;

− 47-пункту төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Ушул пункттун максаттарында жетекчи кызмат орду деген, уюмдардын бириндеги түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинен/ жетекчисинин орун басарынан төмөн эмес кызмат ордун түшүндүрөт:

− төлөм уюму жана/же төлөм системасынын оператору;

− иши финансылык ишке жана Улуттук банктын банктардын ишин лицензиялоо боюнча ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн банктык жана/же финансылык ишке тиешелүү болгон уюм;

− банктык, финансылык ишти, телекоммуникациялык кызмат көрсөтүү жана/же байланыш кызмат көрсөтүү ишин жүзөгө ашырган уюмдарды лицензиялоого жана/же алардын ишине көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу мамлекеттик органдар;

− маалымат технологиялары (системалары)/маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө адистешкен уюм;

− телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызматтарын көрсөткөн уюм.

Мында иш стажына чарба ишин, персоналды башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү, жеке коопсуздукту камсыз кылуу (күзөт кызматы) багытында ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу жогоруда аталган уюмдардын/компаниялардын түзүмдүк бөлүмдөрүндө иши кирбейт.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 18-октябрындагы**
**№ 2023-П-09/65-2-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 19-августундагы №45/1 «Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 19-августундагы №45/1 «Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кредит берүүсү жөнүндө» жобонун:

− 40-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«Уюм негизги карызды жана пайыздарды Улуттук банкка бул тууралуу алдын ала жазуу түрүндө билдирүү жөнөтүү менен Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган шартта мөөнөтүнөн

мурда толук төлөөгө укуктуу. Мында тараптар кредиттин жана ал боюнча чегерилген пайыздардын ордун пландуу жабуу датасын аныкташат.».

жогорудагы Жобого карата 1-тиркеменин:

− 4.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«Уюм негизги карызды жана пайыздарды Улуттук банкка бул тууралуу алдын ала жазуу түрүндө билдирүү жөнөтүү менен Башкы келишимде жана Кредиттик келишимде каралган шартта мөөнөтүнөн мурда толук төлөөгө укуктуу. Мында тараптар кредиттин жана ал боюнча чегерилген пайыздардын ордун пландуу жабуу датасын аныкташат.».

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы 1 (бир) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондун тааныштырсын жана 2015-жылдын 25-августундагы №Д-0-1-6/0978 Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга кредит берүү жөнүндө Башкы келишимге карата Кошумча макулдашуу түзүү боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзсүн.

5. «Башкарманын катчылыгы» бөлүмү 1 (бир) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Акча-кредиттик операциялар башкармалыгын, Экономика башкармалыгын, Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгын, Банктык эсептешүүлөр башкармалыгын жана Юридика башкармалыгын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төраганын милдетин аткаруучу** **К. Куленбеков**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 25-октябрындагы**
**№ 2023-П-12/67-3-(НПА)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:

− 2019-жылдын 30-октябрындагы № 2019-П-12/54-4-(НПА) «Коммерциялык банктын ишине тиешелүү маалыматтарды чечмелөөгө карата талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

− 2019-жылдын 27-декабрындагы № 2019-П-12/68-2-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;

− 2019-жылдын 27-декабрындагы № 2019-П-12/68-4-(НПА) «Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 24-мартындагы № 2020-П-12/15-7-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары жана банк эмес финансы-кредит уюмдары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдерди жана талаптарды белгилөө маселелери

боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым убактылуу чечимдери жөнүндө» токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

3. Коммерциялык банктар чет өлкө валютасындагы ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрүн эсептөө жана банктын тобокелдик жагдайлары жөнүндө маалыматтарды 2025-жылдын 1-мартынан тартып сунушташсын.

4. Токтом 2023-жылдын 31-декабрынан тартып күчүнө кирет.

5. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтерди алгандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

6. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2023-жылдын 25-октябрындагы**
**№ 2023-П-12/67-3-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-октябрындагы № 2019-П-12/54-4-(НПА) «Коммерциялык банктын ишине тиешелүү маалыматтарды чечмелөөгө карата талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

− 3-пунктундагы «2020-жылдын 1-январы» деген сөздөр «2025-жылдын 1-январы» дегенге алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктын ишине тиешелүү маалыматтарды чечмелөөгө карата талаптар жөнүндө» жобонун:

− 1-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жобонун аракети Кыргыз Республикасынын Улуттук банк (мындан ары – Улуттук банк) Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-9-(НПА) токтому менен бекитилген «Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын системалуу маанилүүлүгүн аныктоо критерийлери жөнүндө» жобого ылайык сандык көрсөткүчтөр боюнча аныкталуучу системалуу мааниге ээ банктарга (мындан ары – банктар) таркатылат.»;

− 2-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» деген сөздөр «Банктар жана банк иштери жөнүндө» дегенге алмаштырылсын;

− 3-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банктык сыр - Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамына ылайык аныкталуучу маалымат.»;

− 13-пунктунун 3-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3) Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 12-октябрындагы № 2022-П-12/63-1-(НПА) токтому менен

бекитилген Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоонун тиркемесине ылайык капиталдын түзүмү;».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 27-декабрындагы № 2019-П-12/68-2-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

− 2-пунктундагы «2020-жылдын 1-апрели» деген сөздөр «2023-жылдын 31-декабры» дегенге алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 27-декабрындагы № 2019-П-12/68-4-(НПА) «Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн ордун жабуу коэффициентин эсептөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

− 2-пунктунун:

экинчи абзацындагы «2020-жылдын 1-апрели» деген сөздөр «2025-жылдын 1-январы» дегенге алмаштырылсын;

үчүнчү абзацындагы «2020-жылдын 1-октябры» деген сөздөр «2025-жылдын 1-марты» дегенге алмаштырылсын;

− 3-пунктундагы «2020-жылдын 1-апрели» деген сөздөр «2023-жылдын 31-декабры» дегенге алмаштырылсын.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

**ТОКТОМ**

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 30-октябрындагы**
**№ 2023-П-07/68-1-(ДКП)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 13, 63 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 13,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2023-жылдын 31-октябрынан тартып күчүнө кирет.

3. Экономика башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматтын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында токтом кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде жарыяланышын камсыз кылсын.

4. Токтомдун аткарылышын контролдоо Экономика башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Боконтаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**720001, Бишкек ш., Чүй проспекти, 168**
**2023-жылдын 1-ноябрындагы**
**№ 2023-П-14/69-1-(ПС)**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Юридика башкармалыгы:

− тиешелүү документтер алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

− расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Төлөм системалары башкармалыгы тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнү ичинде ушул токтомду белгиленген тартипте андан ары мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борборуна жөнөтсүн.

4. Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы жана Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы Улуттук банктын «Башкы китеп» банктык маалымат системасындагы, Пакеттик клиринг системасындагы жана Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы төлөм коддорунун маалымдамасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

5. Төлөм системалары башкармалыгы 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын тааныштырсын.

6. Токтом 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Төлөм системалары башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Бокontaев**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын «1» ноябрындагы № 2023-П-14/69-1-(ПС) токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторунун:

1) Киришүү бөлүгүндөгү 23-абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Мамлекеттик бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр», «Мамлекеттик бюджеттен чыгашалар боюнча төлөмдөр», «Бюджеттик уюмдардын активдери жана милдеттенмелери менен операциялар боюнча төлөмдөр» бөлүктөрүнө код белгилөө жана классификациялоо системасы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген ушул операциялардын классификациялык структурасына ылайык түзүлгөн.»;

2) таблицадагы «Мамлекеттик бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр» бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

«

| | |
|---|---|
| **1** | **Кирешелер** |
| **11** | **Салыктык кирешелер** |
| **111** | **Кирешеге жана пайдага салыктар** |
| **1111** | **Кирешеге жана пайдага салыктар** |
| 11111 | Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке жактардан алынуучу киреше салыгы |
| 11111100 | Салык агенти төлөөчү киреше салыгы |

| | |
|---:|---|
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча кирешe салыгы |
| 11112 | Кыргыз Республикасынын резидент эмес жактарынын кирешесине салык |
| 11112100 | Кыргыз Республикасынын резидент эмес жактарынын кирешесине салык |
| 11113 | Пайдага салык |
| 11113100 | Пайдага салык |
| 11113200 | Пайыздарга салык |
| 11113300 | Тоо-кен өндүрүүчү компаниялардын кирешесине салык |
| **1112** | **Атайын режимдер боюнча салыктар** |
| 11121 | Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр |
| 11121100 | Бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму |
| 11121200 | Үчүнчү өлкөлөрдөн ташылып келинүүчү товарларга бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму |
| 11122 | Патенттин негизинде салык |
| 11122100 | Милдеттүү патенттин негизинде салык |
| 11122200 | Патенттин негизинде салык |
| 11124 | Майнинг салыгы |
| 11124100 | Майнинг салыгы |
| 11125 | Салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык |
| 11125100 | Чекене сооданын негизинде салыктын салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча салык |
| 11126 | Электрондук коммерциядан салык |
| 11126100 | Электрондук коммерциядан салык |
| 11127 | Оюн-зоок ишине салык |
| 111271 | Оюн-зоок ишине салык |
| 11127110 | Казино оюн-зоок ишине салык |
| 11127120 | Компьютердик симуляторлордун оюн автоматтарынын оюн-зоок ишине салык |

| | |
|---|---|
| 11127130 | Букмекердик контораныn оюн-зоок ишине жана тотализаторго салык |
| 11127140 | Онлайн казинолордун жана электрондук (виртуалдык) казинолордун оюн-зоок ишине салык |
| 11128 | Өзгөчө режимдеги соода зонасында иш-аракетке салык |
| 11128100 | Өзгөчө режимдеги соода зонасында иш-аракетке салык |
| **1113** | **Категориялар боюнча бөлүштүрүлбөй турган салыктар** |
| 11131 | Кумтөрдүн дүң кирешесине салык |
| 11131100 | Кумтөрдүн дүң кирешесине салык |
| 11131200 | Кумтөрдөн Кыргыз Республикасынын минералдык ресурстар базасын өнүктүрүүгө жылдык сумма |
| **113** | **Менчикке салыктар** |
| **1131** | **Мүлккө салык** |
| 11311 | Кыймылсыз мүлккө салык |
| 11311100 | Турак жайга же жайга мүлк салыгы |
| 11311200 | Турак жай эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы |
| 11311300 | 3-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык |
| 11312 | Кыймылдуу мүлккө салык |
| 11312100 | Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына мүлк салыгы |
| 11312200 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына мүлк салыгы |
| **1132** | **Жер салыгы** |
| 11321 | Жер салыгы |
| 11321100 | Жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгы |
| 11321200 | Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерге мүлк салыгы |
| **114** | **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар** |

| | |
|---|---|
| **1141** | **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө жалпы салыктар** |
| 11411 | Кошумча нарк салыгы (КНС) |
| 11411100 | Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө КНС |
| 11411300 | ЕАЭС ке мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинүүчү товарларга КНС |
| 11411400 | Үчүнчү өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келүүчү товарларга КНС |
| 11411500 | Чет өлкөлүк уюмдардын электрондук кызматтарына КНС |
| 11411600 | Салык агенти тарабынан кармалуучу КНС |
| 11412 | Сатуудан салык |
| 11412100 | Сатуудан салык |
| **1142** | **Акциз салыгы** |
| 11421 | Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү же сатып өткөрүлүүчү товарларга акциз салыгы |
| 114211 | Алкоголдук продукция |
| 11421110 | Этил спирти |
| 11421120 | Арак |
| 11421130 | Ликер-арак, алкоголу аз ичимдиктери, күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |
| 11421140 | Шараптар |
| 11421150 | Коньяктар |
| 11421160 | Шуулдап турган шараптар, анын ичинде газдалган шарап жана шампан |
| 11421170 | Идишке куюлган пиво |
| 11421180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11421190 | Шарап материалдары |
| 114212 | Тамеки буюмдары |
| 11421210 | Чыпкалуу тамекилер |
| 11421220 | Чыпкасыз тамекилер, папиростор |
| 11421230 | Сигаралар жана сигариллалар |

| | |
|---|---|
| 11421240 | Түтүктүү тамеки, тартуучу тамеки, чайноочу, соруучу, жыттоочу, кальяндык (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11421250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытылган тамеки таякчасы, тамеки менен жылытылган капсула ж.б.) |
| 11421260 | Электрондук тамекилерде колдонууда картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11421270 | Электрондук сигареттер жана ушул сыяктуу жекече электрдик бууланууучу түзүлүштөр (никотин жеткирүүнүн электрондук тутумдары) |
| 11421280 | Бир корпустагы никотин суюктугу менен никотинди жеткирүүнүн бир жолку электрондук тутумдары |
| 11421290 | Башка өнүмдөр |
| 114213 | Мунай продуктулары |
| 11421310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11421320 | Реактивдүү отун |
| 11421330 | Дизель отуну, газ майлары, оор дистилляттар |
| 11421340 | Мазут |
| 11421350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |
| 11421360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11421370 | Нефть продуктулары менен бирдей максаттарда колдонулуучу коргошун бирикмелерине негизделген башка антидетонаторлор |
| 11421380 | Битуминоздук минералдардан алынган нефтини же мунай заттарын камтыган майлоочу май кошулмалары |
| 11421390 | Башка мунай заттар (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |
| 114214 | Башка акциздик товарлар |
| 11421490 | Башка акциздик товарлар |
| 114215 | Алкоголсуз суусундуктар |

| | |
|---|---|
| 11421510 | Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар, курамында кант же башка таттуу же даам берүүчү заттар бар |
| 114216 | Газдар |
| 11421610 | Суюлтулган көмүрсуутек газы |
| 11423 | ЕАЭСке мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинүүчү товарларга акциз салыгы |
| 114231 | Алкоголдук продукция |
| 11423110 | Этил спирти |
| 11423120 | Арак |
| 11423130 | Ликер-арак, алкоголу аз ичимдиктери, күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |
| 11423140 | Шараптар |
| 11423150 | Коньяктар |
| 11423160 | Шуулдап турган шараптар, анын ичинде газдалган шарап жана шампан |
| 11423170 | Идишке куюлган пиво |
| 11423180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11423190 | Шарапматериалдары |
| 114232 | Тамеки буюмдары |
| 11423210 | Чыпкалуу тамекилер |
| 11423220 | Чыпкасыз тамекилер, папиростор |
| 11423230 | Сигаралар жана сигариллалар |
| 11423240 | Түтүктүү тамеки, тартуучу тамеки, чайноочу, соруучу, жыттоочу, кальяндык (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11423250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытылган тамеки таякчасы, тамеки менен жылытылган капсула ж.б.) |
| 11423260 | Электрондук тамекилерде колдонууда картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11423270 | Электрондук сигареттер жана ушул сыяктуу жекече электрдик бууланууч түзүлүштөр (никотин жеткирүүнүн электрондук тутумдары) |

| | |
|---|---|
| 11423280 | Бир корпустагы никотин суюктугу менен никотинди жеткирүүнүн бир жолку электрондук тутумдары |
| 11423290 | Башка өнүмдөр |
| 114233 | Мунай продуктулары |
| 11423310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11423320 | Реактивдүү отун |
| 11423330 | Дизель отуну, газ майлары, оор дистилляттар |
| 11423340 | Мазут |
| 11423350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |
| 11423360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11423370 | Нефть продуктулары менен бирдей максаттарда колдонулуучу коргошун бирикмелерине негизделген башка антидетонаторлор |
| 11423380 | Битуминоздук минералдардан алынган нефтини же мунай заттарын камтыган майлоочу май кошулмалары |
| 11423390 | Башка мунай заттар (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |
| 114234 | Башка акциздик товарлар |
| 11423490 | Башка акциздик товарлар |
| 114235 | Алкоголсуз суусундуктар |
| 11423510 | Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар, курамында кант же башка таттуу же даам берүүчү заттар бар |
| 114236 | Газдар |
| 11423610 | Суюлтулган көмүрсуутек газы |
| 11424 | Үчүнчү өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинүүчү товарларга акциз салыгы |
| 114241 | Алкоголдук продукция |
| 11424110 | Этил спирти |
| 11424120 | Арак |
| 11424130 | Ликер-арак, алкоголу аз ичимдиктери, күчтүү суусундуктар, күчтүү ширелер жана бальзамдар |

| | |
|---|---|
| 11424140 | Шараптар |
| 11424150 | Коньяктар |
| 11424160 | Шуулдап турган шараптар, анын ичинде газдалган шарап жана шампан |
| 11424170 | Идишке куюлган пиво |
| 11424180 | Идишке куюлбаган пиво |
| 11424190 | Шарап материалдары |
| 114242 | Тамеки буюмдары |
| 11424210 | Чыпкалуу тамекилер |
| 11424220 | Чыпкасыз тамекилер, папиростор |
| 11424230 | Сигаралар жана сигариллалар |
| 11424240 | Түтүктүү тамеки, тартуучу тамеки, чайноочу, соруучу, жыттоочу, кальяндык (тамеки продукциясын өндүрүү үчүн чийки зат катары колдонулган тамекини кошпогондо) |
| 11424250 | Ысытыла турган тамеки азыктары (ысытылган тамеки таякчасы, тамеки менен жылытылган капсула ж.б.) |
| 11424260 | Электрондук тамекилерде колдонууда картридждердеги, сактагычтардагы жана башка контейнерлердеги никотин камтыган суюктук |
| 11424270 | Электрондук сигареттер жана ушул сыяктуу жекече электрдик бууланууучу түзүлүштөр (никотин жеткирүүнүн электрондук тутумдары) |
| 11424280 | Бир корпустагы никотин суюктугу менен никотинди жеткирүүнүн бир жолку электрондук тутумдары |
| 11424290 | Башка өнүмдөр |
| 114243 | Мунай продуктулары |
| 11424310 | Бензин, жеңил жана орточо дистилляттар жана башка бензиндер |
| 11424320 | Реактивдүү отун |
| 11424330 | Дизель отуну, газ майлары, оор дистилляттар |
| 11424340 | Мазут |
| 11424350 | Май, майлоочу майлар, башка майлар жана газ конденсаты |

| | |
|---|---|
| 11424360 | Битум материалдарынан алынган чийки мунай жана чийки мунай заттары |
| 11424370 | Нефть продуктулары менен бирдей максаттарда колдонулуучу коргошун бирикмелерине негизделген башка антидетонаторлор |
| 11424380 | Битуминоздук минералдардан алынган нефтини же мунай заттарын камтыган майлоочу май кошулмалары |
| 11424390 | Башка мунай заттар (биоотун, экологиялык отун, жеңил дистилляттардын аралашмасы) |
| 114244 | Башка акциздик товарлар |
| 11424410 | Башка акциздик товарлар |
| 114245 | Алкоголсуз суусундуктар |
| 11424510 | Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар, курамында кант же башка таттуу же даам берүүчү заттар бар |
| 114246 | Газдар |
| 11424610 | Суюлтулган көмүрсуутек газы |
| **1146** | **Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар** |
| 11461 | Бонустар |
| 114611 | Күйүүчү пайдалуу кендер |
| 11461110 | Мунай |
| 11461120 | Күйүүчү газдар |
| 11461130 | Көмүр |
| 11461190 | Дагы башка күйүүчү пайдалуу кендер |
| 114612 | Металл пайдалуу кендер |
| 11461210 | Асыл металлдар |
| 11461220 | Сымап |
| 11461230 | Сурьма |
| 11461240 | Калай, вольфрам |
| 11461290 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металлдар |
| 114613 | Металл эмес пайдалуу кендер |
| 11461310 | Беттегич таштар |
| 11461320 | Курулуш куму |
| 11461330 | Гипс |

| | |
|---|---|
| 11461340 | Акиташ, курулуш ташы |
| 11461350 | Түстүү таштар (самоцветы) |
| 11461390 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металл эместер |
| 114614 | Жер алдындагы суулар |
| 11461410 | Ичүүчү суу катары куюштуруу үчүн арашан жана тузсуз суулар |
| 11461420 | Бальнологиялык дарылоо үчүн арашан суулар |
| 11461430 | Жылытуу үчүн ысык суулар |
| 11461440 | Ичүүчү жана техникалык суулар |
| 11462 | Роялти |
| 114621 | Күйүүчү пайдалуу кендер |
| 11462110 | Мунай |
| 11462120 | Күйүүчү газ |
| 11462130 | Көмүр |
| 11462190 | Дагы башка күйүүчү пайдалуу кендер |
| 114622 | Металл пайдалуу кендер |
| 11462210 | Асыл металлдар |
| 11462220 | Сымап |
| 11462230 | Сурьма |
| 11462240 | Калай, вольфрам |
| 11462290 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металлдар |
| 114623 | Металл эмес пайдалуу кендер |
| 11462310 | Беттегич таштар |
| 11462320 | Курулуш куму |
| 11462330 | Гипс |
| 11462340 | Акиташ, курулуш ташы |
| 11462350 | Түстүү таштар (самоцветы) |
| 11462390 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металл эместер |
| 114624 | Жер алдындагы суулар |
| 11462410 | Ичүүчү суу катары куюштуруу үчүн арашан жана тузсуз суулар |
| 11462420 | Бальнологиялык дарылоо үчүн арашан суулар |

| | |
|---|---|
| 11462430 | Жылытуу үчүн ысык суулар |
| 11462440 | Ичүүчү жана техникалык суулар |
| 11462490 | Дагы башка жер астындагы суулар |
| **115** | **Эл аралык соода жана тышкы опреация үчүн салыктар** |
| **1151** | **Бажы төлөмдөрү** |
| 11511 | Ташылып келинген продукциядан бажы төлөмдөрү |
| 11511200 | ЕАЭСке кошулуу жөнүндө Келишимге ылайык төлөнгөн жана эсепке алынган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11511400 | ЕАЭСке кошулуу жөнүндө Келишимге ылайык ЕТТ коюму боюнча төлөнгөн жана эсепке алынган ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11511500 | Бажы алымдарынын, салыктардын бирдиктүү коюмдары боюнча бажылык төлөмдөр |
| 11511600 | Бажылык жыйынды төлөм |
| 11512 | Ташылып чыгарылган продукциядан бажы төлөмдөрү |
| 11512100 | Экспорттук бажы алымы |
| 11512200 | Экспорттук мезгилдик бажы алымы |
| 11513 | Бажылык жыйымдар |
| 11513100 | Чет өлкөлүк автоташуучулардан жыйым |
| 11513200 | Бажылык тариздөө үчүн жыйымдар |
| 11514 | Дагы башка бажылык жыйымдар жана төлөмдөр |
| 11514100 | Дагы башка бажылык жыйымдар жана төлөмдөр |
| 11515 | ЕАЭСке башка мүчө мамлекеттердин эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары токтотулган |
| 11515100 | Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которуулар токтотулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11515200 | Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которуулар токтотулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11515300 | Россия Федерациясынын эсебине чет өлкөлүк валютада которуулар токтотулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |

| | |
|---|---|
| 11515400 | Армения Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которуулар токтотулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516 | ЕАЭСке башка мүчө мамлекеттердин эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516100 | Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516200 | Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516300 | Россия Федерациясынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516400 | Армения Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11516500 | Кыргыз Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган ташып келүүлөргө бөлүштүрүлгөн бажы алымдары |
| 11517 | Үчүнчү өлкөлөргө карата атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды колдонуу жөнүндө Протоколго ылайык чет өлкөлүк валютада эсепке которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11517100 | Казакстан Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11517200 | Беларусь Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11517300 | Россия Федерациясынын эсебине чет өлкөлүк валютада которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |

| | |
|---|---|
| 11517400 | Армения Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада эсебине которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11517500 | Кыргыз Республикасынын эсебине чет өлкөлүк валютада эсебине которулган атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11518 | Казыналыктын эсебине түшүүчү такталбаган сумма |
| 11518100 | Казыналыктын эсебине түшүүчү такталбаган сумма |
| **1152** | **Ташып келүүлөргө бажы алымдары** |
| 11521 | ЕАЭСке кошулуу жөнүндө Келишимге ылайык мүчө мамлекеттерден түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11521100 | Казакстан Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11521200 | Беларусь Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11521300 | Россия Федерациясынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11521400 | Армения Республикасынан түшүүчү ташып келүүлөргө бажы алымдары |
| 11522 | Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча мүчө мамлекеттердин милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшүүчү пайыздар |
| 11522100 | Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Казакстан Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшүүчү пайыздар |
| 11522200 | Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Беларусь Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшүүчү пайыздар |
| 11522300 | Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Россия Федерациясы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшүүчү пайыздар |

| | |
|---|---|
| 11522400 | Ташып келүүлөргө бажы алымдарын бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Армения Республикасы тарабынан милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн түшүүчү пайыздар |
| 11523 | ЕАЭСтин бажылык аймагы боюнча бажылык транзиттин бажылык жол-жоболоруна ылайык товарларды ташууда бажы органдарына берилүүчү бажы алымдарын, салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүп алынган акча каражаты |
| 11523100 | Казакстан Республикасынан түшүүчү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүп алынган акча каражаты |
| 11523200 | Беларусь Республикасынан түшүүчү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүп алынган акча каражаты |
| 11523300 | Россия Федерациясынан түшүүчү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүп алынган акча каражаты |
| 11523400 | Армения Республикасынан түшүүчү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөнү камсыздоонун эсебинен өндүрүп алынган акча каражаты |
| 11524 | Үчүнчү өлкөлөргө карата атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялык чараларды колдонуу жөнүндө Макулдашууга ылайык төлөнгөн атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11524100 | Казакстан Республикасынан түшүүчү атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11524200 | Беларусь Республикасынан түшүүчү атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11524300 | Россия Федерациясынан түшүүчү атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |
| 11524400 | Армения Республикасынан түшүүчү атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдар |

| | |
|---|---|
| 11525 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүү суммаларын которуу боюнча мүчө-мамлекеттердин милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525100 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Казакстан Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525200 | Атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Беларусь Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525300 | Атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Россия Федерациясынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11525400 | Атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды которуу боюнча Армения Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарбай калууларынан түшкөн пайыздар |
| 11526 | Чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526100 | Казакстан Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526200 | Беларусь Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| 11526300 | Россия Федерациясынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |

| | |
|---|---|
| 11526400 | Армения Республикасынын чет өлкөлүк валютада эсептерге которулган атайын, демпингге каршы жана компесациялык алымдарды бөлүштүрүү токтотулду |
| **116** | **Башка салыктар жана жыйымдар** |
| **1161** | **Башка салыктар жана жыйымдар** |
| 11611 | Башка салыктар жана жыйымдар |
| 11611100 | Республикалык бюджеттин башка салыктары жана жыйымдары |
| 11611200 | Жергиликтүү бюджетин башка салыктары жана жыйымдары |
| 11611300 | Финансылык эмес активдер түрүндө алынган салыктар |
| **12** | **Социалдык камсыздоого жана социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр** |
| **121** | **Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздоого төгүмдөр/чегерүүлөр** |
| **1211** | **Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү** |
| 12111 | Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111110 | Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111120 | Полис боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү (Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунан тышкары) |
| 12111130 | Юридикалык жак болуп түзүлбөгөн дыйкан (фермер) чарбалардын камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111140 | Чакан жана орто ишкердик субъектилерине камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча кийинкиге жылдырып/бөлүп төлөп берүүдөн түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111210 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111220 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча полис боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 12111230 | Мамлекеттик топтоомо пенсиялык фонд боюнча чакан жана орто ишкердик субъектилерине камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча кийинкиге жылдырып/бөлүп төлөп берүүдөн түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрү |

| | |
|---|---|
| **122** | **Социалдык фондунун башка кирешелери** |
| **1221** | **Социалдык фондунун башка кирешелери** |
| 12211 | Социалдык фондунун башка кирешелери |
| 12211100 | Пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар |
| 12211200 | Кайра кайтарууну талап кылуунун натыйжасында жумуш берүүчүлөрдөн жана жарандардан алынуучу каражаттар |
| 12211900 | Социалдык фондунун башка кирешелери |
| **1222** | **Социалдык фонддун кирешелери боюнча пайыздар** |
| 12221 | Социалдык фонддун кирешелери боюнча пайыздар |
| 12221100 | Социалдык фонддун кирешелери боюнча пайыздар |
| **1223** | **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун башка кирешелери** |
| 12231 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун башка кирешелери |
| 12231100 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун башка кирешелери |
| **123** | **ММКФ башка кирешелери** |
| **1231** | **ММКФ башка кирешелери** |
| 12311 | ММКФ башка кирешелери |
| 12311200 | ММК полисин берүүдөн түшүүлөр |
| 12311300 | Келишимдик милдеттенмелерди тийиштүү түрдө аткарбагандыгы үчүн саламаттык сактоо уюмдары менен соттук жана соттук эмес тартипте төлөтүп алынган каражаттар |
| 12311400 | Соттун чечими боюнча келтирилген зыяндын суммасын кошкондо, материалдык, админстративдик, жазык жоопкерчилигине чара көрүүнүн натыйжасында алынган каражаттар |
| 12311500 | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарын максаттуу эмес же мыйзамдуу эмес пайдалануунун натыйжасында төлөтүп алынган каражаттар |
| 12311700 | Эл аралык уюмдардан, кайрымдуулук фонддордон жана чет өлкөлүк жарандардан түшкөн каражаттар |

| | |
|---|---|
| 12311900 | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка кирешелер |
| **13** | **Алынган расмий трансферттер** |
| **131** | **Чет өлкөдөн алынган трансферттер** |
| **1311** | **Чет өлкөлүк мамлекеттердин өкмөттөрүнөн түшкөн трансферттер** |
| 13111 | Чет өлкөлүк мамлекеттердин өкмөттөрүнөн түшкөн трансферттер |
| 13111100 | Учурдагы |
| 13111200 | Капиталдык |
| **1312** | **Эл аралык уюмдардан түшкөн трансферттер** |
| 13121 | Эл аралык уюмдардан түшкөн трансферттер |
| 13121100 | Учурдагы |
| 13121200 | Капиталдык |
| **133** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери** |
| **1332** | **Жергиликтүү бюджеттерге трансферттери** |
| 13321 | Жергиликтүү бюджеттерге трансферттери |
| 13321100 | Теңөөчү трансферттери |
| 13321200 | Максаттуу трансферттери |
| 13321300 | Жергиликтүү бюджеттин деңгээлдеринин ортосундагы максаттуу трансферттер |
| **1333** | **Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери менен алынган каражаттар** |
| 13331 | Республикалык бюджеттен Социалдык фонддун бюджетине алынган каражаттар |
| 13331100 | Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү |
| 13331210 | Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар |
| 13331220 | Алыскы барууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар |
| 13331230 | Көп балалуу энелерге жана тубаса майып балдардын энелерине жеңилдетилген пенсиялар |
| 13331300 | Калктын айрым категориялары боюнча пенсиялар |

| | |
|---|---|
| 13331400 | Аскер кызматкерлеринин пенсиялары |
| 13331500 | Аскер кызматкерлеринин курман болуу, майыптык алуу учурлары боюнча аларды жекече милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу |
| 13331610 | Электр нергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төөмдөр |
| 13331620 | Чернобыль АЭСте авариянын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, эмгектик мертинүү боюнча компенсациялык төлөмдөр |
| 13331630 | Баткен облусунун чек ара аймактарында жашаган пенсионерлерге компенсациялык төлөмдөр |
| 13331700 | Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларын же кирешелеринин жоготууларын компенсациялоо |
| 13331800 | Пенсияларга үстөк акылар |
| 13332 | Республикалык бюджеттен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетине алынган каражаттар |
| 13332100 | Республикалык бюджеттен мамлекеттик базалык медициналык камсыздандырууга алынган каражаттар |
| 13332210 | Республикалык бюджеттен 16 жашка чейинки балдардын милдеттүү медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |
| 13332220 | Республикалык бюджеттен пенсионерлердин милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |
| 13332230 | Республикалык бюджеттен социалдык жөлөкпул алуучулардын жана бала кезинен майып адамдардын милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |

| | |
|---|---|
| 13332240 | Республикалык бюджеттен баштапкы кесиптик окуу жайлардын студенттеринин, орто жана жогорку кесиптик окуу жайлардын студенттери 21 жаш куракка чыкканга чейин милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |
| 13332250 | Республикалык бюджеттен калктын жумуштуулук мамлекеттик кызматында расмий катталган жумушсуз жарандардын милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |
| 13332260 | Республикалык бюджеттен мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматкерлеринин, офицерлердин, прапорщиктердин, мөөнөттөн тышкаркы кызматтын аскер кызматкерлеринин, аял-аскер кызматкерлеринин милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн компенсациялоо катарында алынган каражаттар |
| 13332300 | Республикалык бюджеттен соттун чечимин аткаруу боюнча компенсацияларды төлөө үчүн алынган каражаттар |
| 13332900 | Республикалык бюджеттен алынган башка каражаттар |
| **1334** | **ММКФнын камсыздандыруу төгүмдөрү** |
| 13341 | Кыргыз республикасынын мыйзамдарына ылайык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр тарабынан төлөнүүчү камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341100 | Жумуш берүүчүлөрдү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
| 13341200 | Жеке ишкерлерди милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү |
14211200 Муниципалдык мекмелердин карамагыгындагы имараттардын, курулуштардын, жабдуулардын жана техникалардын жана ж.б. ижара төлөмдөрү эсепке алынат.

14211900 Башка мүлккө ижара акы төлөө эсепке алынат.

**14212 Материалдык эмес активдерден түшкөн ижара төлөмдөрү**

14212100 Өткөрүлгөн конкурс боюнча радиожыштыктар спектринин тилкесин пайдалануу укугуна колдонуудан түшкөн төлөмдөр эсепке алынат.

**1422 Жыйымдар жана төлөмдөр**

**14221 Төлөмдөр**

14221300 Мамлекеттик лотереяларды өткөрүүдөн түшүүлөр.

14221400 Кулак биркаларын сатуудан төлөм түшүүлөр эсепке алынат.

14221500 Мөөнөттүү аскер кызматынын ордуна берилүүчү кызмат жана жыйын түрлөрүнө өткөндүк үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14221600 Байланыш тармагын өнүктүрүүгө чегерүүлөр эсепке алынат.

14221700 Радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензия алуу үчүн тооруктардын (аукцион, конкурс) натыйжалары боюнча радиожыштык спектрин пайдалануу, номерлөөнүн бөлүнгөн ресурсу үчүн алынуучу жыйымдар эсепке алынат.

14221800 Зергер жана тиричилик буюмдарын пробирлөө, анализ жана эн тамгалоо үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14221900 Жогоруда келтирилген бюджеттик классификациянын элементтеринде каралбаган акча каражатарын эсепке алуу жүргүзүлөт.

**14222 Алымдар**

Алымдар - бул тийиштүү мамлекеттик органдар - сот, нотариат же башка атайын ыйгарым укуктуу органдар тарабынан алар белгилүү

бир иш-аракет аткарганда жана юридикалык мааниси бар документтерди берүүдө өндүрүп алуучу акчалай жыйым. Жеке жана юридикалык жактар алымды төлөөчүлөр болуп эсептелет.

14222100 Бул деңгээлде Кыргыз Республикасынын жаранына паспорт жана Кыргыз Республикасынын жаранына жалпы жарандык паспорт берүү үчүн мамлекеттик алым эсепке алынат.

14222200 Бул деңгээлде юстиция органдары тарабынан өндүрүп алуучу мамлекеттик алым эсепке алынат, анын ичинде:

− Нотариалдык конторалар жана нотариалдык аракеттерге ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан нотариалдык ишти жасаганы үчүн, ошондой эле нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн документтердин көчүрмөсүн (дубликатын) бергени үчүн;

− Жарандык абалдын актыларынын жазууларына өзгөртүүлөр, толуктоолор, оңдоолор жана калыбына келтирүүлөр киргендигине байланыштуу жарандык абалдын актыларын жана күбөлүктөрдү каттоодон өткөрүү жөнүндө жарандарга кайтадан күбөлүктөрдү берүү үчүн.

14222300 Бул деңгээлде сот органдары тарабынан мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кайра кароо жөнүндө даттануулардан тышкары, сотко берилген доо жана башка арыздар менен даттануулардан, ошондой эле соттун документтердин көчүрмөсүн бергени үчүн өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдар эсепке алынат.

14222400 Интеллектуалдык менчик объекттери, салттуу билимдери, аттестация жана патентке ишеним берилгендерди каттоого укук берүү үчүн патенттик жана башка алымдар, жыйымдар эсепке алынат. Ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди, өнөр жайлык үлгүлөр, селекциялык жетишкендиктер, товардык белгилерди каттоо, тейлөө белгилери, товардын чыккан жеринин аталышын пайдалангандык үчүн патенттөөдөн түшүүчү акча каражаттарын эсепке алуу жүргүзүлөт.

14222500 Декларациялоодо нотариалдык аракеттерди жасоо үчүн алынуучу мамлекеттик алым.

14222600 Чарба жүргүзүүчү бир субъектте чет өлкөлүк жумушчулар үчүн белгиленген лимиттин чегинде жана белгиленген лимиттен ашык, чет өлкөлүк адиске, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары жумушка орноштурууга

байланыштуу ишке укук үчүн, чет өлкөлүк жеке ишкерлерге, жогорку квалификациялуу жогорку билимдүү адистерге жумушка уруксат үчүн мамлекеттик алым эсепке алынат.

14222710 Лицензиялоого тийиштүү болгон ишкердик иш менен алектенүүнү каалаган жарандар жана жеке менчиктин түрүнө карабастан чарба жүргүзүүчү бардык субъекттер тарабынан лицензия берүү үчүн мамлекеттик алымдар эсепке алынат.

14222720 Автомобиль жана суу транспорту чөйрөсүндө лицензияларды жана уруксаттарды берүүдө мамлекеттик алымды алуудан түшкөн каражаттар эсепке алынат.

14222800 Ишкердик иштин жана анын натыйжаларынын милдеттүү түрдө мамлекеттик талаптарга шайкештиги, инвестициялык жана башка документтерди милдеттүү түрдө макулдашуу жөнүндө ар кандай документтерди, маалымкаттарды, сертификаттарды, уруксааттарды берүүдөн түшкөн мамлекеттик алымдар эсепке алынат.

14222900 Башка мамлекеттик алымдар эсепке алынат.

**14223 Бир жолку декларациялык төлөм**

14223100 Бир жолку декларациялык төлөм

**14224 Жыйымдар**

Мамлекеттик органдар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн мамлекет тарабынан белгиленген жана бир жолку мүнөздөгү милдеттүү акчалай төгүмдөр эсепке алынат. Төлөмдүн суммасы көрсөтүлгөн кызматтын наркына байланыштуу.

14224110 Атайын продукцияларды, юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү мамлекеттик (салыктык, эсептик) каттоо үчүн, ошондой эле аларды кайра каттоо, ишти токтотууну мамлекеттик каттоо үчүн, эсептик каттоо үчүн, эсептик каттоодон чыгаруу, жеке ишкерлерди мамлекеттик каттоо үчүн, кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоо үчүн, кыймылдуу мүлк күрөөсүн мамлекеттик каттоо үчүн, транспорт каражаттарын мамлекеттик кайра каттоо үчүн жыйымдар эске алынат. Аны менен бирге баалуу кагаздарды мамлекеттик каттоо үчүн жыйым эсепке алынат.

14224120 Автомототранспорттук каражаттарды каттоо үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14224200 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген, калктуу пункттардын таштандысын чыгаруу үчүн жыйым эсепке алынат.

14224300 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген, атайын жабдылган жана бөлүнгөн жерге автотранспортту парковкалоо жана автотоктотмо үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14224410 Алкоголдук продукцияны дүӊ жана чекене сатууну ишке ашырууга лицензия алган субъекттерден этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти ишке ашыруу үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14224420 Өндүрүүгө жана жүгүртүүгө лицензия алган субъекттерден этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти ишке ашырууга жыйымдар эсепке алынат.

14224510 Транспорттук каражаттардын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин салмактоо жана өлчөө жана жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча атайын жана бөлүнбөс жүктөр менен транспорттук каражаттарды өткөрүү үчүн жыйымдар эске алынат; жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйымдар, автомобилдик жасалма курулмалар боюнча жүрүү үчүн жыйымдар автомобиль жолдору боюнча өтүү.

14224520 Автотранспорт каражаттарынын алдыӊкы эшиктеринин каптал айнектерин караӊгылатууга уруксат берүү үчүн жыйым эсепке алынат.

14224600 Апостиль коюу үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14224700 Баалуу кагаздардын рыногу жөнүндө мыйзамдарга ылайык баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун квалификациялык күбөлүгүн алуу үчүн жыйымдар эсепке алынат.

14224800 Товардык кампалар жана кампа күбөлүктөрү жаатындагы мыйзамдарга ылайык, товардык кампалардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине катталгандыгы жөнүндө күбөлүк берүү үчүн жыйым эсепке алынат.

14224900 Жогоруда келтирилген элементтеринде каралбаган дагы башка жыйымдар каралат.

**1423 Акылуу кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр**

Кыргыз Республикасынын законуна «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар» Реестрине ылайык мамлекеттик органдардан жана мекемелерден алынган кирешелер чагылдырылат.

**14231 Медициналык кызматтар**

14231100 Амбулатордук деңгээлде (фельдешерлик-акушердик пункттар,үй бүлөлүк врачтар тобу, үй бүлөлүк медицина Борборлору, жалпы врач практикасындагы Борборлор, улуттук, облусттук жана республикалык борборлор) мамлекеттик кепилдиктер Программасында көрсөтүлгөн көлөмдөгү консультативдик-диагностикалык жардам үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14231200 Амбулатордук деңгээлде (дарылоо процедураларын дайындоо, рецепттерди жазуу, пациенттерге медициналык документацияларды жана рекомендацияларды берүү) мамлекеттик кепилдиктер Программасында көрсөтүлгөн дарылоо иш чараларын жүргүзүү үчүн түшүүлөр эсепке алынат.

14231300 Медико-санитардык жардам менен жарандарды камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер Программасында көрсөтүлбөгөн стационар ордундагы бөлүмдөрдө медициналык жардам көрсөткөндүк үчүн түшүүлөр эсепке алынат .

14231400 Мамлекеттик кепилдиктер Программасында көрсөтүлгөн көлөмдөн тышкары адистештирилген стационарларда (терапевттик, педиатрдык, хирургиялык, акушер-гинекологиялык профилдеги жана башка) медициналык жардамды көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14231500 Саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү үчүн кош төлөм, мамлекеттик кепилдиктер Программасын көлөмүнөн ашыкча каржылоону көрсөтүүчү, алар алуучу кызмат көрсөтүүлөрдүн акы төлөө наркына катышуучу катары түшкөн каражаттар эсепке алынат.

14231600 Мамлекеттик кепилдиктер Программасында көрсөтүлгөн көлөмдөн тышкары стамотологиялык жардамды көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14231700 Табыштамалар жана келишимдер боюнча дезинфекциялык жана дератизациялык чараларды жүргүзгөндүк үчүн түшүүлөр чагылдырылат.

14231800 Технологиялык медициналык жардам түрлөрүн (квотадан белгиленгенден тышкары) көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14231900 Жогоруда келтирилген бюджеттик классификация элементтеринде каралбаган медициналык кызматтар үчүн башка төлөмдөр эсепке алынат.

**14232 Билим берүүчүлүк жана маданий кызматтар**

14232100 Мамлекеттик окуу жайларда (жогорку, орто-атайын жана кесиптик-техникалык окуу жайлар) контракттык окутуу үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14232200 Өзгөчө үлгүдөгү документтерди алууга жалпы билим берүүчү мектеп-талапкерлердин бүтүрүүчүлөрүн тестирлөөнү жүргүзүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат .

14232300 Кесиптик-техникалык окуу жайлардын окуучулары даярдаган продукцияны сатуудан, ошондой эле жатаканаларда, мейманканаларда жашагандык үчүн төлөмдөрдөн түшүүлөр чагылдырылат.

14232400 Окуу программаларын терең окуу үчүн кошумча сабактар, кружоктор түрүндө мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринин кошумча кызматтарын көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14232500 Программаларды, семинарларды, конференцияларды уюштуруу жана жүргүзүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14232600 Жогорку окуу жайга чейин, жогорку окуу жайдан кийин жана кошумча билим берүүнү көрсөткөндүк үчүн түшүүлөр эсепке алынат.

14232700 Театралдык постановкаларды көрсөтүү, атап айтканда: спектакль, балет, опера, цирк программасы, концерттик программа ж.б. көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14232800 Залдарды жана жайларды, маданият мекемелерине, маданият чөйрөсүндө искусство жана билим берүүгө жабдууларды, инвентарларды көрсөткөндүк үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14232900 Жогоруда келтирилген бюджеттик классификация элементтеринде каралбаган билим берүүчүлүк жана маданий кызматтар үчүн башка төлөмдөр эсепке алынат.

**14233 Социалдык кызматтар**

14233100 Мамлекеттик программалар, өкмөт аралык жана башка расмий макулдашуулар алкагында иш издөөчү Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн чет өлкөдө ишке орноштурууга өбөлгө көрсөтүү үчү түшүүлөр эсепке алынат.

14233200 Чет өлкөлүк жумушчу күчүн тартуу жана иштөөгө уруксат берүүлөр үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14233300 Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын Интернет-журналына илимий макалаларды тапшыргандык үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14233400 Жогорку ыңгайлуулуктагы жолугушуулар үчүн бөлмөлөрдү бергендик үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14233500 Ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга ден-соолукту чыңдоо үчүн санатордук-курорттук жолдомолорду көрсөтүү, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар» Реестрине ылайык ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын 1 группадагы инвалиддерге 50 проценттик женилдик, ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын 2 группадагы инвалиддерге 50 проценттик женилдик, ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын 3 группадагы инвалиддерге 30 проценттик женилдик медициналык көрсөтүүлөр көрсөтүлөт.

14233600 Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар Реестрине ылайык доктурдун багыты менен, инвалиддик группасы жок, жогоруда белгиленген тизмектердин муктаж болгон жарандарга, протездик ортопедиялык буюмдарды даярдоо жана көрсөтүү кызматтары көрсөтүлөт.

14233900 Жогоруда келтирилген бюджеттик классификация элементтеринде каралбаган социалдык кызматтар үчүн башка төлөмдөр эсепке алынат.

**14234 Каттоолор, маалымдамаларды, күбөлүк каттар жана башка документтерди, ошондой эле көчүрмөлөр жана дубликаттарды берүү кызматтары**

14234100 Жабдуулар жана байланыш кызматтары, ошондой эле радио жыштыктагы нурланууну берүүчү же жогорку жыштыктуу электромагниттик толкундардын булагы болуп саналган башка

техникалык каражаттарга ылайык сертификатты бергендик үчүн түшүүлөр чагылдырылат.

14234200 Аскерге милдеттүүлөрдү, мөөнөттүү жана контракттык кызматтардагы аскер кызматчыларына, прапорщиктерге жана офицерлерге аскердик-эсепке алуучу документтердин дубликаттарын берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14234300 Илимий деңгээл ыйгаруу жөнүндө диплом жана окумуштуу наамын ыйгаруу жөнүндө аттестат, чет мамлекеттер тарабынан берилген окумуштуулук деңгээлди ыйгаруу жөнүндө жана окумуштуу наамын ыйгаруу жөнүндө документтерди нострификация жана илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды кайра аттестациялоо.

14234400 Маалымдамалар, күбөлүктөр, дубликаттар, ишеним каттар жана полистерди бергендик үчүн түшүүлөр чагылдырылат.

14234500 Эл аралык стандартын талабына ылайык лабораториялардын, продукцияны сертификациялоо боюнча органдардын, персоналдын жана башкалардын компетенттүүлүгүн ырастоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14234600 Сертификаттарды бергендик үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14234700 Апостиль коюу боюнча көрсөтүлгөн тейлөө үчүн төлөм эсепке алынат.

14234900 Каттоо боюнча классификацияланбаган кызматтар, маалымдамалар, күбөлүктөр, жана башка документтерди берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

**14235 Изилдөө, талдоо, баалоо жана эксперттөө боюнча кызматтар**

14235100 Табыштамалар жана келишимдер боюнча дезинфекциялык каражаттардын активдүүлүгүн аныктоо үчүн төлөм эсепке алынат.

14235200 Өнөр жайлык таштандыларды, агын сууларды жана жер ресурстарынын булгануударын жана токой чарбалык түзүлүштөр жана өзгөчө корголгон табигый аймактардагы илимий-изилдөөчүлүк иштерди, мергенчилик жайыттары жана мамлекеттик токой фондунан

тышкары, пландан тышкары лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн түшүүлөр чагылдырылат.

14235300 Кыргыз Республикасынын улуттук стандарттарынын долбоорлорун, стандртташтырууу эрежелерижана стандарттоо жаатындагы рекомендацияларды эксперттөөнү, уюмдардын стандарттары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен Тематикалык пландан тышкары окуу китептердин кол жазмаларын, окуу усулдук колдонмолорду эксперттөөнү жүргүзүү үчүн төлөмдөр. Ошондой эле абанын жумушчу зонасын (санитардык-химиялык изилдөөлөр) боюнча табыштамалар жана жеке, юридикалык жактардын социалдык-укуктук мүнөздөгү суроо-талаптары боюнча маалымат келишимдер. Жеке, юридикалык жактардын жана башкалардын арызы боюнча криминалитикалык, инженердик-техникалык, экономикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү.

14235400 Жалпы билим берүүчү уюмдарда жалпы баштапкы, негизги жалпы орто (толук) жалпы билим берүүдө окуган окуучулардын билим деңгээлин тестирлөөнү жүргүзүү,жеке адамдар үчүн кыргыз тили билиминин деңгээлин баалоону жүргүзүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14235500 Пестициддер жана агорхимикаттардын калдыктуу санын камтылышына өсүмдүктөрдүн. топурак кыртыш, сугарылуучу сууларды химиялык талдоо, ошондой эле а/ч товар өндүрүүчүлөрдүн табыштамалары боюнча азык заттардын жана гумустун жер кыртышына камтылышына алардын стандарттарына жана мониторинг жүргүзүүсүнө ылайык келүүсү, техникалык шарттарына жана мониторингдөө, айыл чарба жайыттарын, көчөттөрдү изилдөө, ишканалар жана аймакка чектеш болгон өсүмдүк өстүрүүчү продукция менен ишке. байланыштуу, үлгүлөрдү алуу менен байланышкан карантин обьекттерин аныктоо, жеке жана юридикалык жактардын (энтомологиялык эксперттөө, гербологиялык эксперттөө ,фитопатологиялык экспертиза) табыштамалары боюнча лабораториялык эксперттөөнү жүргүзүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14235600 Экспортто ветеринардык коштомо документтерди берүү менен клиникалык кароо жана термометрия жана малдан алынуучу чийки зат, тоют, тоют кошулмалалары, ветеринардык дары каражаттары жана экспорттоодо препараттарды кароо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14235700 Табыштамалар жана келишимдер боюнча тамак-аш продукцияларынын генетикалык модификацияланган булактарын табуу үчүн санитардык-химиялык изилдөөлөрдөн, токсикологиялык, микробиологиялык, радиометриялык экспертизалардан түшкөн акча каражаттары эсепке алынат.

14235800 Жеке жана юридикалык жактардын табыштамалары боюнча ветеринардык дары каражаттарынын натыйжалуулугуна жана коопсуздугуна экспертиза жүргүзүүдөн жана Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн жанан республикасынын аймагына ташылып келинүүчү дары каражаттарын ветеринардык экспертизадан түшүүчү акча каражаттары эсепке алынат.

14235900 Бул категорияга талдоо, баалоо жана экспертизалоону изилдөө боюнча классификацияланбаган кызматтар үчүн төлөмдөр кошулат.

**14236 Маалымат жана басма сөз кызматтарын көрсөтүү**

14236100 Диссертациялардын авторефераттар жана диссертациялар боюнча маалыматты берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236200 Статистикалык байкоолорду жүргүзүү, статистикалык маалыматтарды берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236300 Маалыматты табуу, тандоо жана маалыматты берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236400 Илимий-техникалык адабияттарды көчмө көргөзмөлөрүн уюштуру, музей коллекцияларын көргөзүүнү, экспозициялар боюнча экскурсия жана экскурсия менен көргөзмө уюштуруу үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236500 Убактылуу пайдаланууга документтерди берүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236600 Жарандардын документтерин жана документтөөнү тариздөө үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236700 Жер казынасы жөнүндө геологиялык жана башка маалыматтарды камтыган документтер, ошондой эле аларды пайдалануу менен түзүлгөн маалыматтык продуктулар үчүн төлөмдөн түшкөн акча каражаттар эсепке алынат.

14236800 Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканалардан илимий-техникалык адабиятты жана документацияларды сканерлөө жана көчүрмөлөө үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14236900 Маалымат жана басма сөз көрсөтүү боюнча классификацияланбаган кызматтар үчүн башка төлөмдөр эсепке алынат.

**14237 Коопсуздукту жана сактоону камсыздоо**

14237100 Зыянкечтерге каршы химиялык жана биологиялык иштетүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237200 Карантиндик продукттарды, каражаттарды жана имарат жайларды зыянсыздандыруу үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237300 Карантиндик изолятордо малдарды күтүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237400 Товарларды жана транспорттук каражаттарды бажылык коштоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237500 Документтерди даярдоо, кабыл алуу жана сактоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237600 Келишимдер боюнча кайтаруу жана обьекттердин коопсуздугун камсыздоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237700 Жалбырттап күйүүчү, таасири күчтүү, уулуу заттарды коштоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237800 Табыштамачынын демилгеси боюнча документтерди, ошондой эле мекемелер үчүн иштердин жеке жана тармактык номенклатурасын мамлекеттик сактоого өткөрүп берүүгө даярдоо үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14237900 Коопсуздукту сактоо жана сактоо боюнча классификацияланбаган кызматтар үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

**14238 Кызматтардын башка түрлөрү**

14238100 Суу пайдалануучуларга сууну жабдуу үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14238200 Өзгөчө корголуучу табигый аймактардагы обьекттерди көсөтүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14238300 Жыгач жана тигүүчү материалдарды сатуу үчүн төлөмдөр эске алынат.

14238400 Эл аралык патенттик классификация боюнча классификация темасы үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14238500 Эл аралык патенттик классификация, универсалдуу ондук классификация, УДК боюнча (берене) диссертация авторефераттарды индексирлөө боюнча төлөмдөр эсепке алынат.

14238600 Түзүлүштөр үчүн схема картаны жана бакча курулмаларын эксплуатациялоону иштеп чыгуу үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14238700 Суу алдындагы-техникалык, суу алдындагы иштер жана дайвингди уюштуруу жана жүргүзүү үчүн төлөмдөр эсепке алынат.

14238800 Иш-чараларды форматтан тышкары өткөрүү жана уюштуруу үчүн төлөм эсепке алынат.

14238900 Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар Реестрине ылайык башка кызмат түрлөрү боюнча классификацияланбаган кызматтар үчүн башка төлөмдөр эсепке алынат.

**14239 Башка түшүүлөр**

14239100 Жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн түшкөн акча каражаттары эсепке алынат.

14239200 Биргелешкен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн эл аралык институттардан чегерүүлөр эске алынат (эл аралык институттардан демөөрчүлүк жардам).

14239300 Жеке өндүрүш товарларын сатуудан каражаттар эсепке алынат.

14239400 Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге келишимдин негизинде берилүүчү ведомство аралык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм эсепке алынат.

14239500 Ченемдик укуктук акта белгиленген жогору жана төмөн турган мекемелерге чегерүүлөр эсепке алынат.

14239700 Бирдиктүү төлөөчү системасында медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн түшүүлөр эсепке алынат.

14239900 Жогоруда келтирилген бюджеттик классификациянын элементтеринде каралбаган Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү категорияга караштуу дагы башка түшүүлөр көрсөтүлгөн.

**143 Айыптар, туумдар, санкциялар, конфискациялар**

**1431 Айыптар, санкциялар, конфискациялар**

**14311 Айыптар, туумдар, санкциялар, конфискациялар**

14311110 Кыргыз Республикасынын Кодексинде белгиленген учурларда жана тартипте юридикалык жактар жана жеке адамдар тарабынан жол берилген укук бузуулар үчүн алар төлөгөн айыптар.

14311120 «Туумдар, айыптар боюнча финансылык санкциялар» айыптарды өз учурунда төлөбөгөндүгү үчүн акча каражаты эсептелет.

14311130 Мамлекеттик салык кызматынын айыптары.

14311140 Туумдар, Мамлекеттик салык кызматынын айыптары боюнча финансылык санкциялар.

14311150 Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору менен жүрүү үчүн транспорт каражаттарынын белгиленген салмак-габариттик параметрлеринин ченемдерин сактабоосу (ашыруу) үчүн айыптар.

14311200 Табылган контрабанданы сатуудан түшкөн каражаттар. Сот чечими менен белгиленген контрабандалык укук бузуулардын жана (же) кылмыш жасоолордун куралы же объекттери болуп саналган заттарды сатып өткөрүүдөн акча каражатынын түшүүлөрү эсепке алынат.

14311300 Фискалдык жана укук коргоо органдары тарабынан жүргүзүлгөн оперативдүү иш чараларга ылайык, ошондой эле мамлекеттин пайдасына мүлктү конфискациялоо жөнүндө сот чечимине ылайык конфискацияланган, ээси жок жана ээсиз мүлктү сатып өткөрүүдөн акча каражаттын түшүүлөрү эсепке алынат.

14311410 Жүргүзүлгөн контролдук-көзөмөл иш-чаралардан түшүүлөргө мыйзамда белгиленген финансылык жол-жоболорду жеке адамдар жана юридикалык жактар бузган учурда жана кол коюлган макулдашууларды, келишимдерди жана мамлекеттик милдеттенмелерди аткарбай койгондо мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өндүрүлүп алынуучу каражаттар кирет. Мисалы: Эсептөө палатасынын буйрутмасына ылайык казыналык системасын аттап өтүп, бюджеттик каражатты максатсыз пайдалануу жана чыгымдоо фактылары боюнча, макулдашуулар, келишимдер же дагы башка мамлекеттик милдеттенмелер бузулган учурда Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан өндүрүлүп

алынуучу айыптык санкциялар, ошондой эле монополияга каршы мыйзамдарда белгиленген жөнгө салуу талаптарынан четтөө суммаларынан түшүүлөр жана фискалдык жана укук коргоо органдары тарабынан документалдык текшерүүлөрдүн жүрүшүндө табылган финансылык тартип бузууларда өндүрүп алынуучу айыптык санкциялар.

14311420 «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында, аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен эсепке алынган Жол кыймылынын жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуулар үчүн айыптар эсепке алынат.

14311430 Туумдар, айыптар боюнча финансылык санкциялар «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен эсепке алынган Жол кыймылынын жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоо эрежелерин бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн айыптарды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн каражаттарды камтыйт.

14311500 Бул деңгээлде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген өзгөчө чоң өлчөмдөгү экономикалык кылмыштар боюнча келтирилген зыяндын ордун толуктоо эсепке алынат.

Экономикалык кылмыштарга укукка каршы, өзүмчүл жыйындысы, мамлекетке, ишкердүүлүккө, жарандарга материалдык зыян келтирген, легалдуу экономикалык иштин алкагында жана аны жамынып жазык-жаза кылмыштуу иштерди жасоо кирет.

14311600 Жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн, мамлекеттик токой фондунун жана козу карындар объектилерине келтирилген, аны менен бирге булганган чөйрөнүн натыйжасында, жаратылыш жана суу ресурстарынын түгөнүшү, бузулушу, жаратылыш экологиялык системасынын кыйрашы, адамдардын ден соолуктарына жана жашоосуна, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнө чыныгы коркунуч жаратууларга келтирилген зыяндын ордун толуктоого кеткен төлөмдөр эсепке алынат.

14311700 Жерди бузгандык үчүн административдик айыптар, жерди бузгандык натыйжасында пайда болгон айыл чарба

өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун түшүүлөрү эсепке алынат.

14311800 Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдоруна келтирилген залалдын жана зыяндын ордун толтуруу.

14311900 Коррупциялык укук бузуулар менен байланышкан кылмыш иштери боюнча келтирилген зыяндын ордун толтуруудан түшкөн каражаттар эсепке алынат.

Коррупциялык кылмыштар төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздүү:

− Тиешелүү субъекттин жазык-жаза жосунунун болушу, аларга Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамында жана ченемдик мүнөздөгү сот практикасында функциялары жазылган кызмат адамдары кирет;

− Субъекттин кызматтык абалы менен коомдук коркунучтуу жосундардын байланышы, ээлеген кызматынын же кызмат ордунун кызыкчылыктарына карабастан, өзүнүн түз милдеттенмелеринен чегинүү;

− Субъектте өзүмчүлдүк мотивдин милдеттүү түрдө болушу;

− Атайылап кылмыш жасоо.

**1432 Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча айыптар жана туумдар.**

**14321 Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча айыптар жана туумдар**

14321100 Социалдык фондго өз убагында жана толук эмес которуудагы туумдар жана айыптар чегерилген, камсыздандыруу төгүмдөрү.

14321200 Милдеттүү медициналык камсыздандырууга өз убагында жана толук эмес которуудагы туумдар жана айыптар чегерилген, камсыздандыруу төгүмдөрү.

**144 Мамлекеттик сектор бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар - бул категория Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке же юридикалык жактардан мамлекетке, бюджеттик мекемелерге каражаттарды кайтарымсыз түрдө өткөрүп берүүсү.**

**1441 Ыктыярдуу трансферттер жана мамлекеттик сектор бирдиктерине гранттар**

**14411 Учурдагы**

14411100 Учурдагы ыктыярдуу трансферттер жана мамлекеттик сектор бирдиктерине гранттар, учурдагы чыгымдарды жабуу үчүн жеке же юридикалык жактардан түшүүчү демөөрчүлүк жардам (КР бюджетинин чыгымдар классификациясында каралган).

**14412 Капиталдык**

14412100 Капиталдык ыктыярдуу трансферттер жана мамлекеттик сектор бирдиктерине гранттар, бул капиталдык чыгымдарды каржылоо үчүн ( активдер жана милдеттенмелер менен болгон аткарымдар боюнча Классификацияда каралаган) жеке адамдардан жана юридикалык жактардан келип түшкөн демөөрчүлүк жардам.

**145 Башка салыктык эмес кирешелер** - бул категория 141ден 144кө чейинки категорияларга бөлүнбөгөн бардык башка салык эмес кирешелерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бюджетке акча каражаттарынын түшүүсүн камтыйт.

**1451 Башка салыктык эмес кирешелер**

**14511 Башка салыктык эмес кирешелер**

14511110 Мамлекеттин пайдасына айланган кирешелерге бюджетке келип түшкөн каражаттар кирет, алар өз кезегинде кандайдыр бир башка категориянын курамына эсептелиши мүмкүн эмес, мында үзгүлтүксүз негизде же бир жолку төлөм түрүндө болбогон түшүүлөр мүнөзүнө ээ. Мындай төлөмдөр менен түшүүлөргө: кандайдыр бир себептер менен кайтарылынган өткөн жылдардагы каражаттар, эл аралык долбоорлор жабылганда же дагы башка мекемелер жоюлганда калган акча каражатынын калдыгы, металл сыныктарын жана макулатураны тапшыруудан каражат, «финансылык эмес жана финансылык активдерди сатуу» деңгээли боюнча таандык болбогон жана эсептелбеген негизги фонддорду сатуудан түшүүлөр, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин кирешеси катары квалификацияланбаган жана алардын түшкөн күнүнөн 2 ай өткөнчө талап кылынбаган каражат кирет.

14511120 Экономикалык амнистия боюнча мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелер, бюджетке кошумча акчалай түшүүлөрдүн булагы катары бюджетке түшкөн каражаттарды камтыйт - экономикалык кылмыштардан келтирилген зыяндын ордун толтуруудан, мыйзамдаштырылгандан кийин мурда жашырылган

киреше боюнча түшүүлөр, башка эч кандай категориянын курамында эске алынбайт, ошол эле учурда, алар туруктуу негизде эмес келип түшүү мүнөзүнө ээ.

14511130 Финансылык эмес активдердин эсебинен мамлекеттин пайдасына айлантылган кирешелер эсепке алынат.

14511200 Дагы башка салыктык эмес киреше өзүнө башка категориялардын курамында аларды классификациялоо үчүн жетиштүү маалымат болбогон кирешелерди камтыйт, ошондой эле бул деңгээлге алуучу тарабынан 2 айдын ичинде тактоону жана аныктоону талап кылган түшүүлөр (аныкталбаган түшүүлөр) таандык болушу мүмкүн. Чет өлкөлүк валюталарды конвертациялоо боюнча КРдагы чет өлкөлүк мекемелердин операция жүргүзүүсүндө жана төлөмдүн таандык болушу аныкталгандан кийин каражат тийиштүү деңгээлде чагылдырылат.

14511400 Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүү жана күтүү чегерүүлөрдөн акча каражаттарынын түшүүлөрү эске алынат. Төлөөчү болуп пайдалуу кен казып алууну ишке ашыруучу (көмүр,сымап, минералдуу жана термалдуу суулардан башкасы,курулуш материалдары катарында пайдаланылуучу пайдалуу кен казып алуулардан, анын ичинде курулуш материалдар өндүрүшүндө сырье башкасы) жана кен казып алуунун жайгашкан орду боюнча Областардын,райондордун өнүктүрүү фондуна жана жергиликтүү бюджетке чегерүүнү жүргүзүүчү каттоо ордуна карабастан жеке жана юридикалык жак болуп саналат.

14511500 Негизги каражаттар түрүндө алынган кирешелер эсепке алынат.

14511600 Запастар түрүндөгү кайтарымсыз түшүүлөр эсепке алынат.

14511900 Башка салыктык эмес кирешелер өзүнө төмөндөгүдөй кирешелерди камтыйт, башка категориялардын курамы боюнча толук маалыматтар жетищсиз болсо мындай деңгээл эки ай мөөнөттөгү тактоолорду жана аныктоолорду талап кылат (аныкталбаган түшүүлөр). Төлөм тиешелүүлүгүн аныктагандан кийин – тиешелүү деңгээлде каражаттар чагылдырылат.

**14512 Пенсиялык топтоолордун түшүшү**

14512100 Камсыздандырылган адамдарга пенсиялык топтомо каражаттарын төлөө үчүн башкаруучу компаниялардан Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна түшкөн пенсиялык топтомо каражаттар эсепке алынат.

14512200 МТПФга мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордон пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүшү. Пенсиялык топтомо каражаттарын төлөө үчүн мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордон Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна түшкөн пенсиялык топтомо каражаттар эсепке алынат.

**1452 Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бюджетке акча каражаттардын түшүүсү**

**14521 Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бюджетке акча каражаттардын түшүүсү**

14521100 Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бюджетке акча каражаттарынын түшүүсү. Каражаттар Кыргыз Республикасынын Президенти аныктаган Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибине ылайык бюджетке которулат.»;

− Кирешелердин классификациясын, Чыгашалардын экономикалык классификациясын жана Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясын колдонуунун тартиби жөнүндө көрсөтмөлөрдүн «Чыгашалардын экономикалык классификациясы» III бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

**« III. «Чыгашалардын экономикалык классификациясы»**

Чыгашалардын экономикалык классификациясы мамлекеттик башкаруу секторунда ишке ашырылуучу аткарымдардын экономикалык мазмунуна жараша болуучу бюджеттердин чыгашалар топтому болуп саналат.

Чыгашалардын экономикалык классификациясы өзүнө бөлүм, категория, топ, берене, беренече коддорун жана 8 бөлүктөн турган чыгашалар Элементтерин камтыйт:

| Чыгашалардын экономикалык классификациясы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бөлүм** | **Категория** | **Топ** | **Берене** | **Беренече** | **Элемент** |
| X | XX | XXX | XXXX | XXXXX | XXXXXXX |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 8 |

Бөлүм - 1 белги;

Категория - 2 белги;

Топ - 3 белги;

Берене - 4 белги;

Беренече - 5 белги;

Элемент - 8 белги.

Министрликтер менен мекемелердин бюджетинин аткарылышы 8-белгинин деңгээлинде жүргүзүлөт.

**2 «Чыгашалар» бөлүмү чыгашалардын төмөнкү категорияларын камтыйт:**

21 Кызматчылардын эмгек акысы

22 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу

24 Пайыздар

25 Субсидиялар

26 Гранттар жана чегерүүлөр

27 Социалдык жөлөкпулдар жана төлөмдөр

28 Башка чыгымдар

Чыгашалардын ар бир категориясы тиешелүү бөлүнгөн чыгымдардын беренелеринин беренечелеринин жана элементтеринин коддорун андан ары деталдаштырган чыгашалардын топторунан турат.

**21 Кызматчылардын эмгек акысы**

Кызматчылардын эмгек акысы 21 категориясы - Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык мамлекеттик кызматчыга төлөнүүгө тийиш болгон эмгек акы боюнча чыгымдар киргизилет. Кызматчылардын эмгек акысы отчеттук мезгилдин ичинде аткарылган иши үчүн акчалай формада мамлекеттик кызматчыга төлөнүп берилүүгө тийиш болгон толук акыны билдирет

(ошол эле өзгөчөлүк кызматчылардын эмгек акысынын бардык субкатегорияларына тиешелүү). Бул категорияга эмгек акы (211) жана кызматчылардын атынан социалдык камсыздандыруу программасына жумуш берүүчү төлөгөн социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр (212) кирет.

Кызматчылардын эмгек акысы кызматчы тиешелүү мезгилдин ичинде аткарган иши үчүн акчалай алууга укугу бар, иштин аткарылышына жараша же ал аяктагандан кийин аванс түрүндө төлөнө турган акынын чоңдугу менен аныкталат.

**Эмгек акы 211 тобу**, жумуш берүүчү тарабынан мамлекеттик кызматчыга төлөнгөн бардык төлөмдөрдү камтып турат, буга социалдык муктаждыктар үчүн төгүмдөр/чегерүүлөр (212) буга кирбейт. Ал акчалай формадагы төлөмдөрдү камтып турат. Аталган категорияга кызматчылардын эмгек акысынан чыгарып салуу аркылуу төлөнүүчү төгүмдөр/чегерүүлөр да киргизилет.

Эмгек акыга кызматчы иш алуу же өз функцияларын аткаруу процессинде тарткан чыгымдар киргизилбейт. Мисалы кызматчы жаңы ишке алынганда тарткан чыгымдар эмгек акы катары эсептелбестен, товарларды жана кызматтарды пайдалануу (22) катары классификацияланат. Бул категорияга ошондой эле кызматчы тарабынган шайманга, камсыз кылууга, атайын кийимге же өзүнүн ишин аткаруу үчүн гана негизинен зарыл болгон атайын кийимге же башка нерсеге кеткен чыгымынын ордун толтуруу да кирбейт. Орду толтурулуучу суммалар товарларды жана кызматтарды пайдалануу (22) деп эсептелет.

Эмгек акыга ошондой эле жумуш берүүчүлөр тарабынан балдарга, жубайына, балалуу үй-бүлөөлөргө, билим берүүгө жөлөкпулдар же багуусунда болгондорго башка жөлөкпулдар формасында төлөнгөн социалдык жөлөкпулдар да кирбейт. Оорусуна, кырсыкка байланыштуу жумушка келбей калган кызматкерлерге же кош бойлуулук боюнча өргүүдө болгон кызматчыларга эмгек акынын толук же толук эмес ставкасы боюнча төлөп берүү эмгек акыга кирбейт.

**2111 эмгек акы**, ушул категория кызматчыларга алар чыгарып салууларга, аларга салыктарды төлөөгө жана социалдык камсыздандыруу программасына төгүмдөрдү төккөнгө чейин, алар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акчалай формада

төлөп берүүлөрдөн турат. Аталган категорияга базалык эмгек акы; мөөнөтүнөн ашык жана түнкүсүн иштегендиги үчүн кошумча акы, ошондой эле дем алыш күндөрү иштегендиги үчүн кошумча акы, жашоонун наркынын өзгөрүшүнө байланыштуу экспатриацияга байланыштуу кошумча төлөөлөр, жергиликтүү кошумчалар; сый акылар; «он үчүнчү эмгек акы» сыяктуу кошумча төлөмдөр; ишке келүү жана кайра кетүү үчүн төлөнүүчү каражаттар; расмий майрам күндөрү жана ар жылкы өргүүлөр; турак жай үчүн жөлөкпул, ал төмөндөгү беренечелерди камтып турат:

**21111 Туруктуу кызматчылардын эмгек акысы**

**21112 Убактылуу кызматчылардын эмгек акысы**

21111 Туруктуу кызматчылардын эмгек акысы, төмөнкү элементтерди камтыйт:

21111100 Негизги эмгек акыга бюджеттик мекемелердин кызматчыларынын негизги эмгек акысына төлөөлөр боюнча чыгымдар кирет.

21111200 Үстөк кошууларга квалификациялык разряд (класстык чин, дипломатиялык ранг, аскердик жана атайын наамдар); мамлекеттик жана башка кызматтардагы өзгөчө шарттар (зыяндуу жана коркунучтуу эмгек шарттарында; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тизмеге ылайык ыңгайсыз климаттык оор шарттар); көп жылдык эмгек; окумуштуулук даража; окумуштуулук наам; чет тилди билгендик; айдоочулардын класстуулугу; иштин кызыкчылыгын камсыз кылган жеке үстөк кошуулар үчүн эмгек акы төлөөлөр боюнча чыгымдар киргизилет.

21111300 Кошумча төлөөлөр жана компенсацияларга, сыйлык төлөө; материалдык жардам; жылдык иштин жыйынтыгы боюнча сыйлык берүү; автордук аткарууга жана коюуга сыйлык берүү жана кызыктыруу мүнөзүндөгү төлөөлөр; эгерде ооруп калса же травма алса (өндүрүштүк кокустуктардан жана кесипчилик оорулардан сырткары) эгерде кызматчы өзү гана алган травмасынан же ооруп калганда жумуш берүүчүнүн каражатынын эсебинен эмгекке жарамсыздыктын биринчи эки күнү үчүн жөлөкпул төлөөлөр; жыл сайын өргүүгө төлөө, окугандыгына өргүү төлөө, пайдаланылбаган өргүү үчүн компенсация төлөө; кесипчилик даярдыктарга багытталган кызматчылардын окуу мезгили үчүн төлөө; квалификациясын жогорулатуу же башка

кесиптерге окууга; түнкү убакта иштегендиги үчүн; жумушка барып, кайра келген жол киреге бөлүнүүчү каражаттарга; майрам жана дем алуу күндөрү боюнча чыгымдар; КР МК токтомуна ылайык дайындалган жеңилдетилген пенсиялык камсыздоо (эрте пенсия), иштеген жерине баруу жана кайтуу үчүн бөлүнгөн каражаттар, аскер кызматчыларына жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кызмат стажы үчүн бир жолку пособие; кызматтан бошогондорго бошонуу жөлөкпулдары, жаңы жашаган жерине жайгаштыруу боюнча чыгымдар.

**21112 Убактылуу кызматчылардын эмгек акысына төмөнкү элементтер кирет:**

21112100 Контракт боюнча жана убактылуу негизде жалданган кызматчыларга контракт менен иштегендерге төлөө боюнча чыгымдар кирет (22151200 Консультанттардын кызматына чыгымдары кошулбайт).

Социалдык фондко төлөмдөр кызматчынын эмгек акысынын бүтүн суммасынын бөлүгү болуп эсептелинет жана жумуш берүүчү кызматчынын атынан Социалдык фондко которгон төгүмдөр кирет. Социалдык фондко төгүмдөр 2111 эмгек акы беренесинен ар бир элементинен 8% өлчөмүндө эсеп кылынат.

Киреше салыгы Кыргыз Республикасынын Салык кодекси орноткон өлчөмүндө эсеп кылынат. Киреше салыгы эмгек акынын бүтүн суммасынан кармап калынат жана 2111 эмгек акы беренесинин элементтерине пропорционалдуу эсеп кылынат, кызматчынын ала турган киреше түрүнө көз каранды (негизги эмгек акы, материалдык жардам, өргүүгө чыгуу үчүн пособиелери ж.б.)

**Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр 212 тобу** мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктери тарабынан жүргүзүлө турган, айкын түрдө жүргүзүлгөн же шарттуу түрдө эсептелген төлөмдөр болуп саналат, өз кызматкерлеринин социалдык пенсияларды, анын ичинде пенсияларды жана башка пенсиялык жөлөкпулдарды алуу укугун камсыз кылуу үчүн жалпы мамлекеттик органдар тарабынан социалдык камсыздандыруу тутумдарына иш жүзүндө төлөнгөн же эсептелген төлөмдөрдү камтыйт.

2121 Кызматкерлердин социалдык төлөмдөрдү, анын ичинде пенсияларды жана башка пенсиялык төлөмдөрдү алууга укуктарын

кийинчерээк камсыз кылуу максатында Социалдык фондго, социалдык камсыздандыруу программаларына чегерүү. Камсыздандыруу уюмдарына, социалдык камсыздандыруу фонддоруна же социалдык камсыздандыруу программаларын уюштурууга жана башкарууга жооптуу башка институттук бирдиктерге, анын ичинде автономдуу эмес пенсиялык фонддорду тейлеген мамлекеттик бирдиктерге төлөнүүгө тийиш болгон төгүмдөр/чегерүүлөрдөн турат. Төмөнкү элементтер кирет:

21211100 Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна, Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү

**22 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу**

**Товарларды жана кызматтарды сатып алуу жана пайдалануу 22 категориясы**, бул категория рынок жана рыноктук эмес товарлар жана кызматтар өндүрүшү үчүн пайдаланылуучу товарлар жана кызматтардан турат - мындан тышкары жеке каражаттар эсебинен капиталдын топтолушу - ошондой эле, өндүрүштүн аякталбаган накталай запастарын эсептен чыгарууга кайра сатуу үчүн сатылып алынган товарлар, кайра сатуу үчүн сакталган даяр продукциялар жана товарлар.

Техникалык тейлөөгө чыгымдалган товарлар жана кызматтар жана негизги фондду учурдагы оңдоо товарлар жана кызматтар пайдаланууну билдирет. Илимий изилдөөлөрдө жана тажрыйба-конструктордук иштеп чыгуулар, персоналды окутуу жана башка иштер, материалдык эмес негизги фонд сатып алуу, алардын ичинен бир жылдан ашпаган мөөнөт аралыгында пайда алып келүүчү товарлар жана кызматтар катары чагылдырылат. Банкнот жана улуттук валютада даярдоо үчүн колдонулуучу материалдар же аларды даярдоо үчүн подрядчылар тарабынан төлөөгө тийиштүү суммалар товарлар жана кызматтар пайдалануу катары чагылдырылат. Банкнотторду же монеталарды чыгаруу финансылык операцияны билдирет, ал киреше, чыгымдар менен байланышкан эмес. Товарларды жана кызматтарды пайдаланууга жарак-жабдыктар (мисалы, ракета, наряддар жана аларга боеголовкалар) жана бул жарак-жабдыкты (мисалы, ракеталык түзүлүштөрдү иштетүү, аскер кемелери, суу алдындагы кайыктар жана танктар)

иштетүү үчүн аскер техникасын сатып алуу кирет. Обьекттерди сатып алуу, ал аскерлер үчүн, ошондой эле жарандык максаттарга да пайдаланылышы мүмкүн, мисалы аскер аэдромдорун, доктордуу колледждер, ооруканалар жана офистик жабдууларды сатып алуу негизги фонддорду сатып алуу катары чагылдырылат. Бирок, полиция жана ички коопсуздук кызматтары тарабынан сатылып алынуучу курал жабдыктар же транспорттук каражаттар негизги фонддорду сатып алуу катары чагылдырылат, аскер ведомстволорунун мындай жабдууларды сатып алуу чыгымдары товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу болуп эсептелет. Мамлекеттик бирдиктер жана алардын жумушчулары тарабынан керектелүүчү товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануусуна байланыштуу максаттар товарларды жана кызматтарды сатып алуу катары классификацияланат. Жалпы шартта, өзүнүн ишинде аткаруу үчүн зарыл болгон качан товарларды же кызматтарды жумушчулар тарабынан пайдалануусу бул товарларды жана кызмат көрсөтүүнү сатып алуу болуп саналат.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдаланууга жумушчулар тарабынан көрсөтүлүүчү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр түрлөрүнө төмөндөгүлөр кирет: 1) иште пайдаланылуучу кымбат эмес товарларды, инструменттерди (шаймандарды) же жабдууларды сатып алууга чыгымдар; 2) иште өзгөчө же башкы негизде колдонулуучу инструмент же жабдуу; 3) өзгөчө же башкы түрдө кийилүүчү кийим же бут кийим, мисалы, коргоо кийимдери, комбинезондор же формалык кйимдер; 4) жумушчу орунда турак жай кызматтары, ал жумушчулардын үй бүлө мүчөлөрү пайдалана албаган, мисалы, казармалар, жатаканалар жана барактар; 5) өзгөчө эмгек шарттарына байланыштуу керектөө зарылдыгына карата атайын тамак жана суусундуктар, ошондой эле аскер кызматчыларына жана милдеттерин аткарууда болгон башка жумушчуларга берилүүчү тамак жана суусундуктар; 6) кызматтык иш сапар учурунда көрсөтүлүүчү транспорттук жана мейманканалык кызматтар; 7) иш мүнөзүнө карай керектүү чечинүүчү жайлар, даараткана, душ жана ванна бөлмөлөрү; 8) иш мүнөзү менен шартталган биринчи жардам көрсөтүү каражаттары, медициналык кароолор же ден соолук абалын башка текшерүүлөр; 9) техникалык тейлөөгө сатып алынган жана пайдаланылуучу товарлар жана

кызматтар же негизги фондду учурдагы оңдоо, персоналды окутуу жана башкалар.

Төмөнкү беренелерди камтыйт:

2211 Кызматтык иш сапарларына чыгымдар;

2212 Байланыш кызматтары;

2213 Ижара акысы;

2214 Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр;

2215 Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу;

2216 Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренелер менен көрсөтүлгөн чыгашалар;

2217 Медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу;

2218 Тамак аш азыктарын сатып алуу;

2219 Жогорку кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгымдар;

2221 Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар;

2222 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу;

2223 Кийим-кечек предметтерин жана башка форма жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо;

2224 Көмүр сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу;

2225 Күзөт кызматтарын сатып алуу;

2226 Банк кызматтарына жана мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча кызматтарга чыгымдар;

2227 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар;

2231 Коммуналдык кызматтар;

2235 Башка коммуналдык кызматтарга акы төлөө.

**2211 Кызматтык сапарларга кеткен чыгымдар**га мамлекеттик кызматтын иштери боюнча жүргөн мезгилде коштогон чыгашаларды жабууга кеткен чыгымдар кирет. Төмөнкү беренелерди камтып турат:

**22111 Өлкөнүн ичине сапар чыгымдары**

22112 Чет өлкөгө сапар чыгымдарына төмөнкү элементтер кирет:

22111100; 22112100 Унаа чыгымдары;

22111200; 22112200 Мейманкана чыгымдары;

22111300; 22112300 Күнүнө төлөөлөр.

**2212 Байланыш кызматы**, байланыш кызматына акы төлөөгө чыгымдар таандык: телефондук, факсимильдик, уюлдук, фельдъегердик, почта аркылуу, трансляциялык жана башка. Төмөнкү беренечелерди камтыйт:

**22122 Байланыш кызматы** телефондук (уюлдук, пейджингдик, Интернет тармагына кошулуу жана пайдалануу), телеграфтык байланыш каналдарын, фельдъегердик байланыш кызматына акы төлөөнү камсыз кылуу максатында байланыш кызматын көрсөтүүгө чыгашалар кирет. Почта байланышынын кызмат көрсөтүүсүнө чыгаша кирбейт (почталык жөнөтүүлөр, акча каражатын почта аркылуу которуу). Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22122100 Телефондук жана факсимилдик байланыш кызматы;

22122200 Уюлдук байланыш кызматы;

22122300 Фельдъегердик байланыш кызматы;

22122400 Почта аркылуу байланыш кызматына почта аркылуу байланыш кызматын көрсөтүүгө карата чыгашалар (почта аркылуу жөнөтүүлөр, акча каражаттарын почта аркылуу которуу ж.б.) кирет;

22122500 Телерадиопрограммаларды берүүлөр боюнча кызмат көрсөтүү үчүн акы;

22122900 Дагы башка байланыш кызматтары, жогоруда аталган элементтерге, анын ичинде Интернет тармагына кошулуу жана пайдалануу таандык болбогон байланыш кызматы кирет.

**2213 Ижарага акы төлөө**гө (өз керектөөлөрүн камсыздоо максатында түзүлгөн ижара (субижара) келишимдерине ылайык) өндүрүштүк активдердин: имараттардын, жайлардын, унаа каражаттарынын ижарасы үчүн төлөө боюнча чыгымдар кирет.

Төмөнкү элементтер кирет:

22131100 Имараттардын жана жайлардын ижарасы;

22131200 Камсыз кылуулардын жана шаймандардын ижарасы;

22131300 Унаа каражаттарына ижарага акы төлөө;

22131900 Башка мүлккө ижарага акы төлөө.

**2214 Унаа менен тейлөө** кызматтарына өз керектөөлөрүн камсыздоо максатында унаа кызматтарын, анын ичинде унаа каражаттарын жалдоо: жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызматтар, кызматтагы адамдардын коомдук унаанын бардык түрлөрүндө кызматтык максатта жүрүүсү үчүн документтер менен камсыз кылуу жана башка кызматчылардын которулуштары менен байланышкан башка чыгашаларына жумшаган мекемелердин чыгымдары кирет. (22111100, 22112100 сапар чыгымдары , 22122300 фельдъегердик кызматтар кирбейт).

Төмөнкү элементтер кирет:

22141100 Бензин, дизелдик жана башка күйүүчү майлар;

22141200 Запастык тетиктерди алууга чыгымдар;

22141300 Унаа каражаттарын тейлөөгө чыгымдар;

22141900 Башка унаалар менен тейлөө кызматтары.

**2215 Башка тейлөө кызматтарын алуу**га төмөнкү беренечелер кирет:

22151 Башка тейлөө кызматтарын алуу;

22152 Мүлктүн абалын күтүү боюнча кызматтарды сатып алуу;

22153 Мамлекеттик кызматкерлерди, адистерди жана калкты окутуунун чыгымдары;

22154 Башка кызматтарга байланыштуу чыгымдар.

**22151 Башка тейлөө кызматтарын алуу**га юридикалык тейлөө кызматтарына, консультанттардын тейлөө кызматтарына, мекемелердин чыгымдары кошулат. Төмөнкү элементтер кирет:

22151100 Юридикалык тейлөө кызматтары;

22151200 Консультанттардын тейлөө кызматтары;

22151400 Маалыматтык технологиялар жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр, маалыматтык технологияларга тийиштүү кызмат көрсөтүүлөр эске алынат, мисалы, компьютердик техникаларды оңдоо, компьютердик жабдууларды орнотуу, картриждерди толтуруу жана алмаштыруу ж.б.у.с. кызматтар.

**22152 Мүлк абалын күтүү боюнча кызматтарды сатып алуу**га жайларды, имараттарды, короолорду же башка мүлктү таза кармоо сыяктуу жеке муктаждыктарды камсыз кылуу максатында оперативдүү

башкарууда же ижарада турган финансылык эмес активдерди күтүүгө байланыштуу кызматтарды көрсөтүүгө түзүлгөн чыгымдар таандык.

Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22152100 Имараттарды жана жайларды күтүүдө санитардык кызматтарды сатып алууда, карды, таштандыларды жыйноо жана ташуу, дезинфекциялоо, дератизациялоо, санитардык-гигиеналык тейлөө, казылган чуңкурларды жана канализациялаштырылбаган дааратканаларды тазалоо жана ташып чыгаруу жана башкалар боюнча кызмат көрсөтүүлөр эске алынат;

22152200 Тарыхый жана маданий эстеликтерди реставрациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу;

22152900 Имараттарды, жайларды жана башка мүлктү күтүү боюнча башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу.

**22153 Мамлекеттик кызматкерлерди, адистерди жана калкты окутууга чыгашалар**, персоналды окутуу материалдык эмес негизги фонддорду сатып алуу катары эмес, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу катары чагылдырылат, буга карабастан окутуу бир жылдан ашык мөөнөт ичинде пайда алып келиши мүмкүн.

Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22153100 Мамлекеттик кызматкерлерди окутууга чыгымдар;

22153200 Кесиптик-техникалык билим берүүчү окуу жайларда кыска мөөнөттүү негизде чоң адамдарды окутууга жана кайра окутууга чыгашалар;

22153300 Адистерди окутууга жана кайра окутууга чыгымдар – мамлекеттик эмес кызматкерлерди окутуу үчүн төлөмдөр эсепке алынат. (Социалдык фонддун кызматкерлери мамкызматкерлерге кирбейт);

22153400 Шайлоо системасын өнүктүрүүгө, анын ичинде жаңы шайлоо технологияларын, каражаттарды киргизүүгө, шайлоонун жана референдумдардын катышуучуларын, аппараттын кызматкерлерин жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн укуктук окутууларга байланыштуу чыгымдар.

**22154 Башка кызматтарга акы төлөөгө байланыштуу чыгымдар**га, өкүлчүлүк чыгашаларына (делегацияларды кабыл алуу жана тейлөө), бланктарды даярдоо (мамлекеттик сертификаттарды,

отчеттуулуктарды ж.б.) боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө, маалыматтык-коммуникациялык кызматтарга жана жеке муктаждыкты камсыз кылуу максатында башка беренелерге таандык болбогон башка кызматтарга акы төлөөгө байланыштуу мекемелердин чыгашалары, СДРди чет өлкө валютасына конвертациялоо боюнча чыгашалар, мүлктү милдеттүү камсыздандырууга жана автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандырууга чыгымдар таандык. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22154100 Өкүлчүлүк чыгашалары, жолугушууларды уюштурууга чыгашалар, анын ичинде талаптарды, делегациялардын жолугушууларын, кызматкерлер жана ардагерлер үчүн, чет өлкөлүк мекемелер тарабынан өкүлчүлүк иш-чараларын өткөрүү боюнча майрамдык жана куттуктоочу жолугушууларды уюштуруу боюнча кызматтарга акы төлөөгө чыгашалар;

22154200 бланктарды, медалдарды, значокторду даярдоого чыгымдар, бланкалык продукцияны, медал, диплом, ардак грамота, грамота, кубок, значок, ММК полистерин, кош төлөм талондорун даярдоо, ММК үчүн пломбалар, ККМ үчүн пломбалар, чыйратылган зымдар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө кирет;

22154300 Камсыздандырылган адамдар боюнча маалымат базаларын жүргүзүү, иштеп чыгуу жана аны актуалдуу абалда кармап туруу боюнча маалыматтык-коммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөдө,маалыматтык агымдардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча, коммуникациялык түйүндөрдүн иштөө жөндөмдүүлүгүн коштоп жүрүү жана программалык камсыз кылуу, программаларды пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүү ж.б. боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу эске алынат;

22154400 Курстук айырмага байланышкан чыгымдарга СДРди чет өлкө валютасына конвертациялоо боюнча чыгашалар кирет;

22154500 Мүлктү милдеттүү камсыздандырууга жана автотранспорт каражаттарынын ээлеринин жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандырууга чыгымдар

22154900 Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар:

− Жаштар политиканын чегинде социалдык маданий иш чараларды уюштуруу кызматтары;

− Документтерди көчүрмөлөөгө жана кагазга чыгарууга;

− Аскер кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жолдомосунун наркынын жеңилдетилген бөлүгүн төлөө боюнча чыгымдар ички иштер органдарынын кызматкерлерин, Куралдуу күчтөрдүн жана Кыргыз Республикасынын башка аскердик түзүлүштөрүнүн аскер кызматчыларынын;

− Патрондорду, кызматтык иттер үчүн жем, аттарга чөп ж.б. сатып алууга Эпизоотияга каршы иш-чаралар үчүн, ошондой эле ветеринардык изилдөөлөр үчүн багытталган тажрыйба жүргүзүлүүчү жаныбарлар үчүн жем сатып алууга;

− Кызматкердин жана анын үй-бүлө мүчөсүнүн көчүү жана мүлкүн көчүрүү боюнча чыгымдар;

− Контракт боюнча көрсөтүлгөн башка кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө чыгымдар;

− Мүлк салыгын төлөөгө чыгымдар жана башка;

− Кино өндүрүүнү уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө чыгымдары;

− Соттук органдарга доо арыздарын берүүдө мамлекеттик алымдарды төлөө боюнча чыгымдар;

− Чет өлкөлөрдөгү мекемелердин кызматкерлерин жана чет өлкөлүк мекемелердин кызматкерлерине медициналык жардам берүү боюнча медициналык камсыздандыруу үчүн төлөө чыгымдары;

жана башка классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр.

**22155 Илим тармагындагы илимий-изилдөөлөргө, тажрыйба-конструктордук иштерге жана мамлекеттик заказдарга байланышкан чыгымдар** (илимий институттарды жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясын негизги каржылоосу кирбейт). Илимий институттарды жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясын негизги каржылоо экономикалык классификациянын бардык түрлөрү боюнча чагылдырылат. Ошондой эле 22155-беренечеге мамлекеттик органдардын, жогорку окуу жайлардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын

илимий изилдөөлөргө чыгашалары кирет. Төмөнкү нерселерди камтыйт:

22155100 Илим тармагындагы кызматкерлердин эмгек акысына илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иштердин кызматкерлерине жана илим тармагындагы мамлекеттик заказдарга акы төлөө кирет. Бул категорияга эмгек акы жана социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр кирет;

22155200 Илим тармагындагы иш сапардык чыгашаларга илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иштерге жана илим тармагындагы мамлекеттик заказдарга байланыштуу иш сапарга чыгашалар жана талаа жөлөкпулдарга чыгымдар кирет;

22155300 Илим тармагындагы транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө башка транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, КММ, өз керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде транспорттук каражаттарды жалдоо боюнча чыгымдар: илимий-изилдөө иштери жана илим тармагындагы мамлекеттик заказдар боюнча жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр кирет;

22155400 Илим тармагындагы буюмдарды жана материалдарды алуу, илимий изилдөөгө тиешелүү жана изилдөөгө арналган буюмдарды жана материалдарды, анын ичинде химиялык реагенттерди, приборлорду, тоо-кен жабдууларын, чийки заттарды жана башкаларды алууга байланышкан чыгымдарды камтыйт;

22155500 Илим тармагындагы коммуналдык кызматтар, байланыш кызматтарына жана коммуналдык кызматтарга, имараттарды жана мүлктөрдү тейлөөгө, интернет тармактарына, почта кызматтарына байланышкан чыгымдарды камтыйт;

22155900 Илим тармагындагы башка кызмат көрсөтүүлөргө башка кызмат көрсөтүүлөр, илимий-изилдөө иштери жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик заказдар менен байланышкан чыгашалар кирет.

**2216 Саламаттыкты сактоо системасындагы бирдиктүү беренелер менен берилген чыгашалар**, Бирдиктүү төлөөчү системасында жарандарды мамлекеттик базалык жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасынын каражаттары эске алынат. Төмөнкү беренече кирет:

**22161 Саламаттыкты сактоо системасындагы бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгашалар**. Төмөнкү элемент кирет:

22161100 Саламаттык сактоо системасындагы бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгашалар.

**2217 Медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу**, медикаменттерди, тануучу каражаттарды, сывороткаларды, вакциналарды, канды, инсулин препараттарын, бактериялык препараттарды жана башка медицина багытындагы буюмдар боюнча чыгымдар кирет жана төмөнкү беренече кирет:

**22171 Медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды алуу, т**өмөнкү элементтер кирет:

22171100 Медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды алуу;

22171200 Инсулин жана инсулиндүү препараттарды алуу;

22171300 Коргоо жана укук коргоо органдарына тийиштүү, ветеринардык каражаттарды жана кызматтык жаныбарларга керектүү заттарды алуу.

22171400 Медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды алууга компенсациялык төлөмдөр

**22172 Медициналык кызматтарды сатып алууга байланышкан чыгымдар**, төмөнкү элемент кирет:

22172100 Лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү сатып алуу үчүн чыгымдар.

22172200 Медициналык кызматтарды сатып алууга компенсациялык төлөмдөр

**2218 Тамак-аш азыктарын алуу,** төмөнкү беренелер кирет:

**22181 Тамак-аш азыктарын алуу,** төмөнкү элементтер кирет:

22181100 Тамак-аш азыктарын алуу;

22181200 Тамак-аш азыктарына төлөмдөрдү компенсациялоо;

22181300 Коргоо жана укук коргоо органдарына тийиштүү, кызматтык жаныбарларга жем алуу;

22181400 Эл аралык макулдашуулардын алкагындагы иш-чараларга катышуучу өлкөлөрүнүн аймактарындагы-союздаштарынын

Куралдуу күчтөрүнүн тартылган өздүк курамынын тамак-ашына кеткен чыгымдар кирет.

**2219 Кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгымдар,** төмөнкү беренелер кирет:

**22191 Кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгымдар**, төмөнкү элемент кирет:

22191100 Кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер менен берилген чыгымдар деп мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын чыгымдары эсептелет;

22191200 Башталгыч кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгымдар;

22191300 Орто кесиптик билим берүү системасында бирдиктүү беренелер тарабынан берилген чыгымдар.

**2221 Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар**, төмөнкү беренечени камтыйт:

**22211 Мүлктү учурдагы оңдоого**, негизги фонддорду техникалык тейлөөгө жана оңдоого чыгашалар таандык. Имараттарды, жайларды, курулмаларды (анын ичинде жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун тармактары), жабдууларды жана инвентарларды техникалык тейлөө жана учурдагы оңдоо, алар негизги фонддун наркынын же алардын иштөө мүнөзүнүн өзгөрүшүнө алып келбейт, жөн гана аларды иштөө абалында кармап турат же алар бузулуп калган учурда иштөө абалына кайра алып келет.

Төмөндөгү элементтерди камтыйт:

22211100 Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоо;

22211200 Курулмаларды учурдагы оңдоо;

22211300 Жабдууларды жана шаймандарды учурдагы оңдоо.

**2222 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу**, беренечени камтыйт:

**22221 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алууга**, машиналарды жана жабдууларды (колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз болгон, б.а. аз баалуу жана бат эскирүүчү товарлар жана предметтер) сатып алууга коротулуучу

чыгашаларга салыштырмалуу наркы өтө маанилүү эмес болгон, учурдагы муктаждыктар жана регулярдуу пайдалануу үчүн арналган товарларды (кымбат эмес) сатып алууга мекемелердин чыгашасы таандык. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22221100 Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу, колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз болгон, аз баалуу жана бат эскирүүчү товарлар жана предметтер, жабдууларды жана материлдарды сатып алуу чыгашалар эсепке алынат. Мисалы: телефондук аппараттарды, IP телефондорду, факстарды, жумуш инвентарларды жана слесардык инструментерди алуулар;

22221200 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды дагы башка сатып алуулар, кошо журуучу предметтер жана материалдарды сатып алууга кеткен чыгашалар, анын ичине кенсе товарларын жана буюмдарын, бөтөлкө куюлган ичүүчү сууну, ящиктерди, упаковкаланган материалдарды, күрөктүн сабы ж.б сатып алууга чыгашалар таандык.

**2223 Кийим буюмдарын жана башка формадагы жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо**, төмөнкү беренечени камтыйт:

**22231 Кийим мүлкүн жана башка формагы жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо**го, форма кийимдерин, бут кийимдерди, ошондой эле атайын приборлорду жана атайын шаймандануунy жана экипировканы сатып алуу, тигүү жана оңдоо боюнча чыгашалар таандык. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22231100 Кийим буюмун жана башка форма жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо;

22231200 Ченем боюнча берилүүгө тийиш болгон буюм мүлкүнүн ордуна акчалай компенсация.

**2224 Көмүр сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу**, беренечени камтыйт:

**22241 Көмүр сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу,** көмүр, жыгач, торфа ж.б. отундардын түрлөрүн сатып алууга чыгашалар кирет. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22241100 Таш көмүр сатып алуу;

22241200 Отундун башка түрлөрүн сатып алуу, а.и., жыгач, торф,күрөң көмүр, суюк отундун ар кандай түрлөрүн ж.б. сатып алууга чыгымдар, өз котелдери жана генератору менен жылуулук энергияны иштеп чыгарууга таандык.

**2225 Күзөт кызмат көрсөтүүсүн сатып алуу**, беренечени камтыйт:

**22251 Күзөт кызмат көрсөтүүнү сатып алуу**, жеке муктаждыктарды камсыз кылуу максатында юридикалык жана жеке мүлктү, маалыматтык технологиялар боюнча кызматтарды ж.б. сатып алууга чыгашалар таандык. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22251100 Ведомстводон тышкары күзөт кызмат көрсөтүүсүн сатып алуу;

22251900 Дагы башка күзөт кызмат көрсөтүүсүн сатып алуу.

**2226 Банктардын кызмат көрсөтүүлөргө жана мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгашалар**, беренечени камтыйт:

**22261 Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча банк кызматтарын төлөө чыгымдары**. Төмөнкү элементтерди камтыйт:

22261100 Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо;

22261200 Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу, жайгаштыруу жана тындыруу боюнча башка кызмат көрсөтүүлөр;

22261300 Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин тейлөө боюнча Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин улуттук жана чет өлкөлүк валютада жүргүзүлгөн банктык операциаларды кызмат көрсөтүү боюнча төлөөлөр. Анын ичинде Социалдык фонддун жана Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунун эсептерин тейлөө боюнча банктардын кызматын төлөөгө чыгымдар кирет.

**2227 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар**

**22271 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызматтарына акы төлөө боюнча чыгымдар** - пенсияларды жана жөлөкпулдарды, пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызматтарына акы төлөөгө чыгымдар таандык.

22271100 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызматтарына акы төлөөгө чыгымдар;

22271200 Пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөө боюнча коммерциялык банктардын кызматтарына акы төлөөгө чыгымдар.

**22272 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча почта кызматтарына акы төлөө боюнча чыгымдарга** – пенсияларды жана жөлөкпулдарды, пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөө боюнча почталык байланыш, атап айтканда «Кыргызпочтасы» МИ кызматтарына (акча каражаттарын почта аркылуу которуу) акы төлөөгө чыгымдар таандык.

22272100 Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча «Кыргызпочтасы» МИ кызматтарына акы төлөөгө чыгымдар;

22272200 Пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөө боюнча «Кыргызпочтасы» МИ кызматтарына акы төлөөгө чыгымдар.

**2231 Коммуналдык кызматтар** төмөнү элементтер кирет:

22311100 Сууга акы төлөө;

22311200 Электр энергиясына акы төлөө;

22311300 Жылуулук энергиясына акы төлөө, өз котелдери жана бюджеттик мекемелердин генератору менен жылуулук энергияны иштеп чыгаруу кызматтары кирбейт;

22311400 Газга акы төлөө.

**2235 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө**, беренечени камтыйт:

**22351 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө**, камтыйт:

22351100 Лифти пайдалануу үчүн акы төлөө;

22351200 Машина токтоочу жайлардын жана гараждардын ж.б. ижарасы үчүн акы төлөө кирет. Таштандыларды ташып чыгаруу жана казылган чуңкурларды тазалоо кирбейт (22152100);

22351900 Башка коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акыга 2231,2235-беренелерде классификацияланбаган коммуналдык кызматтарга, анын ичинде имараттарды жана курулмаларды күтүү боюнча эксплуатациялык чыгымдарга төлөөлөр боюнча чыгымдар таандык.

**24 Пайыздар**

**Пайыздар 24 категориясына тышкы жана ички булактардан алынган кредиттерге жана зайымдарга пайыз төлөө кирет.**

Пайыздар институттук бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш, алар өздөрүнө милдеттенмелердин белгилүү бир түрлөрүн, атап айтканда, депозиттер, акциялардан башка баалуу кагаздар, кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди, ошондой эле кредиттик карызды кабыл алышат. Бул милдеттенмелер мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги башка институттук бирдиктен каражаттарды зайымга алганда келип чыгат. Пайыздар чыгашалар болуп саналат, аны мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги негизги карыздын тындырыла элек суммасын пайдалануу үчүн тартат, башкача айтканда, кредитор тарабынан берилген экономикалык наркты тартат.

Пайызды төлөө боюнча чыгашалар милдеттенме келип чыккан буткүл мезгилдини ичинде тынымсыз чегерилип турат. Пайыздар чегериле турган ставка убакыттын ар бир бөлүгү үчүн карыздын негизги суммасынын тындырыла элек белгилүү бир үлүшү түрүндө, акчалай каражаттардын алдын ала сүйлөшүлгөн суммасы түрүндө, белгиленген индикатор боюнча аныктала турган акчалай каражаттардын өзгөрүлмө суммасы түрүндө, же болбосо саналып өткөн ыкмалардын айрымбир айкалышын пайдалануу менен белгилениши мүмкун. Пайыздар адатта алар боюнча чыгашалар чегерилгенден мурда төлөнбөйт. Башка сөз менен айтканда, эгерде кредит же зайым боюнча пайыздар ай сайын төлөнсө, адатта төлөнгөн сумма мурдагы ай үчүн чегерилген чыгаша болуп эсептелет. Төлөм жүзөгө ашырылган учурга чейин дебитордун кредитордун алдындагы жалпы милдеттенмеси пайыздарды төлөө боюнча чегерилген, бирок али жүргүзүлө элек чыгашаларынын суммасына жогорулайт. Мына ошентип, адатта пайыздык төлөмдөр деп болгон милдеттенмелеринин азайышын түшүнөбүз, анын бир бөлүгү пайыздарды төлөө үчүн чегерилген чыгашалардын натыйжасында келип чыгат. Индекстерге байланыштырылган баалуу кагаздардан башка - анын ичинде

ставкасы калкыма орточо мөөнөттүү облигацияларды кошкондо, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздар чегериле турган ставка, контракт түзүүдө жана зайымдык каражаттарды алууда аныкталат. Жөнөкөй учурда, акчанын белгилүү бир суммасы зайымга алынат, өткөн мезгил үчүн чегерилген, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын сумасына барабар телемдер мезгил- мезгили менен төлөнүп турат, контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин зайымдын алгачкы суммасы менен бирге пайыздарды акыркы төлөө жүргүзүлөт. Ар бир мезгилде төлөнүүгө тийиш болгон контрактта белгиленген, зайымдын өлчөмүнө көбөйтүлгөн, төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын өлчөмү пайыздык ставкага барабар болот. Ар бир мезгилдин акырында төлөм карыздын суммасын зайымдын баштапкы чоңдугуна чейин азайтат. Эгерде отчеттук мезгилдин акыры мезгилдүү төлөмдүн учуру менен дал келбесе, мезгилдин акырындагы милдеттенмелердин жалпы суммасында чегерилген, бирок али төлөнө элек пайыздардын суммасын камтыйт.

Векселдер жана нөлдүк купону бар облигациялар сыяктуу айрым финансылык шаймандардын өзгөчөлүгү ушундай милдеттенмени тындыруунун мөөнөтү келгенге чейин дебитордун кредиторго кандайдыр-бир төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга милдеттүүлүгүнүн жоктугу болуп саналат. Натыйжада дебитор бирдиктүү төлөм аркылуу өзүнүн милдеттенмелерин аткарган, ал зайымдын баштапкы суммасын, ошондой эле ушул милдеттенме келип чыккан бүткүл мезгилдин ичинде чегерилген жана топтолгон пайыздарды жапкан кезде, милдеттенмени тындыруу мөөнөтү келгенге чейин эч кандай пайыздык төлөмдөр төлөнбөйт. Ушул типтеги шаймандар дисконту бар шаймандар деп аталат, анткени зайымга алынган баштапкы сумма, тындырууда төлөнгөн суммадан аз болот. Контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин төлөнүүчү сумма менен башында карызга алынган сумманын ортосундагы айырма контракт колдонулган убакытка туура келген отчеттук мезгилдерге бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон пайыздарды билдирет. Ар бир мезгил үчүн чегерилген пайыздар дебиторлор тарабынан төлөнгөндөй, ал эми андан кийин ошол эле милдеттенменин кошумча суммасы катары карызга алынгандай болуп чагылдырылат. Мына ошентип, ар бир мезгилдеги эсепке алууда пайыздарды төлөөгө кеткен чыгымдап жана милдеттенменин жогорулашы чагылдырылат. Ушундай шайман

бир отчеттук мезгилден ашык орун алганда, пайыздардын жалпы суммасын калган мезгилдерге бөлүштүрүүнүн бир нече ыкмасы болот. Эң жөнөкөй жана кыйла кеңири жайылган мамилелердин бири пайыздык ставканы контракттын бүткүл мезгилинин ичинде туруктуу деп эсептөө болуп саналат.

Кредиттер жана зайымдар көбүнчө мезгилдүү төлөмдөр пайыздарды төлөөнү да,ошондой эле карыздын негизги суммасынын бир бөлүгүн тындырууну да камтыгандай кылып структуралаштырылат. Мезгилдүү төлөмдүн чегерилген пайыздардын чоңдугунан ашкан суммасы карыздын баштапкы негизги суммасынын өлчөмүн азайтат. Убакыттын өтүшү менен чегерилген пайыздардын төлөмдөрдөгү үлүшү улам азая берет, ал эми карыздын баштапкы негизги суммасын тындырууга багытталган каражаттардын үлүшү жогорулайт.

Индес менен байланыштырылган баалуу кагаздар - бул финансылык шаймандар, алар үчүн мезгилдүү төлөмдөрдүн жана/ же карыздын тындырыла элек суммасынын чоңдугу баалардын индексине же валюта курсунун индексине байланыштырылган. Эгерде индекске ставкасы калкыма орточо мөөнөттүү облигациялар сыяктуу мезгилдуу төлөмдөр байланыштырылса, ушундай төлөмдөрдүн бардык суммалары пайыздар деп эсептелет. Эгерде индекске карыздын негизги суммасы байланыштырылса, тындыруунун акыркы баасы менен жайгаштыруу баасынын ортосундагы айырма -тындыруу баасы алдын ала белгиленген дисконту бар баалуу кагаздар сыяктуу эле, актив орун алган буткул мезгилдин ичинде чегерилип келген пайыздар катары чагылдырылат. Практикада тиешелүү индекстин динамикасы менен шартталган айкын отчеттук мезгилдин ичинде карыздын тындырылбаган негизги суммасынын чоңдугу ушул мезгилде төлөнүүгө тийиш болгон ар кандай пайыздарга кошумча катары аталган мезгилде чегерилген пайыздар катары каралат. Дисконту бар шайман сыяктуу эле индекстештирүүнүн натыйжасында чегерилген пайыздар дебитор тарабынан төлөнгөндөй, ал эми андан кийин ошол эле милдеттенменин кошумча суммасы катары карызга алынгандай кылып чагылдырылат.

Төлөнө турган пайыздардын жалпы суммасы резидент эместерге (241) төлөнүүчү пайыздар, мамлекеттик башкаруу секторунан (242) тышкары резиденттерге төлөнүүчү пайыздар жана мамлекеттик

башкаруу секторундагы башка бирдиктерге (243) төлөнүүчү пайыздар деп бөлүнөт.

**2411 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө,** беренече кирет:

**24111 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча пайыздарды төлөө,** элемент кирет:

24111100 Чет өлкөлөрдөн жана эл аралык уюмдардан алынган зайымдар боюнча пайыздарды төлөө кирет.

**2421 Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө,** беренече кирет:

**24211 Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөөгө мамлекеттик башкаруунун секторлорунан сырткары,** төмөнкү элементтер кошулат:

24211100 Мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө;

24211200 Мамлекеттик узак мөөнөттүү баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөө, социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана жергиликтүү бюджеттин баалуу кагаздары боюнча пайыздарды төлөөдөн тышкары.

**2422 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө**, беренече кирет:

24221 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө, элемент кирет:

24221100 Индексацияланган суммалар боюнча калктын карызын төлөө.

**2431 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө**, беренече кирет:

**24311 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөөгө**, элемент кирет:

24311100 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине пайыздарды төлөө, анын ичинде Социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун

жана жергиликтүү бюджеттин баалуу кагаздары боюнча пайыздарды төлөө.

**25 Субсидиялар**

**25 Категория Субсидияларга өндүрүштүк ишмердүүлүктүн деңгээлдерине ылайык мамлекеттик бирдиктердин ишканаларына (туракжай-коммуналдык чарбасы, унаа уюмдары ж.б.) бөлүнгөн чыгымдар кирет.**

Субсидиялар бул ишканалардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн деңгээлинде алар өндүргөн, саткан, экспорттогон же импорттогон товардын же кызмат көрсөтүүнүн санына же наркына ылайык мамлекеттик бирдиктер жүргүзгөн ишканаларга кайтарымсыз учурдагы төлөөлөрдү көрсөтөт. Субсидиялардын максаты өндүрүштүн деңгээлине, сатуу баасына же ишкана алган сыйлыктарга таасир берүү болот.

Субсидиялар учурдагы трансферттер болуп эсептелет. Субсидиялар продукциянын айкын түрлөрүнө же жалпы өндүрүшкө төлөнүүшү мүмкүн. Продукциянын айрым түрлөрүнө субсидиялар – товардын же кызматтын бир бирдигине эсептелип төлөнө турган субсидия. Мындай субсидия товардын же кызматтын бир бирдигине эсептелген белгилүү бир акчалай сумманы билдириши, же болбосо товардын же кызматтын бир бирдигинин баасынын белгилүү бир пайызы катары алынган продукциянын наркына ылайык эсептелиши мүмкүн. Мындан тышкары, субсидия белгиленген пландык баа менен сатып алуучу тарабынан иш жүзүндө төлөнгөн рыноктук баанын ортосундагы айырма катары эсептелиши мүмкүн.

Субсидия юридикалык жактарга берилген бюджеттик каражат, товарларды, жумуштарды өндүрүүдө зыян тарткандарга төлөөсүз жана кайра кайтарылынгыз компенсациялоо кызматтары, өндүрүштүк иштерди иш жүзүнө ашырууда зыян тарткандарга, мамлекеттик экономикалык жана социалдык политиканын натыйжасында өндүрүштүк деңгээли орто чыгымдан ылдый болгон бааларды аныктоо.

Субсидиялар акыркы керектөөчүлөргө төлөнбөстөн, өндүрүүчүлөргө гана төлөнөт жана капиталдык трансферттер болуп эсептелбейт, учурдагы трансферттер гана болуп эсептелет. Мамлекеттик бирдиктер тарабынан керектөөчүлөр катары түздөн-

түз үй чарбаларына берилген трансферттер жана үй чарбаларын тейлеген коммерциялык эмес уюмдардын трансферттеринин көпчүлүк бөлүгү төлөм жүргүзүүнүн негизине жараша же социалдык пособиелер (27) же болбосо ар кандай башка чыгашалар (282) катары чагылдырылат. Мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктерине берилген трансферттердин көпчүлүгү гранттарга (26) таандык кылынат.Ишканаларга алардын капитал топтошун финансылоо максатында, аларга финансылык эмес активдерге келтирилген зыңды компенсациялоо катары же эки же андан ашык жылда топтолгон ири операциялык тартыштыкты жабуу үчүн берилген төлөмдөр ар кандай башка капиталдык чыгымдарга (2822) таандык кылынат.

Адегенде алуучунун мамлекеттик же жеке менчик өндүрүүчү болушуна жараша, андан кийин алуучу финансылык эмес же финансылык ишкана болушуна жараша классификацияланат. Алуучулардын эки тобу бар: мамлекеттик ишканаларга субсидиялар (251), жеке менчик ишканаларга субсидиялар (252).

**2511 Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидияларга**, беренече кирет:

**25111 Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидияларга**, элемент кирет:

25111100 Каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар кирет.

**2512 Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидияларга**, беренече кирет:

**25121 Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидияларга**, элемент кирет:

25121100 Каржылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар кирет.

**2521 Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидияларга**, беренече кирет:

**25211 Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидияларга**, элемент кирет:

25211100 Каржылык эмес менчик ишканаларга субсидиялар кирет.

**2522 Каржылык менчик ишканаларга субсидияларга**, беренече кирет:

**25221 Каржылык менчик ишканаларга субсидияларга**, элемент кирет:

25221100 Каржылык менчик ишканаларга субсидиялар кирет.

**26 Гранттар жана төгүмдөр**

**26 Категория Гранттар жана төгүмдөргө** төлөөсүз жана кайтарымсыз которуулар кирет. Мамлекеттик бир бирдиктен мамлекеттик башка бирдикке же чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө жана эл аралык уюмдарга милдеттүү эмес учурдагы же капиталдык трансферттерди көрсөтөт. Гранттар башталганда институционалдык бирдиктин грант алган түрүнө, андан кийин бул грант учурдагы же капиталдык болуп эсептелгендигине байланыштуу классификацияланат.

Грант алуучулардын үч тобу бар: чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө гранттар (261), эл аралык уюмдарга гранттар (262) жана мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине гранттар (263).

Учурдагы гранттар болуп аны алуучу кандайдыр бир активдерди алууга байланышпаган учурдагы чыгымдарды ишке ашыруу максатында берилет. Капиталдык гранттар грант алуучу актив алуусун, же кандайдыр бир активди же активдерди (материалдын жүгүртмө каражаттардын запасынан башка) алууга алуучу пайдаланып акча каражатын которуусун, же активди (материалдын жүгүртмө каражаттардын запасынан жана акча каражаттарынан башка) өткөрүп берүүсүн, же кредиторлор менен дебиторлор ортосундагы өз ара келишим боюнча милдеттенмелерди жойгондо, же башка институционалдык бирдик карызын өзүнө кабыл алганда каралат (бюджеттик классификация капиталдык гранттардын акчанын агымында формасы жоктугунан план эсептерде каралгандыктан, ар кандай капиталдык гранттардын акчанын агымындагы эсебин тактоо үчүн пайдаланылат).

**2611 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө учурдагы гранттарга**, кошулат:

**26111 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө учурдагы гранттарга**, кошулат:

26111100 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө учурдагы гранттар кирет.

**2612 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө капиталдык гранттарга**, кошулат:

**26121 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө капиталдык гранттарга**, кошулат:

26121100 Чет мамлекеттердин өкмөттөрүнө капиталдык гранттар кирет.

**2621 Уюмдарга учурдагы салымдар**, кошулат:

**26211 Эл аралык уюмдарга жана КМШ чектериндеги бирикмелерге мүчөлүк акы төлөөгө**, кошулат

26211100 Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акы төгүү;

26211200 КМШ чектериндеги интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк акы төгүү;

26211300 КР ЖӨБ органдарынын ассоциациясы, союздарына төгүмдөр;

26211900 Эл аралык уюмдарга башка кайтарымсыз которуулар.

**2622 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттарга**, кошулат:

**26221 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттарга**, кошулат:

26221100 Эл аралык уюмдарга капиталдык гранттар кирет.

**2631 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар**, төмөнкү беренелер кирет:

26311 Жергиликтүү бюджеттерге трансферттер;

26313 Социалдык фондго трансферттер;

26314 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер;

26315 Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттар.

**26311 Жергиликтүү бюджеттерге трансферттер** төмөнкүлөр кирет:

26311100 Теңөөчү трансферттери;

26311200 Максаттуу трансферттери;

26311300 Жергиликтүү бюджеттин деңгээлдеринин ортосундагы максаттуу трансферттер.

**26313 Социалдык фондго трансферттер**. Мыйзамдарга ылайык төлөп берүү булагы республикалык бюджет катары

белгиленген жеңилдетилген пенсияларды, пенсиянын базалык бөлүгүн, пенсияларга үстөк акыларды, компенсацияларды ж.б. төлөө боюнча Социалдык фондго республикалык бюджеттен берилген акча каражаттар эске алынат.

26313100 Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын базалык бөлүгү;

26313210 Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн жеңилдетилген пенсиялар;

26313220 Алыскы барууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн;

26313230 Көп балалуу энелерге жана тубаса майып балдардын энелерине пенсиялар;

26313300 Калктын айрым категориялары боюнча пенсиялар;

26313400 Аскер кызматкерлеринин пенсиялары;

26313500 Аскер кызматкерлеринин курман болуусунда, майыптык алуусунда милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу;

26313610 Электр энергиясы үчүн пенсияларга компенсациялык төлөмдөр;

26313620 Чернобыль АЭСте авариянын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, эмгектик мертинүү боюнча компенсациялык төлөмдөр;

26313630 Баткен облусунун чек ара аймактарында жашаган пенсионерлерге компенсациялык төлөмдөр;

26313700 Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын кабыл алуунун натыйжасында түзүлгөн Социалдык фонддун бюджетинин кошумча чыгашаларын же кирешелеринин жоготууларын компенсациялоо;

26313800 Пенсияларга үстөк акылар.

**26314 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер**, республикалык бюджеттен ММК фондунун бюджетине которулган каражаттар эске алынат, анын төлөө булагы, мыйзамдарга ылайык, республикалык бюджет болуп саналат.

26314100 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер.

**26315 Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттар**. ММК фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна, МТПФга (утурумдук түшүүлөр жана мурдагы жылдар үчүн карыздарды тындыруулар) жыйналган камсыздандыруу төгүмдөрүн өткөрүп берүү эске алынат.

26315100 Социалдык фондунун бюджетинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна берилүүчү каражаттар;

26315200 Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укукуктуу органга берилүүчү каражаттар;

26315300 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна берилүүчү каражаттар.

**26316 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар**

26316100 Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар.

**2632 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар**, төмөнкү элемент кирет:

26321100 Мамлекеттик башкаруунун секторлорунун башка бирдиктерине капиталдык гранттар.

**27 Социалдык жөлөкпулдар жана төлөмдөр**

**27 Социалдык жөлөкпулдар жана төлөмдөр** бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык, пенсиялык жана медициналык камсыздандыруу алкагындагы пособиелерди төлөөлөрдүн, анын ичинде мамлекеттик пенсиялык камсыздоо боюнча пенсиялардын чыгымдары кошулат. Социалдык пособиелер программалардын түрлөрүнө жараша, арасында социалдык камсыздоо программасы, социалдык жардам, социалдык камсыздандыруу программасы жана башкалар бөлүнүп төлөөлөр жүргүзүлгөнүнө карата классификацияланат. Социалдык пособиелер кээ бир социалдык тобокелчиликтен жарандардын айрым катмарларын, элдин бардыгын коргоо максатында акчалай же натуралдык формада трансферттер катары аныкталат. Социалдык тобокелчилик бул кирешелердин кыскарышынын жыйынтыгында каражаттарды сарптоого кошумча керектөөлөрдүн пайда болушуна байланыштуу белгилүү адамдардын мүлктүк абалына тескери таасир көрсөтө турган

окуя же убак. Мисалы, медициналык кызмат көрсөтүү, жумушсуздук жана социалдык камсыздоо боюнча пенсияларды берүү. Бардык социалдык пособиелер капиталдык эмес, учурдагы трансферттер болуп эсептелет.

**2711 Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар** төмөнкү беренелер жана элементтер кирет:

**27111 Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар,** төмөнкү элементтер кирет:

27111100 Калкты социалдык камсыздандыруу боюнча төлөмдөр: курагы, майыптыгы, баккан адамынан айрылгандыгы боюнча, өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн пенсиялардын, жеңилдетилген шарттарда пенсиялардын (көп балалуу энелер, бийик тоолуу, алыскы барууга кыйын райондор, №1, №2 тизме боюнча), эмгектик мертинүү боюнча зыяндын ордун толтуруу, эмгектин өзгөчө шарттары, пенсияларга үстөк акылардын, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу республикалык бюджеттин каражаттарынын жана иш берүүчүлөрдүн каражаттарынын эсебинен Социалдык фонд багыты боюнча төлөнүүчү компенсацияларды ж.б. бардык төлөмдөрү эсепке алынат;

27111200 Пенсионердин сөөгүн коюуга жөлөкпул. «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча пенсия алуучу пенсионерлерди көмүүгө жөлөкпулдардын төлөмдөрү эсепке алынат;

27111300 Аскер кызматкерлеринин пенсиялары. «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча дайындалган пенсиялар үчүн пенсиялардын, пенсияларга үстөк акылардын, компенсациялардын төлөмдөрү эсепке алынат;

27111400 Аскер кызматкерлери каза болгондо, майыптык алганда мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу боюнча төлөмдөр;

27111500 Пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө: камсыздандырылган адамдарга пенсияга чыкканда, республиканын чегинен тышкары туруктуу жашоого кеткенде, камсыздандырылган адам каза болгондон кийин мураскорлоруна пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөөнү каржылоо боюнча чыгымдар кирет;

27111600 Судьяларга ыйгарым укуктары токтотулганда бир жолку жөлөкпулдарды төлөөгө, эгерде судья белгиленген куруктын чегине жеткен болсо, белгиленген судьялык иш стажы бар болсо,

ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганына байланыштуу, ыйгарым укуктары токтотулганда судьяларга судья болуп иштеген ар бир толук жылы үчүн, акыркы кызмат орду боюнча орточо айлык эмгек акысынын негизинде, бирок анын жылдык эмгек акысынан кем эмес төлөмдөр боюнча чыгашалар кирет.

**27115 Калкка медициналык камсыздандыруу боюнча компенсациялык төлөмдөр**

27115100 16 жашка чейинки балдарды медициналык камсыздандыруу үчүн компенсациалык төлөмдөр;

27115200 Пенсионерлерди камсыздандыруу боюнча компенсациалык төлөмдөр;

27115300 Социалдык жөлөкпул, ошонун ичинде жаш кезинен майыптар үчүн медициналык камсыздандыруу үчүн компенсациалык төлөмдөр;

27115400 21 жашка чейинки студенттер үчүн медициналык камсыздандыруу үчүн компенсациалык төлөмдөр;

27115500 Жумушсуздарды медициналык камсыздандыруу үчүн компенсациалык төлөмдөр;

27115600 Аскердик кызматкерлерин медициналык камсыздандыруу үчүн компенсациалык төлөмдөр.

**272 Социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар** социалдык камсыздандыруу программасы жокто, социалдык камсыздандыруу программасына белгилүү адамдар катышпаган убакта, же анык керектүүлөрдү жабуу үчүн социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар жетишсиз болуп калган убакта төлөнөт. Социалдык жардам көрсөтүү боюнча жөлөкпулга адатта социалдык камсыздандыруу, мисалы, табигый кырсыктарга байланыштуу программалары менен жабылбай турган окуяларга же жагдайларга байланыштуу трансфеттер кирбейт (натуралдык түрдөгү социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар элге трансферттерден турат, өзүнүн мүнөзү боюнча натуралдык түрдөгү социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдарга окшош жана социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар сыяктуу эле берилет).

**2721 Элге социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар**га төмөнкү беренечелер жана элементтер кирет:

**27211 Элге социалдык жардам боюнча жөлөкпулга** төмөнкү элементтер кирет:

27211100 Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпул;

27211200 Бала төрөгөндө берилүүчү бир жолку жөлөкпул;

27211300 3 жашка баласы жеткенге чейин энелерге жөлөкпул;

27211400 Жумушсуздук боюнча жөлөкпул;

27211500 Калкка социалдык төлөмдөр;

27211600 Багуучуну жоготконго байланыштуу компенсациялык төлөмдөр;

27211700 Өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режиминин шартында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө же медициналык жардам көрсөтүү учурунда эмгектик милдеттерин аткарып жатканда инфекция жуккандан улам каза болгон саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык жана башка кызматкерлеринин үй-бүлөлөрүнө бир жолку төлөмдөр жана компенсациялар.

**27212 Башка социалдык жөлөкпул жана төлөөлөргө** төмөнкү элементтер кирет:

27212100 Убактылуу ишке жарамсыздык боюнча жөлөкпул;

27212200 Боюнда болгондо жана төрөгөндө жөлөкпул;

27212300 Ритуалдык жөлөкпул төлөөлөр (көргө коюуга);

27212400 Убактылуу турак жайды жалдоо үчүн аскер кызматчыларына, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жана судьяларына компенсациялык төлөмдөр.

27212500 Ипотекалык кредиттөө үчүн компенсациялык төлөмдөр

27212900 Дагы башка социалдык жөлөкпулдар жана төлөмдөр

**27213 Элге жеңилдиктерге** төмөнкү элемент кирет:

27213100 Элге жеңилдиктер.

**27214 Социалдык камсыздоо боюнча башка чыгымдар**га, төмөнкү элементтер кирет:

27214100 Кесиптик окууга чыгымдар;

27214200 Коомдук иштерди уюштурууга чыгымдар;

27214300 Микрокредиттөөгө чыгымдар;

27214400 Жумуш ордуна чек.

**27215 Ден соолукту чыңдоо чараларына багытталган чыгымдар**, төмөнкү элементтер кирет:

27215100 Кызматчылардын жана үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн ден соолукту чыңдоочу чараларга багытталган чаралар;

27215200 Ар дайым багууга жана көзөмөлгө муктаж болгон, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балага жеке ассистентке чыгымдар.

**27216 Кайтарылбас жардам, калктын жаратылыш кырсыгынан жабыр тарткандарга**, төмөнкү элемент кирет:

27216100 Табигый кырсыктардан жана демографиялык мүнөздөгү кырсыктардан жабыр тарткан калкка төлөмдөрдү эске алганда табигый кырсыктардан жабыр тарткан калкка кайтарылбас жардам.

**28 Башка чыгымдар**

28 Башка чыгымдарга мамлекеттик бийлик органдарынын, же алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринен (аракет жасабаганынан) келтирилген зыянды, сот органдарынын чечими боюнча моралдык зыянды калыбына келтирүү, соттордун чечимдерине ылайык доогерлерге акчалай компенсацияларды төлөө кирет. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын резервдик фондунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын жана башка аткаруу бийлик органдарынын резервдик фонддорун түзүүгө каражаттар пландаштырылат. Эгерде белгиленген тартипте көрсөтүлгөн резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу жөнүндө чечим кабыл алынса, алар тармактарга жана мекемелерге тийиштүүлүгүнө жараша функционалдык классификациянын бөлүмдөрүнө ылайык көрсөтүлөт.

Ошондой эле чыгымдардын бул категориясына комиссиялык төлөм, тейлөө үчүн төлөм, администрациялоо үчүн төлөм сыяктуу төлөмдөр, чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча бир жолку жыйымдар кирет.

Жогоруда аталган төлөмдөр институциялык бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш, ал милдеттенмелердин белгилүү бир түрүн, атап айтканда чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат. Бул милдеттенмелер мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиги башка

институциялык бирдиктен карыз каражатын алганда пайда болот. Бир жолку жыйымды кошпогондо бул төлөмдөр кредиторлор тарабынан берилген зайымдын өздөштүрүлбөгөн суммасын пайдаланбоо үчүн мамлекеттик башкаруу секторунун бирдигине ээ болгон чыгым болуп саналат.

Бир жолку жыйымдар институциялык бирдиктер тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон бир жолку төлөмдү түшүндүрөт, ал милдеттенмелердин белгилүү бир түрүн атап айтканда чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди өзүнө алат.

Эмгек акы төлөөгө, өз керектөөлөрү үчүн мекемелердин кызматын пайдаланууга, мамлекеттик карыздардын милдеттенмелерин тейлөөгө, бюджеттик каражаттардын эсебинен төлөөсүз жана кайтарымсыз трансферттерди уюмдарга, социалдык камсыздоо жүргүзгөн бюджеттерге берүүгө чыгымдар кошулбайт.

**2821 Башка классификацияланбаган чыгымдар**, төмөнкү беренечелер жана элементтер кирет:

**28211 Стипендиялар**, элемент кирет:

28211100 Стипендиялар, билим берүүгө стипендиялар жана башка жөлөкпулдар эсепке алынат.

**28212 Туура эмес чегерилген акча каражаттарын которуу**

28212100 МПТФдан туура эмес чегерилген акча каражаттарын которуу;

28212200 Пенсиялык фонддон туура эмес чегерилген акча каражаттарын которуу.

**28213 Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча башка төлөмдөрдү төлөө**

28213100 Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча башка төлөмдөрдү төлөө. Чет мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча (комиссиялык төлөм, тейлөө үчүн төлөм, администрациялоо үчүн төлөм, бир жолку жыйымдар ж.б.) башка төлөмдөрдү төлөө.

**28217 Натыйжага багытталган милдеттенмелерди аткаруу боюнча башка чыгымдар**

28217100 Натыйжага багытталган милдеттенмелерди аткаруу боюнча башка чыгымдар.

**28219 Башка классификацияланбаган чыгымдар**

28219100 Башка классификацияланбаган чыгымдар, башка категорияларга киргизилбеген башка чыгымдар эсепке алынат, анын ичинде алуучуларга кийин берүү үчүн - накталай формада кайрымдуулук уюмдарына трансферттер - тамак-аш продуктулар, кийим, жууркан жана дары-дармектер; табигый кырсыктардан улам жаракаттар же зыяндар үчүн компенсация катары төлөмдөр; мамлекеттик башкаруу секторунун бирдиктери тарабынан келтирилген жеке жактардын жаракаттары үчүн же жеке зыяндары үчүн, өмүрдү камсыздандырууга тиешеси жок, камсыздандыруунун ордун толтуруу жөнүндө талаптар боюнча төлөмдөрдөн тышкары компенсация тартибиндеги төлөмдөр; ар түрдүү жагымсыз окуялар же бөөдө кырсыктар учурунда жабууну камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу компаниялары тарабынан төлөнүүчү камсыздандыруу өмүрдү камсыздандыруу боюнча сыйакылардан тышкары сыйакы.

**2822 Капиталдык ар кандай башка чыгымдар**, элементти камтыйт:

28221100 Капиталдык ар кандай башка чыгашалар. Финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча сарптоолорду толук же жарым жартылай жабууга үй чарбаларын тейлөөчү рыноктук ишканаларга жана коммерциялык эмес уюмдарга акчалай же натуралдык түрдөгү капиталдык трансферттер, ири операциялык тартыштыкты жабууга, эки же бир жылдан ашуун топтолгон, карызкор менен өз ара макулдашуу же карызды кабыл алуу боюнча карызды жокко чыгаруу.

**2823 Сот чечимин аткаруу** төмөндөгү беренечени жана элементти камтыйт:

**28231 Сот чечимин аткаруу**, элементтерди камтыйт:

28231100 Мамлекеттик бийлик органдардын мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) менен келтирилген зыяндын ордун толтуруу чыгашалар кирет, сот органдарынын чечими боюнча моралдык зыяндын ордун толтуруу, аларга соттун тийиштүү чечими

боюнча, колдонуудагы статустук нормалар жана жалпы укук же квазисоттук органдардын сот чечими боюнча салынуучу доогерлерге акчалай компенсация, айыптар жана туумдар;

28231200 Ээлеген кызмат ордунан мыйзамсыз бошотулган кызмат адамдарына компенсациялар. Ээлеген кызматынан мыйзамсыз бошотулган кызматтык адамдарга компенсация төлөп берүү эсепке алынат.

**2824 Резервдик фонддор** беренечени жана элементтерди камтыйт:

**28241 Резервдик фонддор**

28241100 Резервдик фонддор Республика боюнча жүргүзүлгөн экономикалык, социалдык, маданий жана башка мамлекеттик иш-чаралар боюнча күтүлбөгөн чыгымдарды жабуу үчүн чыгымдар тийиштүү, ал тийиштүү жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджетин түзүүдө жана бекитүүдө эске алынбаган, анын ичинде төмөнкү максаттарга:

− Табигый кырсыктарды жана өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча маселелерди ыкчам чечүү;

− Мамлекеттик жана муниципалдык менчикте болгон социалдык-маданий обьекттер жана инфраструктуралардын жарым жартылай финансылык колдоо жана материалдык техникалык базасын оңдоо жана жакшыртуу;

− Расмий даталарга арналган республикалык масштабда иш чараларды өткөрүү;

− Спорттук мелдештерди жана маданий-массалык иш чараларды жүргүзүүдө финансылык колдоону көрсөтүү;

− Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана катышуучуларына, эмгек ардагерлерине, Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө жана гүлдөөсүнө салым кошкон Кыргыз Республикасынын белгилүү адамдарына, оор турмуштук абалда болгон аялуу калк катмарына, бир эле учурда үч жана андан көп бала төрөгөн аз камсыз болгон үй –бүлөлөргө, ошондой эле Жогорку Кеңештин, Президенттин Аппараттарында жана Министрлер Кабинетинде 10 жыл жана андан ашуун иштегендерге бир жолку материалдык жардам көрсөтүү;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Президент Аппаратынын жана Министрлер Кабинетинин кызматкерлерине материалдык-техникалык камсыздоо жана материалдык жардам көрсөтүү;

− Республикалык социалдык, маданий-массалык жана башка иш-чараларды даярдоодо жана жүргүзүүдө кошумча финансылык жардамды көрсөтүү;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын чечимдерине ылайык социалдык-маданий маанидеги жана кечиктирилгис каржылоону талап кылуучу максаттарга;

− Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын чечимдерине ылайык башка максаттарга.

28241200 Социалдык фонддун Резервдик фонду. Социалдык фонддго жана анын региондук органдарына жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча алардын финансылык туруктуулугун камсыздоого, ишин жакшыртууга багытталган максаттарга жана иш чараларга Социалдык фонддун Резервдик фондунун чыгымдары эске алынат. Мындан сырткары, пенсия, сөөк коюуга жөлөкпулдарды төлөө, кайрымдуулук иш чараларын, Мамлекеттик программалардын алкагында өткөрүлгөн иш чараларды каржылоо, консультациялык жана жарнама материалдарды ММКга жарыялоо боюнча чыгымдарды каржылоо, пенсиялык саясат боюнча адабияттарды сатып алуу боюнча чыгымдар жүргүзүлөт.

**2825 Пенсиялык топтомо каражаттарды өткөрүп берүү**

**28251 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду тарабынан пенсиялык топтомо каражаттарды өткөрүп берүү** төмөнкү элементтерди камтыйт:

28251100 Пенсиялык топтомо каражаттарды башкаруучу компанияларга ишеним башкарууга өткөрүп берүү. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкаруучу компанияларга ишеним башкарууга өткөрүп берилген камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтомо каражаттары эске алынат;

28251200 Пенсиялык топтомо каражаттарды топтомо пенсиялык фонддорго өткөрүп берүү. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык топтомо пенсиялык фонддорго өткөрүп берилген камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтомо каражаттары эске алынат;

28251300 Мамлекеттик эмес пенсиялык фонддорго пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго өткөрүп берилген пенсиялык топтомо каражаттарын кайтарып берүү үчүн каражаттар эске алынат.

**2826 Пенсиялык топтомо каражаттарды инвестициялоо боюнча чыгымдар**, беренечени жана элементтерди камтыйт:

**28261 Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун пенсиялык топтомо каражаттарын инвестициялоо боюнча чыгымдар**, төмөнкү элементтерди камтыйт:

